К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасы

Кол жазма укугунда
УДК: 821.581:82-3(575.2)(043.3)

МАМБЕТАЛИЕВА САТКЫН ЧОЛПОНКУЛОВНА

КЫТАЙ ЖОМОКТОРУН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КОТОРУУДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи: ф.и.д., профессор Караева З.К.

БИШКЕК – 2022

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ.....3
I БАП. КЫТАЙ ЖОМОКТОРУНУН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ ЖАНА ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.....7
1.1. Кытай тил илиминде жомоктордун иликтениши жана кытай жомокторунун өнүгүү этаптары.....8
1.2. Кытай жомокторунун Орусияда иликтениши.....17
1.3. Кытай жомокторунун батыш өлкөлөрүндө жана Японияда иликтениши.....24
1.4. Кытай жомокторунун кыргыз тилинде иликтениши.....34
Биринчи бап боюнча жыйынтыктар 36
II БАП. КЫТАЙ ЖОМОКТОРУН ЖАНА АЛАРДЫ КОТОРУУНУ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДИКАСЫ.....39
2.1. Кытай жомокторун жана алардын котормолорун изилдөөнүн методологиясы.....39
2.2. Кытай жомокторун жана алардын котормолорун изилдөөнүн методдору.....45
Экинчи бап боюнча жыйынтыктар.....53
III БАП. КЫТАЙ ЖОМОКТОРУНА ЖАНА АЛАРДЫН КОТОРМОЛОРУНА ЛИНГВОПОЭТИКАЛЫК АНАЛИЗ.....55
3.1.Кытай жомокторундагы фонетика-фонологиялык каражаттар жана алардын которулушу.....55
3.2. Кытай жомокторун кыргыз тилине которууда морфологиялык каражаттардын берилиши.....66
3.3. Кытай жомокторун кыргыз тилине которууда лексикалык каражаттардын берилиши.....82
3.4. Кытай жомокторун кыргыз тилине которууда синтаксистик каражаттардын берилиши.....90
3.5. Кытай жомокторунун кыргыз тилиндеги котормолоруна стилистикалык анализ.....97
3.6. Кытай жомокторунун кыргыз тилиндеги котормолоруна адабий анализ..... 112
3.7. Кытай жомокторунун кыргыз тилиндеги котормолоруна семиотикалык анализ 118
3.8. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуунун ыкмалары.....130
Үчүнчү бап боюнча жыйынтык 150
КОРУТУНДУ.....152
КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР.....156

КИРИШҮҮ

2022-жылы Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгы болуп өттү. Кытай Республикасы - башка өлкөлөр менен болгон экономикалык, саясий жана маданий байланыштарды ар тараптан колдогон мамлекет. Ошол себептен кытай тилин үйрөнүү азыркы учурдун башкы талабы болуп калды. Тилди окуп-үйрөнүү процессинде үйрөнүп жаткан тилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрүн гана эмес, маданий өзгөчөлүктөрүн, тарыхын кароо - башкы талаптардын бири. Мындай жагдайда биздин изилдөөбүздүн темасына ылайык фольклордук жана адабий салттардын данакерлешинен жаралган жанр - жомокторду изилдеп билүү биз үчүн абдан зарылдыкты түздү. Ансыз аталган тилдердин табиятын, түпкү өзгөчөлүктөрүн, жомоктор аркылуу көрсөтүлгөн улуттун маданиятын, тарыхын толук таанып билүү, терең окуп-үйрөнүү мүмкүн эмес.

Изилдөөнүн актуалдуулугу. Коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабында эл аралык мамилелер жана экономика, илим жана маданият чөйрөсүндөгү кызматташтык кеңейүүдө. Аны менен бирге котормонун маданияттагы, коомдук өнүгүштөгү ролу жана анын сапатына болгон талап кыйла жогорулады.

Жомоктордо элдин дүйнө таанымы, турмуш-тиричилиги, табигый шарттары, үрп-адаттары чагылдырылат. Сыйкырдуу образдардын, элементтердин идеясы адамдарды адепке, ыйманга үндөп, ата-бабалардын басып өткөн тажрыйбасын урпактарга өткөрүп берүү максатын көздөйт. Ар бир элдин жомоктору улуттук каада-салттарга, ишенимдерге жана үрп-адаттарга туура келген элементтер менен негизделет. Ошондуктан жомоктордун адамдын дүйнө таануусуна болгон эстетикалык жана дидактикалык баалуулугу бийик. Бир тилден экинчи бир тилге жомокторду которуу аркылуу башка элдин тилдик жана дүйнө таанымдык өзгөчөлүгүн таанууга болот. Тектеш эмес тилдердеги тексттерди которуу жана андагы тилдик, маданий өзгөчөлүктөрдү аныктоо чоң эмгекти талап кылат.

Кытай тилиндеги жомоктордун кыргыз тилине которуу жолдору биринчи жолу илимий жактан иликтөөгө алынып жаткандыгы иштин актуалдуулугун айгинелейт.

Диссертациялык иштин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышы: К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын негизги илимий-методикалык изилдөө иштери менен байланышат.

- кытай жана кыргыз жомоктору аркылуу берилген эки маданияттын элинин дүйнө таанымындагы өзгөчөлүктөрүнүн белгилениши.

Изилдөөнүн теориялык мааниси. Илимий изилдөөнүн натыйжалары, бүтүмдөрү кыргыз жана кытай тилинин грамматикасын теориялык жактан салыштырып окутуусуна база болуу менен, фольклористикада, тектеш эмес тилдердин типологиясын, салыштырма лексикологияны, стилистиканы жана грамматиканы окутууда теориялык база болуп бере алат.

Изилдөөнүн практикалык мааниси. Изилдөөнүн натыйжаларын кытай тилин жана кытай адабиятын үйрөтүүдөгү практикалык сабактарда, кытай тилинин грамматикасынын, стилистикасынын, лексикологиясынын окутууда кошумча материал катары кеңири колдонууга болот.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. Кытай тилиндеги жомоктордун кыргыз тилине которулушу кыргыз коомчулугуна кытай элинин маданияты, дүйнө таанымы тууралуу маалымат берет.
2. Кытай жомокторун которуудагы адекваттуулукту сактоодо тектеш эмес тилдердеги каражаттардын формалдык жана семантикалык структуралары түрдүү мүнөзгө ээ.
3. Кытай жомокторун которуу процессинде лингвистикалык каражаттарды берүүдө морфологиялык, лексикалык, синтаксистик жана текстик денгээлдеги алмаштыруулар, түрдүү трансформациялар колдонулат.
4. Кытай жомокторун кыргыз тилине которууда экстралингвистикалык

релеванттуулуктарын, б.а., маданий, психологиялык, топологиялык, тарыхый, эстетикалык, прагматикалык, социалдык, семиотикалык, когнитивдик релеванттуулуктун ролдору чоң.

5. Кытай тилиндеги жомокторду кыргыз тилине которууда улуттук жана маданий өзгөчөлүктөргө байланышкан өзгөчө тилдик каражаттар бар.

6. Жомокторду которуу көркөм котормодо өзгөчө орунду ээлейт, лингвистикалык жана экстралингвистикалык релеванттуулуктар эске алынат.

Изденүүчүнүн жеке салымы. Кытай эл жомокторун кыргыз тилине которуудагы теориялык жана практикалык маселелер, эки улуттун жомоктор аркылуу маданиятындагы жана дүйнө таанымындагы өзгөчөлүктөр илимий жактан биринчи жолу изилдөөгө алынып жатат.

Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы. Иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча республикалык, аймактык, илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларында баяндамалар жасалып, талкууланды. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын толук чагылдырган 1 усулдук колдонмону, 1 кытай тилин өздөштүрүүчү студенттерге өз алдынча үйрөнүүсү үчүн кытай жомокторуна негизделген көркөм тексттер, 13 макаланы жарыялоо үчүн негиз болду.

Иштин көлөмү жана түзүлүшү. Иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

I БАП. КЫТАЙ ЖОМОКТОРУНУН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ ЖАНА ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Байыркы мезгилдерден бери эле ата-бабалардан калган турмуштук тажрыйбаны кийинки муундарга өткөрүп берүү — татаал процесс. Бул процесс элдин, улуттун каада-салттары, үрп-адаттары, маданияты, тарыхы аркылуу ишке ашат. Аны ар кайсы мезгилде түшүнүктүү кылып жана кандай кырдаал болбосун ылайыктуу кылып жеткирүү керек болгондуктан, фольклордук жанрлар колдонулган. Бул үчүн эң ылайыктуу жолду фольклордон табабыз. Фольклор жалпы эле көркөм адабияттагы элдик оозеки чыгармачылыктын жана жазма адабияттын жыйындысы.

Фольклордун эң популярдуу көрүнүштөрүнүн бири - жомоктор. Жомок - оозеки чыгармачылыкта кеңири тараган, көбүнчө ойдон чыгарылган, апыртмалуу, фантазияга бай, сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү чыгарма [6, 88-б.].

Жомоктордо элдин дүйнө таанымы, турмуш-тиричилиги, табигый шарттары, үрп-адаттары чагылдырылат. Жомоктогу сыйкырдуу образдардын, элементтердин идеясы адамдарды адепке, ыйманга үндөп, ата-бабалардын басып өткөн тажрыйбасын урпактарга өткөрүп берүү максатын көздөйт. Ар бир элдин жомоктору улуттук каада-салттарга, ишенимдерге жана үрп-адаттарга туура келген элементтер менен негизделет. Ошондуктан жомоктордун адамдын дүйнө таануусуна болгон эстетикалык жана дидактикалык баалуулугу бийик.

Тематикасынын мүнөзүнө, чыгыш, пайда болуу дооруна карата жөө жомоктор өз ара айбанаттар жөнүндөгү, укмуштуу же кереметтүү, турмуштук жөө жомоктор болуп бөлүнөт. Мейли айбанаттар жөнүндөгү жөө жомокторбу, мейли сыйкырдуу же кереметтүү жөө жомокторбу, мейли турмуштук жөө жомокторбу - айтор, бардыгы элибиздин тарыхын барактап ачып берет, жаратылыш менен адамдын ортосундагы карым-катнаш, адамдын тотемдик, анимисттик, мифологиялык түшүнүктөрү, оң менен терстин күрөшү ж. б. ачык сүрөттөлөт [6, 7-б.].

1.1. Кытай тил илиминде жомоктордун иликтениши жана кытай жомокторунун өнүгүү этаптары

Кытай жомокторунун изилдөө тарыхында белгилүү бир карама-каршылыктарды жолуктурууга болот. Кытай элдик оозеки чыгармалардын эки миң жылдан ашык жазылганы менен, жомокторду жыйноо жана жазып алуу эмгектери кечирээк башталганы айтылат. К.И. Голыгинанын божомолдоосу боюнча жомок оозеки прозанын жанры катары VII кылымда эле калыптанган [28, 17-б.].

Жомок байыркы мезгилде эле болгон жана маанилүүлүгүн жоготкон эмес, бирок жомок үйрөнүү, чогултуу иштери XX кылымдын башында 1911-жылдагы Синьхай төңкөрүшүнөн кийин гана башталган. Мындай абалдын болушу ошол мезгилде фольклористиканын илим катары өнүкпөгөндүгү гана эмес, заманга жараша Конфуций илимине байланыштуу ыр саптуу прозанын өнүгүүсү чоң себеп катары белгиленет.

Көптөгөн кытай жомоктору кытайлык фольклористтер тарабынан 1920-1930-жылдары чогултулган жана «Фуню цачжи» («Айымдар»), «Шаонянь цачжи» («Жаштык»), «Миньсу» («Фольклор») журналдарына жарык көргөн, мисалы: Дун Сычжан. Гуанбо учжи (буюмдардын толук сүрөттөлүшү). - Тайбэй, 1927-жыл; Чжу Юйцзунь. Миньцзянь шэньхуа цюаньцзи (Сыйкырдуу жомоктордун толук жыйнагы). - Шанхай, 1933-жыл; Лин Лань. Сянсы шу (Жалгызсыраган бак). - Шанхай, 1934-жыл жана башкалар. Бирок ошол мезгилдеги элдик жанрдагы ар кандай чыгармалар (жомоктор, мифтер, легендалар) кылдаттык менен тандалса да, алардын авторлору такталган эмес, мындай учурда жөн гана материал табылган аймагы көрсөтүлгөн, кийинчерээк жазылган жомокторго жыйноочулардын аттары жазыла баштаган. Ошол мезгилден баштап, элдик жомоктор жыйноочулардын жана изилдөөчүлөрдүн назарын өзүнө бурган.

Кытайда жомокторду изилдөөгө биринчилерден болуп Лу Синь кайрылган. Кытай искусствосунун прозасынын лекция конспекттеринде ал тарабынан 1920-1924-жылдары изилденип, 1923-жылы китеп болуп жарыяланган [153, 111-б.]. Бул китепте «Жомоктор» бөлүмү өзгөчө белгиленип, Кытайда алгачкы

жомоктордун келип чыгуусу боюнча терең изилдейт. Бөлүмдүн материалдык позициясын - эң алгачкы кытай жомокторунун пайда болушу тууралуу, кээ биринин жоголуп кетиши жөнүндө жана байыркы жомокторду изилдөө булактары боюнча актуалдуу иликтөөлөр түзөт. Мына ушул окумуштуу - Лу Синдин эмгегинен кийин кытай адабиятында байыркы жомокторго орун берүү жана изилдөө, чогултуу иштери салтка айланган.

Байыркы жомокторду изилдөө темасына кытай окумуштуусу Шэнь Янь-бин (Мао Дунь 茅盾) өзүнүн эмгектерин арнаган. Анын жомокторду изилдөөгө болгон каалоосу англиялык окумуштуу Вернердин элементардуу илим талаптарына жооп бербеген кытай фольклору боюнча китептери менен таанышкандан кийин пайда болгон. Дал ушул убакта кытай адабиятчылар менен жомокторду изилдеген кытайдын окумуштууларынын катарына профессор Гу Цзе-ган дагы кошулган. Гу Цзе-ган жомоктор тууралуу жазылган илимий эмгектердеги орунсуз түшүнүктөргө каршы чыгып, жазма булактарга өтө чоң маани берген. Мисалы, жомоктордо каармандын ысымы жок болсо да, колдо бар булактарды изилдөө учурунда, бул каарман белгилүү баатыр экендигин тастыктаган материалдар табылган. Гу Цзе-ганын изилдөө ыкмасы өтө жөнөкөй, бирок жыйынтыктуу, ийгиликтүү болгон. Окумуштуунун кытай фольклоруна болгон бирден-бир салымы ага чейин изилденген эмгектерге гана таянбастан, изденип, көптөгөн уламыштарды, уламыштагы каармандардын ысымдарын, деталдарын анализдеп, окурманга жеткизгендигинде. Мисалы, Юйдун ташкын суу менен болгон күрөшүндө канча жол жүрүүгө туура келген деген маалымат «Тоо менен деңиздер каталогун» анализдөөнүн натыйжасында белгилүү болгон. Баатыр суу кубулуштары менен канча жыл күрөшкөнүн башка маалымат булактарынан алып, биздин күндөргө жеткен «Да Юйдун суу ташкыны менен болгон күрөшү» деген уламышты жазып чыгып, анализдеген.

Коомдук илимдердин өнүгүүсү менен катар эле Кытайда жомокторду изилдөө өнүктү. Археологдордун иштери хандык искусствонун дизайны жана изилдөөлөрдүн илимий чечмелөө үчүн зарыл болгон иштердин табылышы да өнүгүүгө зор түрткү берген. Линь Хуэй-сяндын белгилүү «Ойдон чыгарылган

окуя» (1939) китеби окурмандардын уламыштардан келип чыккан диний теорияларды түшүнүүсүнө жардам берет [28, 45-48-бб.]. Изилдөөчү антропология илиминин алкагында дүйнөдөгү элдердин маданиятынын ортосундагы асман телолору жөнүндө уламыштарды салыштырып, англис этнологу Э.Б.Тэйлордун көз карашынын негизинде материалдарды анализдеп, карап чыккан.

Белгилүү акын, мыкты сынчы жана филолог Вэн Идо кыязы, кытай жомокторун изилдөөгө адабий фольклорист катары да, этнограф катары да, филолог-лингвист, байыркы тил жана байыркы жазуу боюнча адис катары да биринчилерден болуп келген. Вэн Идонун иликтөөсүндөгү мурунку изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен айырмалаган биринчи нерсе - Түштүк-батыш жана Түштүк Кытай элдеринин (мяо, яо ж.б.) фольклорунан алынган материалдардын көп болушу, ошондой эле археологиянын жана сүрөт искусствосунун далилдерин изилдөө үчүн дүйнөдөгү башка элдердин фольклорунан да мисал келтирүүсү болуп саналат.

Вэн Идо кытай жомокторуна байланышту бир нече изилдөөлөрдү жараткан. Алардын эң негизгиси “Фу-си жөнүндө иликтөөлөр” деген басылма. Бул эмгегинде илимпоз примитивдүү коомдун тарыхы жөнүндө чыныгы билимге негизделген, кытай жомокторунун көптөгөн суроолорун жаңыча чагылдырып, эң байыркы текстерге гана таянып, жомоктордогу образдары жөнүндөгү изилдөөлөргө ишене албай тургандыгын жарыялаган.

Вэн Идонун ишеничтүү түрдө айтканы боюнча, эң алгачкы текстерде кытай жомокторунун чыныгы мазмуну толук кандуу сүрөттөлүп берилген эмес. Вэнь Идо изилдеген “Фуси жана Нюйва” деген уламыштын анализи көп талкуу жараткан. Эң байыркы жазууларга ылайык, алар бир тууган болушат, ал эми кийин изилденүүчү эстеликтеринен алынган маалыматтар боюнча күйөө жана аял деп жазылган. Вэн Идо археологиялык казуулардын материалдарындагы, Кытайдын түштүк-батыш элдеринин ошол эле каармандар жөнүндөгү уламыштарындагы жана этнографиянын салыштыруу маалыматтарындагы материалдарды изилдеп чыгып, Фуси менен Нюйва бир тууган экенин далилдеп

бере алган. Ташкын сууда аман калган бир туугандар кийин күйөөсү жана аялы болуп, адамзаттын тукум улоосуна шарт түзүшкөн.

Ушундай изилдөөлөр менен катар, Вэн Идо ажыдаардын образын жаңыча чечмелеп берген. Изилдөөчү ажыдаар кытай элинин маданиятында биринчи ата-тотемдик образы катары пайда болгонун жана деталдары ар башка, бирок маңызы боюнча бирдей болгон: бардык жерде жыландын сөлөкөтү кездешет. Байыркы изилдөө материалдарында да Фуси жана Нюйва адам башы менен жыландын сөлөкөтү катары сүрөттөлгөнү бекеринен эмес жана алардын куйруктары көбүнчө бири-бирине жабышып турат, себеби жомоктогу бул образ нике түгөйүнүн биримдигин билдирет. Вэн Идо кытайлардын диний ишенимдеринин эң алгачкы баскычын изилдеп, байыркы адамдар жаныбарларга сыйынышкан деген жыйынтыкка келген. Демек, байыркы кытай эли Фуси менен Нювага да кудай катары сыйынышкан, тарыхта мындай этап диний ишенимдин, элдин кудайга сыйынуусунун экинчи баскычы деп белгилеген. Ал эми биринчи баскычы, жогоруда айтылып кеткендей, шаманизмди түзөт.

Вэн Идо «Ажыдаар жана феникс» аттуу чакан изилдөөнүн жыйынтыгында ажыдаар байыркы “ся” урууларынын тотеми болсо, анда феникс “инь” урууларынын тотеми-кудайы болгон деп ырастап түшүндүрмө берген [8, 83-б.].

Вэн Идонун эмгектериндеги жомокторду изилдөөлөрүн инновациялык мүнөзү, татаал тарыхый-филологиялык жана фольклордук-этнографиялык изилдөө ыкмасынын жогорку илимий деңгээли жана жемиштүү жыйынтыгы менен белгилеп айтышат. Вэн Идонун эмгектери азыркыга чейин ушул жаатта эң мыкты иш деп табылууда.

Вэн Идо өзүнүн изилдөөлөрүн отузунчу жылдын аягында, кыркынчы жылдын башында жазган. Болжол менен ошол эле убакта кытай тарыхчысы Сюй сюй-шэн да жомокторду изилдөөгө кызыга баштаган. Анын изилдөөлөрү «Байыркы Кытай тарыхынын легендарлуу доору» (1939) деген китебинде басылып чыккан. Мына ушул китепти анализдөө максатында окумуштуу өзү жазгандай, жыйырманчы жылдары Гу Цзе-ганын изилдөөсү жарыяланган соң, жомокторго жана тарыхка болгон кызыгуусу күчөгөн экен. Сюй сюй-шендин китеби

(биринчи басылышы 1943-жылы чыккан) олуттуу илимий изилдөө болуп саналат. Автор кытай аймагындагы уруу биримдиктерди калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүнө жана суу ташкыны жөнүндө изилдөөлөргө өзгөчө көңүл бурган. Сюй сюй-шен айрыкча байыркы уламыштарында башкаруучуга карата ар кандай уламыштарга тарыхый ырааттуулукта тартылган. Анын изилдөө темасы болуп - ойдон чыгарылган жана уруулук союз ортосундагы өз ара байланышты түшүндүрүү болуп эсептелет.

Кытайдагы фольклордун системалуу түрдө чогулушу XX кылымдын 50-жылдарында башталган. Бул 1949-жылы Кытай Эл Республикасынын пайда болушу менен жана1950-жылы кытай фольклорун изилдөө коомунун түзүлүшү “Чоң чогултуу ишин” жүргүздү [62, 2-б.]. Кыска мөөнөттүн аралыгында аталган Коом «Шошо чаңчаң» (说说唱唱-дикламация айтуу жана ыр ырдоо) журналын түзүп, фольклордук чыгармаларды басып чыккан. 1955-жылы «Миньцзянь вэньсюэ» (民间文学 «Фольклор») аттуу коомдук жаңы журналы жарык көрөт, анын дээрлик ар бир санында нечелеген жомоктор жарыяланган. Элдик жомоктор, ырлар жана башка жанрдагы элдик чыгармалар Кытайдын бардык гезит-журналдарында үзгүлтүксүз жарыяланып турган. Дээрлик бардык Кытай облустук басма үйлөрүндө 1950-1965-жылдары бир нече легенда жана жомок, фольклор тууралуу макалалардын жыйнагы жарыкка чыккан. Кытайдын аймагында жашаган жоголуп бара жаткан улуттардын да жомоктору чогултулуп, басып чыгарууга аракеттер көрүлгөн, мисалы: Нун Итянь. Тунцзу миньцзянь гуши (тун элинин жомоктору). - Пекин, 1956-жыл; Тан Вэй. Хуамэйдыгуши (Хуамэй жөнүндө жомок. Мяо эл жомогу). - Чанша, 1957; Егунян (Пальма кыз. Ли эл жомогу). - Шанхай, - 1958 жана башкалар. Басылмаларды кароодо Б.Л. Рифтин менен макул болбой коюуга болбойт, бул жылдарга чейин жомок жөнүндө толук каралып, илимий талапка жооп берген Кытай басылмалары аз болгон. Мындан тышкары жомоктордогу текстттерди кайра иштеп чыгууга туура келип, жомоктордун тили өзгөргөн, мазмунундагы элдин турмуш-тиричилиги, каада-салттары каралбай четте кала берген, ошол байыркы жомокторду жазган

жомокчулардын колдончу ыкмалары, образдары, репертуарлары тууралуу маалымат берилген эмес, мындай катачылык сөзсүз түрдө бул жыйнактардын илимий маанисин төмөндөтөт. Ал эми, жалпысынан алып караганда, ушул мезгил ичинде жыйналган жана жарыяланган материалдар саны жагынан жетиштүү болуп саналат.

Кытай жомокторун изилдөөнүн ушул этабындагы көрүнүктүү жомок изилдөөчүлөрүнүн бири Юан Кэ болгон. Анын жомокторду изилдеген эмгектери азыркы мезгилде да бааланып келет. Окумуштуунун биринчи чоң эмгеги 1950-жылы басылып чыккан «Чжунго Гудай Шенхуа» (Байыркы кытай жомоктору) китеби болгон. Китептин кайра каралып жана олуттуу түрдө кеңейтилген экинчи басылышы 1957-жылы чыккан. Ал бир нече тилге, анын ичинде жапон (1959) жана орус (1965) тилине которулган. Юан Кэнин кээ бир эмгектери англис тилине да которулуп жарыяланган, мисалы, англис окумуштуулары Ким Эчлин менен Не Чжисюндун «Ажыдаарлар жана династиялар» китеби (1978). Изилдөөчүнүн өзгөчөлүгү болуп анын «Тоолор жана деңиздер каталогунан» 山海經 бир топ үзүндүлөрдү тандап, мазмунундагы көптөгөн сүрөттөмөлөрдү байыркы кытай искусствосундагы фантастикалык образдар менен байланыштырып, чоң жана түйшүктүү эмгек жасагандыгы эсептелет. «Тоолор жана деңиздер каталогу» болжол менен б.з.ч. III кылымдын аягы - II кылымдын башында жазылган, автору белгисиз. Бул тарыхый эстеликтин түп нускасы кытай окумуштуусу Го Пу тарабынан алгач ирет III кылымдын аягы - IV кылымдын башында редакцияланган, андан кийин XVII кылымда изилдөөчү Би Юань тарабынан оңдоо иштери жүргүзүлгөн. XIX кылымда кытай окумуштуусу Хэ Исин каталогдогу тексттин эң мыкты вариантын жаратканы белгилүү.

1966-жылы маданий революциянын башталышы менен жомок жыйноочулардын илимий жумушу, кытай фольклорунун өнүгүшү жалпысынан алганда 10 жылга токтотулган. Жомокторду, макалаларды басып чыгаруу жана изилдөө борбору Пекинден Тайванга көчкөн. Бул кытай жомокторун топтоо, изилдөө иштеринин биринчи этабы катары көрсөтүлөт.

Кытай жомокторун чогултуунун жана изилдөөнүн экинчи этабы 1976-жылдан кийинки Кытай маданият революциясы бүткөн убакытка туура келет. 1976-1978-жылдары профессор Ло Цзыкуандын жетекчилиги менен «Элдик адабият» аттуу кытай фольклоруна арналган 100 жыйнак жарык көрөт. Бул китептер, негизинен, 20-30-жылдардагы басылмалардын жыйнагы эле. Болгону мезгилдик, тематикалык, улуттук жана географиялык принциптер боюнча тандалган, муну алардын аталыштары далилдейт: «Сун анекдоттору», «Кубулма киши жөнүндө», «Акылсыз күйөө балдар жөнүндө окуя», «Монгол эл жомоктору», «Фуцзянь провинциясынын жомоктору» ж.б.у.с. Китептин 20-30 текстти жомокторго арналган. Ло Цзыкуандын айтымында жомоктордун бир бөлүгүн өзү жыйнаган, ал эми экинчи бөлүгүн ар кайсы кытай басылмаларынан алган [69, 7-б.]. Бул бөлүм өзүндө кытай фольклорунун эң кызыктуу, белгилүү жомокторун камтыйт жана бөлүштүрөт.

Улут өкүлдөрүнүн маданият министрлиги жана Мамлекеттик комитети тарабынан 1984-жылы Кытай искусствосунун көйгөйлөрүнө арналган конгресс өткөрүлөт, анын натыйжасында бардык аймактардан фольклорду чогултуучу ишмердикти изилдөө башталат, ушуга байланыштуу бүткүл өлкө боюнча атайын отряддарды окутуп, даярдай башташат. 1984-1988-жылдар аралыгында “Фольклорду изилдөө коомчулугу” көптөгөн жергиликтүү бирикмелер менен биргеликте үч серияны басып чыгарууга изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Аталган коомдун ишинин алкагында кытай элинин фольклор чыгармаларындагы поэзия ырлары, афоризмдер, табышмактар да изилденип анализделген.

80-жылдардын аягы жана 90-жылдардын башында өлкөнүн бардык булуң-бурчтарында (шаарларда, район борборлорунда) “Элдик искусствонун жеке жыйнактары” басылып жарыкка чыккан. Ошол жыйнактардан мыктылары тандалып, бүткүл кытай элдеринин улуттук адабиятынын чыгармаларын камтыган албан жыйнактарды басып чыгаруу пландаштырылган. Көптөгөн жылга созулган жумуш аяктап, 1995-жылы «Тандалган Кытай эл жомоктор сериясы» деген ат менен жыйнак жарыкка чыгат, бул илимий эмгекте сыйкырдуу жомоктор жөнүндө, күлкүлүү жомоктор жөнүндө, жаныбарлар жөнүндө, сүйүү

жана башка тематикалык принциптеги он томдуу жомоктор камтылган. Албетте, жыйнактардын басылып чыгышы, анализдөө, изилдөө иштери кытай фольклористика жанрына өзгөчө чоң из калтырды. «Жаныбарлар жөнүндө кытай жомоктору» томунда 54 улуттун 221 жомогу бар. Экинчиден, фольклордук материалдардын басылмаларынын илимий талаптарын сактоого аракет жасалган. Тексттен кийин айтып берүүчүнүн, жыйнаган адамдын жана жомок кайсы жерде жазылгандыгы көрсөтүлгөн. Ар бир китеп редакторлордун максаттарын, тапшырмаларын, позицияларын (абалдарын) ачуучу баш сөз жана корутунду сөз менен коштолот. Бирок жомоктун бардык тексттери толук паспортизацияны камтый бербейт: Кээ бир жомоктордун айтып берүүчүсү жана конкреттүү түрдө кайсы жерде жазылганы белгисиз бойдон калган. Андан тышкары, айрым жомоктордун тили өзгөртүүгө дуушар болгон. Ошондой эле, ошол учурда эмне себептен ушул жомоктор тандалып алынган деген дагы бир суроо пайда болот. Жаныбарлар жөнүндө жомоктордун жыйнагын баштоочусу Гао Цзюйчэн жазганын карасак, жазуучулар кытай жомокторун эң мыкты үлгүлөрүн тандап алууга умтулушкан деп билдирет, бирок «эң мыкты үлгүлөр» түшүнүгү эмнени камтыйт экенин ачыкка чыгарган эмес. Жетишсиздиктерине карабастан, окурмандык жана изилдөөчүлүк кызыгууларды кандайдыр бир деңгээлде канааттандыра ала турган бул жыйнак он томдуу серияны камтыган.

70-жылдын аягынан баштап 90-жылдардын аралыгы кытай жомокторун изилдөөдө өзгөчө мезгил катары каралат. Бул жылдардын аралыгы, чогултуучу жумуштун гана эмес, фольклористтердин илимий ишмердигинин жанданышы менен да мүнөздөлөт. Кытай фольклористикасына арналган жумуштун эки түрү бар: тематикалык жана жалпылоочу (синтези). Синтездөө фольклорду кыска мөөнөттө анализин изилдөөгө аркалаган. Мисалы: Лю Хояндын «Чжузян кытай провинциясынын фольклорун жазган. Кытай окумуштуулары тарабынан акыры 40 жыл ичинде изилдеген Чэнцисиндин Сунь Ятсен атындагы университетине караштуу «Элдик чыгармачылык коом». ж.б. Ал эми тематикалык изилдөөлөр кытай фольклорунун жанрларын, сюжеттерин, образдарын изилдөөгө арналган. Мисалы: «Чжунго миньцзян чжуаншо лунвэнцзи (кытай фольклорунун легенда

жана жомок жанрдагы чыгармаларды изилдөө)»; Ду Эрвэйдин «Ажыдаар, феникс, таш бака, жана филин – кытай фольклорунун каармандары» ж.б. [83, 17-б.].

Акыркы Ду Эрвэйдин изилдөө эмгегине токтолсок, изилдөөчү төрт ыйык жаныбарлардын жаралуу образына терең маани берет: феникс, тумшугунда мүйүзү бар айбан, таш бака, ажыдаар, алардын келип чыгышын, антропологиялык теорияга дал келген миф түрүндө изилдеген. Ду Эрвэй жаныбарлардын образын ар кандай тараптан анализдеп келбетин сүрөттөөдөн баштайт. Эң кызыктуусу анын салыштырма методу, мисалы: феникс менен фазан, тумшугунда мүйүзү бар айбан менен бугу. Ду Эрвэйдин изилдөөдөгү өзгөчөлүктөрү башка окумуштуулардын эмгектерине чоң маани берүү болуп саналат. Анын китеби өзгөчө бир сунуштарды, көптөгөн цитаталарды камтыйт. Белгилей кетсек, анын эмгектеринде Кытай гана эмес чет жердин материалдары колдонулган. Бирок Ду Эрвэй өзүнүн илимий эмгектеринде жомокторду, жомоктордун үзүндүлөрүн мисал катары колдонгон эмес.

Ошол мезгилдеги жомок жанрына арналган басылмалар көп эмес. Дин Найтундун англис тилинде жазылган «Кытай эл жомокторунун каталогу» (1983-ж.) көп кызыгууларды жаратып келет. Изилдөөчү көрсөткүч катары Аарне-Томсондун эмгектерин алган.

Дин Найтундун каталогунун жаралышы кытай жомогунун өнүгүшүнө чоң салым кошту. Аталган каталог кытай тилине которулгандан соң, ал кытай жомокчуларынын «эң керектүү жардамчысы» аталган [19, 17-б.].

Тилекке каршы бул көрсөткүчтүн да кемчиликтери жок эмес. Дин Найтун көп варианттагы кичинекей бөбөктөргө таасирдүү тексттердин сюжеттин ар түрдүүлүгүн көрсөтүү үчүн, сүрөттөө үчүн ар кандай далили жок макалаларды колдонгон. Ошондой эле, ал ар башка улуттун жомокторун белгилеп бөлгөн эмес. Ар кандай себептердин жыйынтыгында, кытай жомокторунун каталог, монография, көрсөткүчтөрдүн пайда болушу заманбап кытай фольклористикасында - өтө актуалдуу суроо. Лю Сичэндин айтымында кытай

окумуштуулары жомоктордун электрондук көрсөткүчүн жаратууну пландашууда [19, 18-б.].

1986-жылы Лю Шоухуандын кытай эл жомокторуна арналган салыштырма изилдөө эмгеги жарыкка чыккан. Бул эмгегинде *салыштырма-типологиялык методу* колдонулуп, ар башка элдердин жомокторунун сюжеттерин салыштырып, бир гана Кытайдын аймагында эмес, башка жерлерде да ишке ашкан. Мисалы, кытай жана жапон жомоктору салыштырылып, «Миң бир түн» жомогуна паралельдештирүү изилдөө иши жүргүзүлөт. Изилдөөчүнүн көңүлү алдында чыгармалардын сюжети гана турган. Анын айтымында жаныбарлардын образдары ар элдин жомогунда бирдей келип, алар байырлоочу жаратылышты жомокто берилчү белгилүү бир салттуу маданиятын көрсөтөт.

Азыркы учурда кытайда фольклорун изилдөө, чогултуу жана кайра китеп, журналдарга басып чыгаруу иштери тынымсыз жүргүзүлүүдө. Ошондой эле мурда чыгарылган жыйнактардын кайра басып чыгарылышы иш жүзүнө ашууда.

Кытай элинин улуттук салт-санаасын жана фольклордук чыгрмаларын сактап келиши алардын турмуштук философиясы, нормасы, башкы адамгерчилик сапаттары болгон: улууну сыйлоо, эмгекчилдик, коллективдүүлүк, уюштуруучулук, токтоолук, тамакка, кийимге, үй оокатка каниет кылгандык сыяктуу ж.б. баалуулуктарды бекем тутунгандыгына тыгыз байланыштуу.

1.2. Кытай жомокторунун Орусияда иликтениши

Кытай маданиятын жана элдик чыгармачылыгын изилдөөнүн биринчи этабы орустардын 1715-1866-жылдардагы руханий Пекин миссиясы болуп эсептелет жана Кытайдагы эң маанилүү илимий изилдөөлөрдүн бири болуп саналат [50, 34-б.]. Көрүнүктүү изилдөөчүлөрдү атасак: Иакинф Бичурин, Палладий Кафаров [24, 17-б.] , [49, 7-б.]. Алар тарых, филология, дин таанууга кытай изилдөөлөрүнө жол салгандардын биринчилеринен болушкан [62, 21-б.]. Бирок фольклор жана жомоктор окумуштууларды кызыктырган эмес. Ошол убакта окумуштууларга иероглифтик жазуулар жана сөзмөрдүк көбүрөөк кызыгуу жараткан. XVII-XIX кылымдарда Орусияда басылып чыккан жазуу иштеринде Кытай жөнүндө маалымат аз жана алардын авторлору окумуштуу саякатчылар, миссионерлер,

аскер адамдары сыяктуу фольклордон алыс адамдар болгон. Мисалга полковник Ю.А. Сосновскийдин «Кытайга саякат, 1874-1875» деген китебинен кытай элинин улуттук үйүнүн курулушун, кытай театры жана кийими тууралуу билсе болот [96, 119-б.]. Эң маанилүүсү, бул эмгектер тарыхый жана этнографиялык эскиздер катары сакталып калган.

XVII-XIX кылымдардагы этнографиялык жана тарыхый чыгармаларда кездешкен фольклордук жазуулар авторлорду кызыктуу темалар боюнча маалыматтын булагы, ханзу элинин дүйнө таанымынын өзгөчөлүгүн, алардын жашоо мүнөзүн иллюстрациялоо үчүн колдонулат. Мисалы, “Кытай. Асман Падышачылыгынын жашоосу жана үрп-адаттары жөнүндө очерктер” деген китепте жибекчилик жөнүндө окуяны иллюстрациялоо үчүн бир нече жомоктор берилген: «Силинчи ханбийке жөнүндө жомок», «Ши-кинъ жана Шу-кинъ», «Алтын чачтуу ханбийке» [31, 127-133-бб.]. Экинчи текст В.И. Анучин жазган сойоттордун легендаларын камтыган. Белгилей кетүүчү факт «Силинчи ханбийке жөнүндө жомок» Л.Н. Толстойдун «Азбукасында» толугу менен сөзмө-сөз чагылдырылган [106, 119-б]. Биздин көз карашыбызда бул факт ошол учурдагы Кытай мамлекетине чоң кызыгуу болгондугун далилдейт.

Кытай уламыштарындагы мындай түшүнүктү Георгиевскийге чейин байыркы гректер да жазып чыгышкан, XII кылымдагы кытайдын белгилүү философу Чжу Си да ушул көз карашты колдогон. Ал эми 1958-жылы немис окумуштуусу Макс Мюллер Георгиевскийдин бул эмгегиндеги теориянын философиялык тереңдигин жандандырган.

Орусияда эң биринчи жыйнак толугу менен кытай жомокторуна арналып 1893-жылы чыккан. Ал «Кытай жомоктору» деп аталган. «Сиу –Линь – кытай төбөлдөрүнүн кызы» аттуу жомок, «Кытай жомоктору» китебинин жыйноочусунун көрсөтмөсү боюнча И. Горбунов-Посадовдун «Жашоо – сүйүүгө кызмат кылуу» китебинен алынып жазылган.

1893-жылы чыккан «Кытай жомоктору» китебинин котормосунда кемчиликтер катталган. Биринчиден, жомоктордун тексттери ортомчу котормодогу тилден алынган. Окурмандын көңүлүнө сунушталган беш тексттин

төртөө француз тилинен которулган. Экинчиден, бардык эле тексттер кытай тилинен алынган эмес жана жомок жанрына дал келбейт. Мисалы, «Эмгек акылманы» жомогу индия элине таандык, ал эми «Акылман кеңешчи» - тарыхый легенда болуп саналат. Үчүнчүдөн, жомоктордо паспортизация жок. Ушул себептен В.А.Зелинский мындай деп жазган: «Аталган китептин тексттери окурман үчүн кытай элинин тарыхы, маданияты жөнүндө көптөгөн түшүнбөстүктөрдү пайда кылат» [30, 4-б.].

«Кытай жомоктору» жыйнагына акыркы толук мүнөздөмөнү белгилүү орус саякатчысы, элдик фольклор изилдөөчү-жыйноочу Г.Н. Потанин «Тангут-тибет экспедициясы. Кытайдын чет жагы жана Монголия мамлекети. Г.Н. Потанин 1894-1896-жылдардагы саякаты» китебинин кириш сөзүндө баяндама берип жазган [94, 390-б.]. Ал баяндамада: «Кытай жомокторунун жыйнагында фольклор менен эмгектенген окумуштуулардын муктаждыктарын канааттандыруу милдети болгон эмес. Ал жыйнак тилди үйрөнүүгө арналган окуу куралы катары түзүлгөн, ошондуктан мындай жыйнактар ар түрдүү сюжеттерди жана жомоктун бардык варианттарынын байлыгын камтый албайт»- деп жазылган.

Өз жазууларынын кемчилиги катары окумуштуу жомокторду которуунун сапатына күмөн санаарын белгилеген. Фольклорчулардын изилдөө эмгеги үчүн өтө маанилүү болгон “жергиликтүү колоритти” жоготпой, туура которуу абзел деп жазып өткөн. Окумуштуу өзү кытай жана тангут тилин билген эмес, ошол себептен кытай тилиндеги жомокторду котормочу аркылуу монгол тилине которуп, кытай тилинен орус тилине түзмө-түз эмес, монгол тили ортомчу тил катары колдонулган. Көп жомоктор конспект түрүндө жазылган, демек эмгектин да баалуулугу азайган. Окумуштуу Азияга дагы да көптөгөн окумуштуулар барып, арасында фольклор изилдөөчүлөр да болот деген ишеничте болгон.

XX кылымдын башталышында орус тил илиминде кытай адабияты боюнча изилдөөлөр көп болгон [17, 88-б.]. Бул мезгилде кытай жомокторунун орус тилинде жаңы жыйнактары арбын басып чыгарылган. Тилекке каршы, алар изилдөөгө багытталган эмес. Мисалы, «Цзинь-Во ханышасынын түшү» (1907) –

бул жомоктордун жыйнагы болгон. Жада калса, жомок кайсы тилден которулгандыгы жөнүндө эч бир көрсөтмөлөрү да жок, мындан тышкары фольклорист үчүн керектүү түшүндүрмөлөр да жазылган эмес [133, 67-б.]. Орус окумуштуусу П.В. Шкуркиндин жетекчилигинин астында болгон басылмасында Харбинде жана Хабаровскиде Кытай фольклорунун жыйнактары чыккан [134, 75-б.]. Бул басылмаларда да түшүндүрмөлөр берилген эмес. В.П. Шкуркиндин тексттерди кайсы булактардан алганы жана аларды ким которгону белгисиз. Окурмандын көңүлүнө тартууланган чыгармалар ар улутка, ар башка элдерге таандык: манчжур легендалары, кытай романынан үзүндүлөр, корей легендалары, жада калса Туркестандын легендалары да кездешкен.

Кытай фольклоруна арналган басылмалардын ичинен айырмаланган Г.Н. Потаниндин 1914-жылы жарыкка чыккан «Тибеттик жомоктор жана салттар» китебине басым жасоо керек [Потанин, 1893, 390-435-бб.]. Бул жыйнакта өтө бай фольклордук материалдар берилген: буддисттик легендалар, жаныбарлар жөнүндө сыйкырдуу жомоктор. Биздин көз карашыбызча, бул чыгармалардын маанилери, типологиялык белгилери терең.

Жазылып алынган жомоктор тематикалык материалды (этнографиялык географиялык, маданият таануу боюнча) айрым жыйнак же текст түрүндөгү китеп болуп, фольклористиканын талаптарына жооп беришкен эмес. Далил иретинде «Кытай уламыштары» (1921) жыйнагынын түзүүчүсү Н.В. Шкуркиндин китептин баш сөзүндөгү пикирин келтирсе болот. Окумуштуу Кытай жөнүндөгү китептерде адабият менен фольклор жөнүндө өтө аз маалымат берилген, ал түгүл китептердин мазмунунда «чындыкка жакындабаган маалыматтар камтылган» деп эсептейт [132, 2-б.].

Ошентип, кытай жомокторунун алгачкы жыйнактары бир топ кемчиликтерге ээ: биринчиден, жомоктордун тексттери ата-мекендик эмгектерден тандалып алынбастан, европалык булактардан алынган, бул материалдын түп нускалык сапатын төмөндөтөт. Мисалы, бир жомокто кытай «вельможа» «виллада» жашайт, жана анын уулунун көзү көк болот [132, 7-б]. Экинчиден, ал жыйнактар окумуштууга керектүү комментарийлерди камтыган

эмес: качан, кайсы жерде, ким тарабынан жана кимден бул текст жазылып алынганы белгисиз. Үчүнчүдөн, мындай басылмаларда түзүүчүлөр менен басмаканачылар фольклордук жанрдагы уламыштарды, аңыздарды жана жомокторду ажырымдашкан эмес. Бул факт киришүү статьясында да, материалдардын өзүн топтоодо да көрүнүп турат. Сыягы, жомокко этнографиялык маалыматтарды экзотикалык жана укмуштуу чыгыш өлкөлөрү жөнүндө маалымат алуунун булагы катары мамиле жасоо себеп болгон окшойт.

Орусияда кытай жомокторун алгачкылардан болуп изилдениши - бул факт, аны баса белгилебей коюуга болбойт, түзүүчүлөр менен басмаканачылар кытай улутунун, анын фольклорунун бөтөнчөлүгүн белгилөө менен, окурмандарга «өзгөчө кытай духун» жеткирүүгө аракет жасашкан [26, 4-б.].

Теориялык эмгектерди жазуудан тышкары советтик фольклорчулар элдик поэзиянын жана прозанын түрдүү жанрлары: табышмактардын, макалдардын, жомоктордун, аңгемелердин, сөгүнүүлөрдүн, жакырлардын ырларынын чоң көлөмдүү тексттерин чогултушкан, алардын көбү ушул убакка чейин архивде жатат.

Ошол убакта кытай жомогуна атайын арналган эмгектер аз болсо да, кытай элдик оозеки чыгармачылыгы филологдордун көңүлүн уламдан-улам тартып турат. Мисалы, А.Н. Веселовский (1900), В.Я. Пропп (1967), Е.М. Мелетинский (2001) өздөрүнүн эмгектеринде башкалар менен катар салыштырууларды жүргүзүү үчүн кытай тексттерин пайдаланышкан [50, 78-б.].

1917-жылы «Дунган элдик жомоктору жана байыркы аңгеме» аттуу китеп чыккан [114, 17-б]. Бул илимий басылманын жакшы жагы болуп накта тексттерди чогултуу жана алардын эң сонун которулушу гана болбостон, фольклорист-синолог Б.Л. Рифтин тарабынан жүргүзүлгөн булактардын изилдөө жана сюжеттерди анализдөө эсептелет, так ушундай окумуштуу жөнүндө жогоруда айтылган белгилүү фольклорист, саякатчы Г.Н. Потанин эңсеген. Биздин изилдөөнүн көз карашы менен алганда Б.Л. Рифтин тарабынан дунган элдик жомокторундагы сюжеттерди жана образдарды салыштырма типологиялык изилдөөсү маанилүү болуп эсептелет.

Ал эми оозеки элдик өнөр боюнча карасак, В. М. Алексеев 1935-жылы өзүнүн «Кытай фольклору жана кытайлык элдик сүрөт» макаласында ошол жылдардагы маданияты эң бай Кытайдын элинин жашоосу, турмуш-тиричилиги, чыгармачыл өнөрчүлүгү тууралуу так, даана маалымат берген [22, 17-б].

Орусияда кытай жомокторунун котормолорун эң көп басылып чыгышы XX кылымдын 50-60-жылдарына туура келет. Бардык жыйнактардын 60 пайызга жакыны ушул мезгилде чыккан. Кытай жомокторунун басылыштарынын географиясы Жаллинден Магаданга чейин созулат. Болжол менен алардын жарымы- балдар үчүн популярдуу басылмалар. Жыйнактардын бүт бөлүгү- бул профессионал котормочулар тарабынан которулган жана адаптацияланбаган илимий басылмалар. Илимий жыйнактарга мисалы төмөндөгүлөр кирет: Кытай эл жомоктору/ котормосу жана изилдөөсү Б.Рифтиндики – Москва, 1957; Алтын каштандар. Кытай жомоктору - Барнаул, 1958; Кытай эл жомоктору- Москва, 1957, 1959; Ажыдаардын көзү. Кытай элдеринин уламыштары жана жомоктору -Москва, 1959 ж.б. Бул жыйнактарда кытай окумуштуулары изилдеген жомоктор жарык көргөнүн белгилөө керек, чет элдик фольклористтер чогулткан тексттер киргизилген бир дагы жомокту кездештирген жокпуз.

Кытай жомокторун изилдөөдөгү академик Б.Л. Рифтиндин эмгектери тууралуу Кытайда кеңири илимий адабияттар бар. Чжун Цзинвэнь, Ма Чжаньи, Ли Минбинь, Ван Чанъю, Н.И. Никулин, Е.А. Серебряков, М.В. Баньковская сыяктуу окумуштуулар Рифтиндин кытай жомокторун изилдөө жана которуу методдоруна арнап илимий ишин жүргүзүшкөн. Жетишкендиктери жөнүндө айтып жатып Б.Л. Рифтин өзүнүн изилдөөсүндө кытай адабиятынын бардык тармактарын камтып, ошол эле учурда ал кытай фольклорун изилдөөгө чоң көңүл буруп, кытай континенталдык жана тайвандыктардын (кытайлардын бир бөлүгү) фольклордук салтын салыштырып, кытай элдик сүрөтүн Няньхуаны чогултуп изилдеген [45, 7-б.]. Э.А. Серебряков, “Рифтиндин синологиялык чыгармалары менен таанышкан ар бир адам анын укмуштуу эрудициясы менен арбалып кетет”- деп айткан [72, 4-б.].

Кытай жомокторунун бардык басылыштарынын жыйнагын эки типке бөлсө болот. Биринчи тип - бул түрдүү Чыгыш өлкөлөрүнүн жомокторунун басылмалары, экинчи тип- бул толук кытай элинин гана жомокторуна арналган жыйнактар. Мисалы, биринчи типтеги басылмага «Чыгыш элдеринин жомоктору» кирет [21, 17-б]. Мында кытай жомоктору бардык үч жанрдык түрдүүлүккө берилген. Тексттерди комментарийлер коштойт. Мындан тышкары, орус тилиндеги кытай жомокторунун негизги басылмалары жөнүндөгү библиографиялык справка берилген, котормолор аткарылган кытай булактары көрсөтүлгөн бардык тексттер документтештирилген. Жыйнактын түзүүчүлөрү - Ленинград мамлекеттик унивеситетинин Чыгыш факультенин окутуучуларынын, аспиранттарынын жана студенттеринин илимий коллективи. Түзүүчүлөрдүн жана котормочулардын сиңирген эмгеги болуп, котормо жетишээрлик так аткарылгандыгы эсептелет. Кытай жомокторунун ортомчу тилден (французчадан, немисчеден) которулган алгачкы жыйнактарынан айырмаланып бул басылыштагы жомоктор түздөн-түз түп нускадан которулган. Жогоруда айтылган маселелер мындай жыйнактардын илимий балуулугун жогору көтөрүүгө мүмкүндүк берет.

Экинчи типтеги мыкты басылмалардын бири – бул «Кытай эл жомоктору», Б.Л. Рифтиндин которуусундагы китеп, 50-60-жылдары ар кандай кытай басмаканалары жарыялаган, орус тилинде биринчи ирет которулган жомоктор киргени менен бааланат [22, 47-б]. Жыйнак жаныбарлар жөнүндөгү жомоктордон башталып, сыйкырдуу жомокторго, үрп-адатты камтыган тиричилик жомокторго, уламыштарга бай. Тексттер комментарийлер менен коштолот жана түп нускадан түздөн-түз котормосу болуп эсептелет. Кытай басылмаларында керектүү маалыматтар жок болгондуктан жомокторду паспорттоштуруу чектелген. Бул жыйнак топтолуп кошумчалоо менен бир нече жолу кайра басылып чыккан.

Фольклористтер үчүн баалуу жыйнак катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетебиз: “Жашыл атчан чабандес”. Кытай жомоктору, уламыштары, тамсилдери (котормо С.Е. Кожевниковго таандык. - Новосибирск, 1967); “Кытай элдеринин

жомоктору” (М. Черкосиваныкы, -М, 1961); “Көзгө көрүнбөс чөп”, “Кытай эл жомогу” (которгон Осипов –Ленинград, 1961) ж.б.

1970-1980-жылдары кытай жомокторун басып чыгаруу убактылуу токтолгон. Бирок материалдар байма-бай чогултулгандыктан изилдөө иштери улантылган. Оозеки эл чыгармачылыгынан кытай адабиятынын тарыхы боюнча бөлүмдөр башталат. Изилдөөчүлөрдүн негизги багыты – фольклор менен адабиятын өз ара аракеттенүүсүнүн жемиши катары — бул темага арналаган макалалар, жыйнактар, монографиялар басылып чыгат [19, 117-б.].

1990-жылдары кытай жомок жыйнактарын толук иштери активдештирилет. Алардын көпчүлүк бөлүгүн мурунку жыйнактарда кездешкен жомоктор түзөт. Бирок жаңы чыккандары да бар, мисалы: Сыйкырдуу кытай жомоктору (түзүчүү И. Моханичева. -Новосибирск, 1991; Байыркы күзгү: Кытай жомоктору М., 1993. Кошумчалар, толуктоолор акыркы жылдары, мурунку жылдардагыдан айырмаланган деле эмес. Жомоктордун тексттери кытай толуктоочуларынан алынган. Алар акыркы 10-15 жыл мурун пайда болгон оозеки жомок айтуучулар болуп эсептелет.

Орус кытай хандыкка тиешелүү жомокторду изилдөө азыркы учурдагы фольклор-синологдорго чоң түрткү берген, изилдөөчүлөргө албан материалдардын булактарын түзүп беришкен.

Котормо боюнча баалуу изилдөө катары төмөнкү кытай жомокторунун орус тилине которулуп чыгарылган жыйнактарды белгилеп кетебиз: “Кытай эл жомоктору” (которгон Б.Рифтин, -М, 1996), “Кытай жомоктору” (котормо Б.Рифтинге таандык, -Екатеринбург, 2007), “Кытай жомоктору. Улуттук майрамдардын келип чыгышы” (котормо А. Терещенконуку, -М, 2019).

Акыркы жылдары фольклористика өзүнчө илим катары калыптанганына байланыштуу алдыга көптөгөн кадамдарды таштап, практикалык гана эмес, теориялык базаларды жаратып, кытай оозеки чыгармачылык жанрларын изилдөөдө.

1.3. Кытай жомокторунун батыш өлкөлөрүндө жана Японияда иликтениши

Батыш өлкөлөрүндө Кытай жөнүндө түшүнүк, Кытайдан келген саякатчылардын, соодагерлердин жана элчилердин күнүмдүк сүрөттөмөлөрүнөн, эскертмелеринен алынган [19, 179-б.]. Эң биринчи кытайдын салттарын, үрп-адаттарын жазып изилдеген саякатчылар италиялык Марко Поло менен португалиялык Риччи Мотеону айтабыз. Булардын кошкон салымдары кийинки саякатчыларга бай материал болуп кызмат кылган. Кытай маданиятына, жомокторуна кызыккан окумуштуулар: Шарль Луи де Секонда - француз жазуучусу, философу, Вольтер – XVIII кылымдагы француз философ-агартуучусу, тарыхчы, Ф. Шлегель - немис жазуучусу, философ, тилчи болуп саналат.

Кытай фольклорун илимий жактан изилдөөнүн алгачкы жолдору европалыктар тарабынан «апийим согушунан» (1856-1860) кийинки мезгилге таандык.1860-1870-жылдардагы англис тилиндеги басылмалар Кытайдын жомокторуна арналган атайын ноталардан тартып толук кандуу макалаларга чейин ондогон басылмаларды чыгарышкан. Мисалы, 1961-жылы Британ музейинде эмгектенген британдык египтолог С.Берчтин маалыматтарында кытай элинин “түлкүлөр” тууралуу орто кылымдардагы ишеними жөнүндө изилдеген макаласы басылып чыккан [3, 99-бб.].

Европа окумуштууларынын кытай жомоктору боюнча алгачкы ири изилдөөнү энтузиасттардын бири Николас Белфилд Деннис баштаган. Ал 1863-жылы Улуу Британиянын консулдук кызматкери болуп Кытайга келген, бирок көп өтпөй пенсияга чыгып, журналистикага бет алган. 1866-1867-жылдары Деннис Гонконгдогу *The China Mail* гезитин жетектеген, ал эми тыныгуудан кийин (1868-1872) - Ж.М.Бейндин өнөктөшү катары келишим түзүлгөн; 1875-жылы ал гезитти Бейнге калтырган [33, 59-б.]. 1867-жылдан 1869-жылдын аягына чейин Деннис ай сайын басылып чыгып турган *Notes and Queries on China and Japan* (Кытай жана Япония боюнча ноталар жана суроолор) боюнча журналдын башкы редактору болгон. Журналдын аталышы жана идеясы 1849-жылы Уильям Джон Томс тарабынан негизделген Лондондогу адабий жана илимий басылма *Notes and Queriesден* алынган. Деннистин жаңы журналында

байыркы Кытайдын «үрп-адаттары», «майрамдык иш-чаралары» жана «ырым-жырымдар» жөнүндө маалыматтар жарыяланып турган [33, 167-б.].

1872-жылы Деннис Бэйн менен бирге *The China Review, or Notes and Queries on the Far East* (Кытайга сереп же Ыраакы Чыгыш боюнча эскертүүлөр жана суроолор) журналды негиздеп, 1876-жылга чейин Николас Белфилд Деннис журналдын башкы редактору катары кызмат өтөгөн. Журналдын биринчи санында Деннис төмөнкүдөй деп жазат: «Бул журналдын басылып чыгуусу, кытай элинин жомоктору боюнча бир катар макалаларды даярдоого арналган. Эгерде жергиликтүү калк учурдагы басылмаларда жок фактылар жөнүндө маалымат берсе, анда бул басылма кытай элинин жомокторун изилдөө тарыхына чоң салым кошкон болот. Күн, ай жана жылдарга байланыштуу элдик жомокторду, кытай маданиятындагы бактылуу сандарды, тумарларды, сыйкырчылыкты, жаңы жылдык ырым-жырымдарды камтыган жомокторду, арбактар тууралуу жомокторду камтыган маалыматтар абдан пайдалуу болот. Алынган ар кандай маалыматтын булактарын туура көрсөтүүгө кепилдик берилет” [31, 134-б.]. Бул жомокторду изилдөө долбоорунун расмий башталышы болгон, натыйжада «Кытай элинин жомок таануусу» китеби 1876-жылы басылып чыккан. Монографиянын көпчүлүк бөлүгү Кытайдын карапайым калкынан жыйналган маалыматтардын жыйындысынан турат жана аларды анализдөөгө багытталган.

Кийинки изилдөөчү катары нидерландык миссионер Ю.Дулиттлдин “Кытайлардын коомдук турмушу” (1866-ж.) деген эмгегин атоого болот [31, 149-б.]. Китептин көпчүлүк бөлүгүн Фучжоу аймагы менен байланышкан (азыркы Фуцзян провинциясында) жомоктор ээлейт; автор элдик ишенимдери, календардык ырым-жырымдары, жашоо циклинин ырым-жырымдары жөнүндөгү маалыматтарга көбүрөөк басым жасаган.

1869-жылы журналист жана котормочу У. Майерс кытай жомокторундагы билимдин кудайы болгон 文昌 вен-чан культу жөнүндөгү макаласында ага байланыштуу түшүнүктөрдү жазып чыккан [9, 31-44-бб.]. Ошол эле жылы немис миссионери Э. Айтель кытай жомокторундагы ажыдаарды аздектөө маселесин

жана анын «Индияда, Бирмада жана Сиамда» окшош салттар менен байланышы жөнүндө макала жазган [18, 34-35-бб.].

1869-1873-жылдары англис окумуштуусу Д. Стент өзүнүн илимий изилдөөсүнүн жыйынтыгы катары эки макала жарыялаган: 1) «Кытай легендалары» (1969) 2) «Кытай ырлары» (1973). Биринчи эмгегинде ал эки кытай уламышын терең түшүндүрүп берсе, экинчисинде элдик ырларды анализдөөнү жаратат.

2010-жылы Оксворд университетинин профессору, заманбап улуу синолог М. Фридман 1960-1970-жылдары европалык окумуштуулар тарабынан чогултулган фольклор боюнча: “Кытай материалдары ошол мезгилдеги замандаштарынын - антропологдордун жана фольклористтердин көңүлүн бурган, жана ага чейинки кытай жомоктору боюнча изилдөө материалдардан фактылардын тактыгы менен айырмаланып турган» - деп билдирет [91, 194-211-бб.]. Чогулган материалдардын олуттуу бөлүгү басма жана жазуу жүзүндө берилген. Фридман ал материалдардан кытай жомокторундагы бактылуу жана бактысыз күндөрдү тизмектеген альманах календарларын, жомоктордун үзүндүлөрүн, оозеки тилдеги окуялар ж.б.у.с. боюнча актуалдуу темадагы ачылыштарды изилдеп анализдеген.

XXI кылымда кытай чет өлкөлүктөр үчүн ачык өлкө болуп калгандыктан, XX кылымдын аягында XXI кылымдын башында Англияда, Германияда, Францияда кытай жөнүндө китептер кеңири тарала башталган. Алардын бир бөлүгү орусчага которулуп берилген. Мисалы: ирландык саякатчы, изилдөөчү Добель Питер “Саякаттануу жана кытай маданиятындагы жаңы кызыгуулар”; австриялык саякатчы, изилдөөчү Гессе-Вартег “Кытай жана кытайлыктар. Жашоосу, салт-санаасы жана үрп-адаты”; Род Ж. “Заманбап Кытай” ж.б. аталган бардык белгилүү европалык басмалар кытай жөнүндөгү адабияттарга гана басым жасайт. Ошол китептерде «Асман алдындагы улуу империя» жөнүндө көп маалымат сактаган [111, 261-267-б.]

XX кылымдын ортосунда кытай элинин жомокторуна кызыгуу күчөп, аны изилдөө Европада кескин көбөйгөн. Алгач улуу *француз* синологу Анри Масперо

кытай элинин жомоктору жөнүндө «Шуцзине» (1937-ж.) аттуу эмгегин жарыялаган. Анын эмгеги кытай жомоктору боюнча «Салттуу тарыхый китеби» - деп аталган [95, 87-б]. Автор байыркы кытай окумуштуулары изилдеген жомоктордун образдарына каршы чыгып, алардын этимологиясын ачууга аракет жасайт. Даос эстеликтеринин маалыматтарына таянып жана “Тоолор жана деңиздер каталогунун” (Шан Хай Цзин) жардамы менен ал бир катар суу ташкыны боюнча жомокторду жана алардын образдарынын сүрөттөөлөрүн калыбына келтирген. Швед окумуштуу Б.Карлгрен “Байыркы Кытайдын уламыштары жана культтары” (1976) деген китебинде А.Масперону катуу сынга алган. Анда А.Масперо өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын теориялык жактан негиздеген жок деген айыптоону койгон [25, 276-б.].

Масперонун изилдөөсүнөн эки жыл өткөн соң, 1939-жылы немис изилдөөчүсү Эдуард Эркестин эмгеги жарык көрөт [95, 17-б]. Ал кытай элинин “Күн жебеси” жомогунун каарманы Хоу И менен түндүктөгү элдердин (чукча, индей) күн жөнүндөгү жомоктордун каармандарын салыштыруу ишин жүргүзгөн. Анын изилдөөсү материалга болгон олуттуу жана тарыхый мамилеси менен айырмаланат. Геракл менен жебе жөнүндөгү жомоктордун салыштырган эмгеги жалпы кытай жомокторуна кызыккан синологдордун көңүлүн бурат. Ушул эле темада изилдөөлөрдү анын жердеши Меншен-Хельфен 1970-жылдары уланткан.

Француз синологу М. Гранэ жана анын “Байыркы Кытайдагы бийлер” (1939-ж.) аттуу китеби кытай жомокторунун изилдөөсүнө чоң салым кошкон. Гранэ өзүнүн илимий эмгегинде жомоктордун жардамы менен байыркы кытай элинин коомдук турмуш шартын изилдеген. Ал изилдөөсүнүн жыйынтыгында, талдоо жүргүзгөн материалдардан байыркы Кытайдагы тотемизмдин калдыктары жана тотетимздин ар кандай түшүнүктөрү байкалган деп жазган.

Кытай мифологиясынын “жерге сыйынуу” маселесине тийиштүү аспектилерди Э.Чаванн, Б.Лауфер, Б.Карлгрендин эмгектеринде изилденген. Тотемизмдин калдыктары, алар менен байланышкан сыйкырчылык жана ырым-

жырым иш-аракеттери *француз синологу* М.Гранэнин жана *немис синологу* Э.Эркестин эмгектеринде кеңири маалымдалат.

Немис окумуштуусу В. Эберхард - кытай маданиятын изилдөө үчүн этнографиялык материалдарды жана этнографиялык методдорду кеңири колдонгон батыш окумуштууларынын бири деп эсептелет. Окумуштуу өзүнүн изилдөөсүндө байыркы Кытайда сакталып калган эстеликтердин жаралган убактысы менен алар катышкан салттагы мамилелерди талдап көрсөтүүгө, жомоктордогу биринчи Кытай империяларынын эстеликтеринин билдирүүлөрүнүн ишенимдүүлүгүн негиздөөгө аракет кылган.

1930-1950-жылдары Европадагы кытай таануучулук өнүгүүсүнүн кийинки этабы башталган. Эгер 30-жылы Хенцтин китеби сыяктуу кытай жомокторун түшүндүрүүчү (Юй-күн, анын жубайы- Ай ж.б.) бир гана басылма бар болсо, ал эми 40-жылы байыркы кытайдын маданиятын изилдөө кескин көбөйгөн. 1942-жылы Германиядан Түркияга кетип, ангардык университетте өз изилдөөсүн улантып жаткан В. Эберхарддын «Байыркы Кытайдын көрүнүктүү маданияты» аттуу эки томдук китеби жарык көргөн. Эберхарддын эмгеги атайын жомоктор үчүн изилденген эмес. Бирок анын эмгектеринде кытай жомокторуна тиешелүү көп суроолорго жооп тапса болот. Немис синологунун изилдөөлөрүндө көптөгөн кудайлар бар: күндү кууп жеткен дөө - Куа-Фу тибет маданиятында да бар, ал эми адамдардын жаратуучусу - Нюйва тибет жана Сычуандардын маданиятында кездешет. Ошентип, биздин азыркы мезгилге ар түрдүү убакыттагы чачыранды жана ар түрдүү мүнөзгө ээ эстеликтер жетти. Алар хронологиялык түрдө так бөлүнгөн эмес. Эберхарддын эмгегине көп эсе тарыхый өнүгүүнү көз жаздымда калтырып койгондугун айтышат. Эберхард кытай цивилизациясынын ар түрдүү деңгээлдеги өнүгүшүн карап чыккан.

50-60-жылдары Европада кытай жомоктору боюнча атайын чоң монографиялар басылып чыккан эмес. Немис изилдөөчүсү К.Финстербуштун 1962-жылы Германияда басылып чыккан “Тоолор жана деңиздер каталогунун” көркөм искусствого болгон байланышы” деген китеби өзгөчө болуп саналат. Автор каталогдон бир топ маанилүү үзүндүлөрдү тандап, немис тилине

которгон. Китепте изилдөөчү тарабынан кытай жомокторундагы мифологиялык жандыктардын, улуттардын, өлкөлөрдүн, нерселердин, кийимдердин ж.б. тизмеси түзүлгөн. Ошентсе да, бул китепте кытай жомокторун жазууда кеткен кемчиликтер бар. Автор өзү жазып чыккан тизмесине кытай жана жапон изилдөөчүүлөр эмгектери тууралуу белгилеген эмес.

Швед синологу Б. Карлгрендин «Жомок - жана байыркы кытайдагы маданият» (1958-ж.) аттуу эмгеги басылып чыккан. Ал эмгектин кээ бир маселерине теориялык жактан биз макул боло албайбыз. Карлгрен жомоктогу каармандарды тарыхый каарман деп эсептейт. Бул көз караш этнографияга жана салттуу байыркы кытай авторунун эмгектерине жомоктогу образдар тарыхый образ менен алмаша ала тургандыгына дал келет. Ошондуктан Карлгрендин изилдөөлөрү салттык изилдөөлөргө кирет десек жаңылышпайбыз. Б.Карлгрен текстолог катары белгилүү бир жомоктордо айрым бир зарыл маселелерди көтөргөн. Ал байыркы китептерди Чжоу мезгилине таандык деп таап, Чжоу мезгилинен кийинки жана Хан династиясы (б.з.ч. 221-жыл) деп бөлүштүргөн. Карлгрендин көз карашы боюнча анын изилдөөсүнүн жыйынтыгы Вэн Идонун изилдөө жыйынтыктарына карама-каршы келет. Швед окумуштуу жомоктор байыркы Чжоу мезгилиндеги маданият менен байланыш болгондо гана жазылып калган деп эсептейт. Б.з.ч. III кылымдын аягында Кытайда социалдык жактан кыйроо башталган. Жомокторду изилдөөдө авторлор аларды өзгөчө кылып сүрөттөө, окурманды таң калтыруу сыяктуу максаттарды көздөшкөн. Ошол үчүн жомокту тарыхка айландыруунун аларга зарылчылыгы жок эле. Атап айтканда, немис окумуштуусу В. Эберхард дагы жомоктогу каармандар чынында эле турмушта жашоочу адамдар сыяктуу деген Карлгрендин оюна каршы чыгат. «Кытай эли алгач каармандарды жаратып, андан соң алардан кудайды, жада калса жаныбарларды кыла берсе болмок» деп немис синологу өз оюн айткан. «Байланыштын түзүмү жана жомоктордун мазмуну маданияттын мүнөзүнө байланыштуу, азыркы изилдөөдө биз өзгөртүүлөрдү киргизип, алардын баштапкы абалына алып келүүбүз керек» деген оюн жазып чыккан.

1958-жылы Вернердин «Кытай мифологиясынын сөздүгү» деген аталыштагы көлөмдүү жаңы эмгеги пайда болот [28, 75-б]. Жогоруда белгилегендей, кытайлык белгилүү окумуштуу Шэнь Янь-бин Вернердин биринчи китебине сын бергенден кийин сегиз жыл өтөт, бирок англиялык окумуштуу мурдагыдай эле байыркы мифтерди автордук иштеп чыгуулар жана буддисттик, даостук айтууларды аралаштырып келет. Вернер өзүнүн изилдөөсүндө байыркы булактарды жана кытай окумуштууларынын эмгектерин эске алган эмес. Тилекке каршы, азыркы батыш мифологиялык сөздүктөрүндө, анын ичинен «Бардык элдердин жомокторунун энциклопедиялары» аттуу китебинде байыркы кытай жомоктору азыр деле көңүл толорлук берилген эмес.

XX кылымдардын 60-80-жылдары европалык окумуштууларга кытай элинин тилин, турмуш түшүнүгүн, саясий тарыхын үйрөнүү кыйынга турган. Миссионерлердин элдик оозеки чыгармачылыгынан чыгыш кытай элинин макалдар-ылакаптары сакталып калынган, бирок ушул сыяктуу элдик афористика изилдөөлөрү «өтө үстүртөдөн дилетанттык мүнөзгө ээ».

1990-жылдары батыш өлкөлөрүндө кытай жомокторун изилдөө иштери жаңы күч алып, швед окумуштуусу Эдуард Беленштейндин эмгектери азыркы күнгө чейин актуалдуулугун жоготпой келет: “Кытай жомокторундагы Күндүн берилиши” (1994); “Кытай элинин салттуу жомоктору” (1996).

XX кылымдын аягындагы XXI кылымдын башындагы кытай жомокторуна илимий эмгегин арнаган көрүнүктүү илимпоздордун арасынан англис синологу Аллан Сараны белгилесек болот. Аллан ошондой эле кытай окумуштуулары үчүн батыш жыйнактарында кытай жомокторуна байланыштуу материалдарды басып чыгарууда кытай окумуштуулары, атап айтканда, Ли Сюцэцин 李学勤 жана Ци Вэнсинь 齐文 менен активдүү кызматташкан [149, 98-б.]. Кызматташтыктын дагы бир багыты - Кытай жомоктору боюнча эл аралык конференцияларды жана семинарларды уюштуруу болуп эсептелет [150, 134-б.]. Аллан узак убакытта Лондон университетинин Чыгыш жана Африка таануу мектебинде кытай тилинин ага окутуучусу болуп эмгектенген. 2020-жылга

чейин Берлингтон Түндүк Фондунун Дартмут колледжинин Азия жана Жакынкы Чыгыш тилдери жана адабияты бөлүмүнүн Азия таануу боюнча профессору болгон. Учурда ал Калифорнияда жашайт. Ал Байыркы Кытайдын фольклорун изилдөө коомунун төрагасы жана ушул эле коомдун журналынын редактору болуп эмгектенет. Окумуштуунун кытай жомогуна болгон кызыгуусунун үзүрү катары анын илимий эмгектерин атасак: “Кытай жомокторундагы таш баканын формасы: миф, искусство жана мейкиндик” (1991); “Мураскер жана даанышман: алгачкы (эрте) династиялык легенда” (1993); “Дун Чжуншунун кайты келиши (1995); “Дун Чжуншунун кайты келиши” (1997); “Суу жолу жана изгиликтин өнүп чыгышы, Кытай философиясы жана маданияты сериясы” (1999); “«Ал куштай учат, ажыдаардай сүзөт. Шам артындагы Шаман образдары жана Батыш Чжоу” (2010); “Кытай жомогундагы Шан Дидин сүрөттөлүшү жана асмандагы мандат түшүнүгүнүн келип чыгышы жөнүндө” (2007); “Тан үйүндө кызыл көгүчкөндөр чогулганда: Ся жана Шан династияларынын чек арасындагы согушкан мамлекеттер доорундагы шамандардын ээлик кылышы” (2015); “Көмүлгөн идеялар: Жакында табылган кытайдын алгачкы бамбук кол жазмаларындагы баш ийүү жана идеалдуу башкаруу жөнүндө уламыштар” (2018) деген эмгектери кирет.

Батыш өлкөлөрүндө кытай жомоктору боюнча изилдөө азыркы күндө да актуалдуулугун жоготкон эмес.

XX кылымда кытай уламыштарын жазган жапониялык изилдөөчүлөрдөн Идзуси Ёсихико, Фудзита Тоёхата, Огава Такудзини айтсак болот. XIX кылымдын аягында жапон тарыхчылары Сиротори Кураёси менен Найто Конан биринчилерден болуп байыркы тарыхка тиешелүү Кытайдын тарыхы жөнүндө баяндарда кездешкен кытай жомокторуна тийиштүү көптөгөн маселелерди козгошкон. Бирок бул изилдөө кандайдыр бир белгисиз себептер менен аягына чыкпай, жөн гана маалымат бойдон кала берген.

Огава Такудзи Кытайдын тарыхый географиясы боюнча адис, сыйкырларга толгон жомокторду окуп изилдеген соң көптөгөн эмгектерди басып чыккан. Окумуштуу 1989-1996-жылдары жомоктун баштапкы формасы жөнүндө

байыркы тарыхый айтымдардан алып жазган. Ал «Тоолор жана деңиздер каталогу», «Падыша Мунун жашоосу» ж.б. бир эле убакта байыркы жомоктордун жыйындысы болгон географиялык баяндамаларды изилдеген. Жыйынтыгында, 1996-жылы «Куньлунь тоолору жана Сиванму» сыяктуу олуттуу иштерге иликтөө жазган. Жазуучу Кытайдагы конфуциандыктардын байыркы жомокторду тарыхка айландырууга жасаган аракеттерин баса белгилеп көрсөткөн жана гректер менен шумеро-аккаддыктардын уламыштарынын ортосунда чоң салыштыруу жүргүзгөн. Мындай иш жүргүзүү окумуштууга изилденип жаткан материал тарых эмес, жомок экендигин далилдөөгө, ошону менен бирге байыркы фольклордук байланыштарды көрсөтүүгө жардам берген. Буга мисал катары батыштагы Сиванму жөнүндөгү жомоктордун келип чыгышы боло алат. Такудзинин кылдаттык менен изилдеп чыккан эмгегине да нааразычылык айтып чыккан окумуштуулар аз эмес болгон. Бирок немис окумуштуусу А. Форке 2003-жылы жапон изилдөөчүнүн эмгегине жогорку баа берип жазып чыккан. Анда падыша Му, Сиванму деп аталып жүргөн Саба ханышасына барып жүргөнүн көрсөтөт. Бирок окумуштуу изилдеген байыркы жазуулар жомок болуп эсептелет деп айтканы менен, айрым географиялык аталышы бар жомокторду ошол аймактардын тарыхына байланыштырууга аракет кылат деген ой пикирлер арбын айтылган. Мына ушул себептен жапон окумуштуусу Такудзинин эмгектери кытай жомоктору жөнүндөгү булактарда жокко эсе.

Кытай жомокторунда кездешкен таш бакалардын падышасы Курманын далысына тартылган Мандара (индия элинин мифологиясындагы тоо) тоосу жөнүндөгү уламыш. Аталган уламыш чжоу мезгилиндеги ар кандай падышалыктардан чогулган «Ыр китеби» аттуу ырлар жыйнагында сакталып калган. Убагында сырттан келген жомоктун изин табуу оңойго турган эмес, кээ биринде гана бөтөн элдин, бөтөн падышачылыктын маданиятынын өзгөчөлүгү далилденип түшүндүрүүлөрдү божомол келтирсе болот, мындан башка байыркы кылымдагы жомоктордун издерин аныктоо мүмкүн эмес. Нечен изилдөөлөрдүн натыйжасында «Ыр китеби» аттуу ырлар жыйнагында бир канча маданияттын

жомоктору топтолгон же бөтөн маданияттын таасиринен жазылып калган жомоктор, уламыштар бар экенин четке какпайбыз. Тескерисинче, көптөгөн изилдөөлөрдө бул көргөзмөлөрдүн далили күчтүү жана ынандырарлык деп белилеп кетишибиз абзел. «Ыр китебинде» уламыштардын дээрлик жок болушун конфуцианизм кызматын куугунтукка алган система менен түшүндүрүүгө болот.

Жапон окумуштуусу Идзуси Ёсихиконун эмгектери ажыдаар айкелдеринин келип чыгышын, тоолор жөнүндө жомокторду, деңиз таш бакаларынын келип чыгышын изилдеген. Анын өлүмүнөн соң эмгектерин Идзуси Ёсихиконун улантып, кытай жомоктору боюнча изилдөөлөрү өзүнчө китеп болуп чыгып (2009), белгилүү жапон синологу Цуда Сокитиге берилген.

Кытай жомокторун изилдөө маселеси 30-40-жылдары Европада жана Жапонияда өнүккөн [28, 167-б]. Ошол мезгилдеги изилдөөлөрүнөн, университеттин профессору Осака Мори Микисабуронун (2005) китебин баса белгилешкен. Автор «Кытай элинин турмушу» эмгегинде кытай жомокторундагы башкы каармандарынын (Фуси, Нюйва, Шэнь-Нуна) жашоо образын изилдеген. Мори Микисабуро конфуцияндык окумуштууларга караганда Шэнь Янь-биндин абалы жапон тарыхчылары Сиротори Кураёси жана Найто конандын эмгектеринде XX кылымдын башында эле кененирээк жазылганын айтат.

Мори Микисабуро эмне үчүн кытай жомоктору өз убагында өнүгүү жолуна түшкөн эмес жана баары кошулуп бир эпикалык поэзияны түзбөйт деп ойлонгон. Изилдөөчү бул маселе боюнча негизги эки факторун айтат. Биринчиден, башка өлкөлөргө салыштырмалуу аймагынын чоңдугу, экинчиден, «мамлекеттин жабык болгону» тууралуу сөз болот. Бизге жеткен кытай жомокторунун аз болушунун себеби ушул маселелерде деп түшүнөт.

Жапонияда Кытай жомокторунун изилдениши 1990-жылдары арбын жүргүзүлгөн. Заманбап синологиясында жапон окумуштууларынан Н. Хикононун (2015, 2019) эмгектерин белгилей кетебиз.

1.4. Кытай жомокторунун кыргыз тилинде иликтениши

2021-жылы Роза Отунбаеванын фонду кытай эл жомокторунун сериясын басып чыгарды. “Кытай эл жомоктору” деген китептер сериясынын каармандары аркылуу жаш окурмандар кытай элинин тарыхы, философиясы, жомок-тамсилдери менен тааныша алышат” - деп айтылган.

Кытай жомокторун кыргыз тилине Жунусова Алтынай жана Капаров Жаныбек которушкан. Бул китептер Кыргызстан менен Кытай элдеринин ортосундагы достукту чыңдоого жардам берет да, кытай маданиятын үйрөнүүгө шарт түзөт.

Баарыбызга белгилүү Ютуб порталында РухЭш TV каналында “Балдар үчүн аудио-жомок. Көркөм окуган: Олжобай Шакир” деген жазууга туш болуп, аталган порталга кирип кытай жомогун уктум. Котормосу да, көркөм окулушу да мыкты дэңгээлде аткарылгандыгы кубандырбай койбойт.

Интернет тармактарынан Ларафорнм аттуу сайтында маданият бөлүмүнө баш бактык, кытай элдик жомокторун кыргыз тилине котормосу дароо ачылды. Ал интернет баракчасындагы бөлүм “Үч кооз кытай жомоктору” деп аталып: “Чайка жана боорукердик, кооз кытай жомогу”, “Эч кимди көрбөгөн адам”, “Ажыдаарларга берилип кеткен адам” деген жомоктордун котормосуна көңүлүбүз түштү. Тилекке каршы, котормонун авторун жазылбаган соң, котормочунун аты-жөнүн таба алган жокпуз.

Кыргызстанда биринчилерден болуп 2006-жылы “Кытай-корей жомоктору” аттуу китепти Б.А.Асакеева басып чыгарган. Кайсы тилден кантип которгондугу тууралуу маалыматыбыз жок. Мазмунун карап, китеп он тогуз кытай жомогун жана он тогуз корей элинин жомокторун камтыганын байкадык.

Жомоктор ыр түрүндө да, карасөз формасында да болору малым. Фольклористика илиминин тажрыйбасына таянып жана өздүк материалдарга жараша кыргыз жомоктору төмөнкүдөй классификацияланган: 1. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор, 2. Кереметтүү жомоктор, 3. Турмуштук жомоктор. Кыргыз эл жомокторун классификациялоодо фольклорист-окумуштуулар К. Мифтаков, М. Богданова, К. Рахматуллин, З. Бектенов, Т. Байжиев, С. Мусаев, Ж. Таштемировдун жасаган эмгектери чоң [4, 88-б.].

Жанрдык жактан алганда айбанаттар жөнүндөгү жомоктор кереметтүү же турмуштук жомоктордон кескин айырмаланып, түзүлүшү боюнча да өз алдынчалыкка ээ. Жомоктун баяндама мүнөзү, сюжетинин кыска жана тактыгы, персонаждарынын типтүүлүгү жанрдык өзгөчөлүгүн аныктайт. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктордо аллегориялык маанидеги нравалык тарбия жатат. Адамдардын ачкөздүгү, сараңдыгы, карөзгөйлүгү, акылсыздыгы, айлакерлиги жана ошол эле учурда достукка бекемдиги, боорукердиги өңдүү, адамзатына тиешелүү кеңири темадагы мүнөз-сапаттар чагылдырылат. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктордун стили жөнүндө сөз кылганда өзгөчө диалог формасы кеңири колдонулганы байкалат. Бул форма жомокко драмалык мүнөз берип, угуучуга өзгөчө таасир калтырат. Ошондой эле формасы, стили жана түзүлүшү боюнча кумулятивдик жомоктордун түрүнө кирген жомоктор да көп кезигет. Ар бир фольклордук көрүнүш узак мезгилдүү тарыхый өнүгүштү, өзгөрүштөрдү өзү менен бирге алып жүрөт. Кереметтүү жомоктордо да тотемдик, анимистик, магиялык түшүнүктөр орун алып, элдик фантазия, көркөм ойлоо жогорку чекке жетип, өзгөчө бир кереметтүү дүйнөнүн көркөм элестери чагылдырылып келет. Кереметтүү жомоктогу магиялык, сыйкырдуу предметтер канаттуу ат, ажыдаар (үч, жети баштуу), кырк кулактуу казан, топу, таяк, жайыл дасторкон, шакек, ийне, куштун жашартуучу канаты, жез кемпир, кыдыр, перилер, дөөлөр ж. б. у. с. Жаңы жана эски кереметтүү Жомоктордун сюжети жанрдан да мурда пайда болушу мүмкүн.

Биринчи бап боюнча жыйынтык

Кытай элдик жомокторунун колдо болгон типологияларын изилдөө аларды кайра карап чыгуунун зарылдыгын көрсөттү, ошондуктан жанрын, мазмунун, максаттуу аудиториясын жана булагын эске алуу менен алдын ала кытай элинин жомокторунун классификациясын сунуштайбыз: балдар жомоктору, жаратылыш жана жаныбарлар жөнүндөгү жомоктор, сыйкырдуу жомоктор, турмуштук жомоктор, тамсилдер, рухтар жана арбактар жөнүндө жомоктор, тарыхый жомоктор, адабий жомоктор, дастандар жана уламыштар.

Жомоктор кылым карытып катмарланып келүүсү менен бирге тарыхты гана камтыбастан, ошол учурдагы кытай элинин социалдык турмушун, психологиялык менталдык өзгөчөлүгүн, семиотикалык түрдүү каражаттар берилиши аркылуу дидактикалык маанилери менен окурманга өзгөчө бир эстетикалык ырахат тартуулайт. Кытай жомокторун жана аларды которуу иштери XX – XXI кылымдын башында гана Кытайда жомокторду чогултуу, изилдөө иштери бийик дэңгээлде жүргүзүлгөн. Ошол себептен кытай жомокторунун өзгөчөлүктөрү азыркы кытай жазуучулары тарабынан классикалык адабиятынын чыгармаларын ыңгайлаштыруу жолу менен түзүлгөндүгүндө турат. “Кытай жомокторунун изилдениш тарыхы жана илимий-теориялык негиздери” деп аталган биринчи баптын жыйынтыктап жатып, кытай жомокторунун XX кылымга чейин изилденбегендигинин жана азыркы убакка чейин толук бир системага келе электигинин себептерин атап өтөбүз:

Биринчи себеп – байыркы мезгилде кытай элинин жашоо шартына карай менталитетинин төмөн болушу. Кытайдын чек арасы башка өлкөлөрдөн бекем жабык болгондуктан, дүйнөдөгү башка улуттагы адамдар менен байланыштын жана атаандаштыктын жоктугу, репрессияга туруштук берүү үчүн психикалык активдүүлүктүн жоктугу болуп эсептелет.

Экинчи себеп – диндин улутка тийгизген таасири. Конфуцийдин акылга басым жасаганы кытай жомокторунун өнүгүшүн чектеген.

Үчүнчү себеп – тарыхынын таасири. Адатта, улуттун жомоктору канчалык көп болсо, тарыхый материалдары ошончолук аз болот; ошондой эле тескерисинче, тарыхы канчалык бай болсо, жомоктору ошончолук аз болот. Кытай эли илгертеден өз тарыхын изилдөөгө чоң маани берип келет. Көркөм чыгарма, анын ичинен жомоктор чыныгы тарыхый окуя катары бекитилип, жомоктордогу баатырлар тарыхый каарман катары жазылып калгандыгы кытай жомокторун изилдөөсүнө чоң залакысы тийген.

Төртүнчүдөн, Кытайдын кылымдарга созулган катаал башкаруу системасы да кытай жомокторун изилдөөсүнүн, башка тилдерге которулушунун кеч жана жай жүрүсүүнө себеп болгон. Бир нече кылымдар бою кытай эли дүйнөлүк ири

цивилизациялардан бөлүнүп жабык турган, ошондуктан жомоктордун тез өнүгүшүнө көмөктөшүүчү тышкы күчтөр жок болгондуктан, алардын изилдөөсү узак убакыт бою катаал абалда калып, азыркы убакта да бир системага кире элек.

II БАП. КЫТАЙ ЖОМОКТОРУН ЖАНА АЛАРДЫ КОТОРУУНУ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДИКАСЫ

2.1. Кытай жомокторун жана алардын котормолорун изилдөөнүн методологиясы

Изилдөөнүн методологиясы кеңири мааниде алганда, ар кандай илимий тармактардын, өзгөчө философиялык методология менен байланышта болуп, изилдөөнүн ыкмалары менен тилдик каражаттарын гана эмес, мета-илимий ишенимдерди жана баалуулуктарды камтыйт. Ал эми тар маанисинде алганда, изилденип жаткан объектинин табияты жөнүндө ишенимдүү божомолдорго тиешелүү болгон ыкмалардын колдонулушун айтабыз, б.а калыптанган стандарттуу ыкмалардын, изилдөө каражаттарынын (методдор менен ыкмалар) комплексин камтыган илим.

Методология (лингвистика) (грек, *method* жана *logos, logos* - сөз, окуу, үйрөнүү) - бардык эле методдор же бир илимдеги изилдөө иштеринин жалпы методдору жөнүндөгү окуу болуп эсептелет.

Методология тил илиминде тил таануунун, тилди изилдөөнүн принциптери, аспектилери, ыкмалары, тил илиминин объектисине кандайча мамиле жасоонун жолу, билимди илимий жактан түптөөнүн ыкмасы, лингвистикалык изилдөөнүн мүнөзү жана жалпы багытын аныктайт.

Методологияны тилдик каражаттарды изилдөөдө үч деңгээлде карайбыз:

1) жалпы философиялык изилдөө принциптерин, багыттарын материалисттик диалектиканын принциптеринин жана анын мыйзамдарынын негизинде аныктап жүргүзүү;

2) жалпы илимий методологиядагы башка илимдерде колдонулуучу методдор, принциптер камтылган ыкмаларды колдонууну үйрөтүү;

3) жеке методология бир гана илимде (мисалы, тил илиминде) колдонулат.

Методология лингвистикалык теориялар менен тыгыз байланышта болуп, илимий изилдөө иштеринин көрүнүктүү окумуштуулар тарабынан жетишкендиктерин шарттайт жана алардын биздин темабызга тиешелүү болгон теориялык эмгектерине таянат. Белгилүү бир маселени изилдөөдө кандай

иликтөө ыкмалары кандайча жолдор менен ишке ашарын, багытын аныктайт, принциптерин белгилейт.

Методология - илимий изилдөө ишинде ошол ишти жазуу үчүн көрсөтө турган, таяныч бере алчу мурда түзүлүп калган илимий билимдердин жыйындысы. Азыркы биздеги бардык илимдердин методологиялык негизи болуп көрүнүктүү окумуштуулардын илимий иштери эсептелет. Окумуштуу изилдөөгө алып жаткан проблема үчүн ал багытта мурда эле изилденген, жалпыланган теориялык эмгектерди окуп-үйрөнүп, алардан жалпы багыт алат. Мындай ыкма изилдөөчүгө методологиялык негиз катары кызмат кылат. Биздин ишибизде илимий методологиялык негиз катары кытай жана кыргыз жомокторун изилдеген кытай окумуштуусу Юан Кэнин, орус окумуштуусу Б. Л. Рифтиндин, кыргыз окумуштуусу Р. З. Кыдырбаеванын илимий иштери негиз боло алды. Андан тышкары, В.М. Жирмунскийдин, В.Я. Пропптун илимий иштерине дагы биз таянабыз.

Б.Л.Рифтин негизги эмгектери кытай жомокторуна, фольклоруна, классикалык адабиятына арналган. Ал кытай жазма адабиятын жана кытайдын оозеки чыгармачылыгын, адабияты менен искусствосун, Батыштын орто кылымдардагы адабиятын жана аны менен синхрондуу чыгыш адабиятын, кол жазмалардын палеографиясынын өзгөчөлүгүн жана элдик жомоктордун интонациясын бирдей жакшы түшүнгөн.

Ал эми Рифтиндин жазма салтты изилдөөдө В.М.Алексеевдин эмгектерине, эпикалык изилдөөсүндө В.М.Жирмунскийдин изилдөө ыкмаларына, фольклор таанууда В.Я.Пропптун илимий иштерине таянганын көрөбүз. Бирок Рифтиндин ар бир изилдөөсүнүн натыйжасы мугалимдин айткан оюнан өзүнүн корутундусуна чейин созулган жип сымал өзүнүн методу экени таанымал. Анын жолу - өзгөчөлүктөн жалпыга карай, булакты идиографиялык изилдөөдөн аны номотетикалык түшүнүүгө, окшоштордон курулган топтордун типологиясын түзүүгө чейинки жол болуп эсептелет. Кытай таануунун натыйжасында ал орто кылымдагы прозалык баяндын типологиясын, оозеки

басылмалардын типологиясын, Чыгыш менен Батыштын орто кылымдардагы адабияттарынын типологиясын түзгөн.

Орус синологиясынын тарыхы боюнча эмгектердин (негизинен кытай тилинде), кытай элдик живописинин каталогдорунун автору Рифтин өзүнүн илимий изилдөөлөрүндө кытай жомоктору тууралуу кенен маалыматтарды калтырган. Байыркы кытайлардын фантазиясында эч кимге белгисиз бир жерлерде узун кулактуу жана канаттуу жандыктар, көкүрөгүндө тешиги бар же үч жүздүү адамдар жашаган. Кытай жомокторунда грек кудайларынын жана баатырларынын керемет пластикасы жана гармониясы жок экенин көрсөткөн, алар бизди кайраттуулугу жана фантазиясынын күтүүсүздүгү менен таң калтырышат. Мисалы, кытай жомокторунун каармандарынын бири Хун-тун - Хаос - бул формасыз, бирок жандуу масса болгон, Хун-тундун достору ага адамдардагыдай көрүү жана угуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн тешиктерди бургулоого аракет кылышат. Шичжоу - көрүүчү эт - жаныбардын бооруна окшош, көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ кереметтүү жандык. Тилекке каршы, байыркы кытай жомоктору унутулуп, элдин эсинен кете баштаган. Алар тажрыйбалуу археолог жана реставраторлор тарабынан чогултулуп чапталышы керек болгон байыркы вазанын сыныктары сыяктуу көптөгөн өзүнчө фрагменттерде гана сакталып калган. Рифтин кытай окумуштуусу, көптөгөн кытай жомоктору тууралуу китептердин, илимий эмгектердин автору Юань Кэ ушундай реставратор болгон деп айткан. Юан Кэнин “Байыркы кытай элинин мифтери” аттуу китеби көптөгөн өлкөлөрдө бааланып, алгачкылардан болуп жапон, орус тилдерине которулуп чыккан.

1924-жылы кытай окумуштуусу академик Шэн Ян-бин кытай жомокторун изилдөөдө мындай деп жазган: “Кытай жомоктору атайын китепке жыйналбагандыктан, жомоктордун байыркы жазуулары чачырап кеткен, же мазмунундагы жазуулары өтө үзүндүгө учураган, ошондуктан бир системага салып, өнүгүү этаптарын тактап, кытай жомокторунун жыйнагын түзүү кыйын”. Ошондон тартып, 20-30 жылдын ичинде илимпоздор бул жаатта көптөгөн изилдөөлөрдү жасап, бирок эч ким байыркы кытай жомокторун бир системага

салып, бир формада берген эмес. Кытай жомокторун чогултуп, өзүнчө китеп чыгаруу, бул абдан маанилүү жана зарыл эмгек болгонун баары түшүнүп турушкан. Кытай жомокторун изилдеп, аларды бир системага салган кытай окумуштуусу Юан Кэ болуп саналат. Окумуштуу байыркы китептерден жомоктор боюнча материалдарды кезиктиргенде, сүрөттөрүнүн байлыгына, кооздугуна таң калган. Жомоктор элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү болуп эсептелет. Билиминин жеткилең эместигине карабастан, жомокторду чогултуп, салыштырып, системага салып, толук баяндап берүүнү чечкен. 1950-жылы «Шангу Инипугуан» («Коммерциялык басмакана») басмасынан «Байыркы Кытайдын жомоктору» деген китебин чыгарган.

Изилдөөчүлөр байыркы кытай жомокторунун изилденбей унутулуп калышына ар кандай түшүндүрмөлөрдү беришкен. Анын себептеринин бири дүйнөнү мифологиялык-поэтикалык түшүндүрүүдөн акылга сыйбас жана мистикалык нерселердин баарын четке каккан рационалисттикке тез өтүүдө жатса керек деп билишкен. Грециядагы жана Римдеги мифологиялык ой жүгүртүү акындардын жана скульпторлордун, археологдордун чеберчиликтеринде көрсөтүлсө, ал эми Кытайда жомоктор акындардын, сүрөтчүлөрдүн көңүлүн бурбай койгон жок. Бирок байыркы Кытайдын биринчи белгилүү акыны Цю Юань (б. з. ч. IV-III кылымдар) дүйнөнү жомоктордогу мифологиялык түшүндүрүүнүн чындыгына күмөн санаган ырларды жараткан. Анын жолдоочусу окумуштуу Сун Юй да дүйнөнүн пайда болушунун бул жомоктордогу мифологиялык түшүндүрмөсүнө толук ишенген эмес.

Кытай окумуштуусу Юань Кэ кытай жомокторунун каармандардын аттарын терең изилдеп, даталарын тактап, андагы мифтик кубулуштардын классификациясын берген.

Методологиялык жактан изилдөөнүн максатында негизинен үч суроого жооп алышыбыз керек: а) жомокту изилдешибиз керек; б) жомокту кантип изилдешибиз керек; в) жомоктун тилин, стилин, көркөм концепциясын, эстетикалык маанилүүлүгүн, негизги идеяны анализдөө менен негизги максатка жетүүгө болот.

Кытай жомокторундагы каармандарды изилдөөдө концептуалдык анализди колдонуп, жомоктордогу каармандын өзгөчөлүгүн изилдөө этнолог-структуралист К.Леви-Стросс, фольклористтер М.Е.Мелетинский жана В.Я.Пропп жана башкалар тарабынан иштелип чыккан структуралык-типологиялык анализдин алкагында жүргүзүлгөн. А.Н. Веселовский, В.Я. Пропп, Е.М. Мелетинский өздөрүнүн эмгектеринде башкалар менен катар салыштырууларды жүргүзүү үчүн кытай тексттерин пайдаланышкан.

Жомоктор фольклордук жанр катары кытай изилдөөчүлөрүнүн үзгүлтүксүз көңүлүн бурган: Чен Шусян, 1553; Сю Ши, 1772; Ваң Ли, 1996; Лан Ма, 2009; Чжан Цзин, 2009; Чжан Тиң, Лу Сы, 2015, Цзи Чжен, 2019.

Кытай жомокторун изилдөөдө, аларды кыргыз тилине которууда кытай элинин белгилүү фольклористтеринин арасынан Лу Синдин (1923), Гу Цзегандын (1935), Вэн Идонун (1939), Шэн Ян-биндин (1924), Юан Кэнин (2005) илимий эмгектеринен көптөгөн түшүнүктөрдү, тажрыйбаларды пайдаландык.

Жомоктордун туруктуу элементтери (инварианттары) жана сюжеттери, сюжеттин өнүгүшү менен кайталануучу элементтердин динамикасы, функциялардын бинаритети, ошондой эле кытай жомокторунун маданий каармандарынын түрлөрү ачылган. Жомоктордогу баатырлардын түзүлүшү, алардын эволюциялык өзгөрүүлөрү Э.Дюркгейм, Б.Малиновский, А.Редклифф-Браун жана башкалар тарабынан иштелип чыккан структуралык-функционалдык теориянын *концептуалдык жоболорунун* негизинде изилденген.

Жомоктордогу каармандардын образдарын чечмелөөгө белгилүү З.Фрейддин психоаналитикалык теориясынын негизинде иштелип чыккан, окумуштуу каармандардын образдарын жамааттык аң-сезимдин алыскы тарыхына бурулган көрүнүш катары чечмелеген.

Маданий каармандардын коом менен байланышын изилдөө процессинде М.Вебер жана Э.Дюркгейм тарабынан иштелип чыккан классикалык социология концепцияларынын жоболору эске алынган.

Жомоктогу баатырлар жөнүндөгү маанилик мазмунун талдоо Э.Гуссерл жана анын жолдоочулары (М. Хайдеггер К. Ясперс) иштеп чыккан феноменологиялык мамиленин негизинде жүргүзүлөт. Алардын эмгектери жомоктогу каарманды архаикалык маданияттын субъектиси катары жаңыча түшүнүүгө негиз болуп, аны тарыхый конкреттүү жана динамикалык кубулуш, анын аң-сезими жана өзүн-өзү билүүсү, ишмердүүлүгү жана жүрүм-туруму, маданияттын контекстинде өнүгүп жаткандыгын чечмелеп берген.

Белгилей кетсек, кытай элинин жомокторуна жомоктук образдын негизги түзүлүшү мүнөздүү. Каармандардын образын чагылдырууда алардын типтүү мазмунун жекелештирүү аркылуу эмес, жалпылоо, ал тургай абстракциялоо аркылуу ачуу тенденциясы байкалат, мындай көрүнүш жалпысынан фольклор үчүн айкын мүнөздүү болуп саналат. Чыныгы жашоодо жаныбарлардын көптөгөн түрлөрү бар - жолборс, түлкү, жылан ж.б. Бирок жомоктук реалдуулукта өзүнүн шарттуулугу менен бир каарман бүтүндөй улуттун өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирип, тарыхый маданиятын көрсөткөнгө аракеттенет.

Жомоктук образдын семантикасынын өзгөчөлүктөрүн, кытай жомогундагы жаныбарлардын образдарынын семантикалык жана функционалдык тармактарынын ортосундагы байланышты аныктоо үчүн тиешелүү изилдөө методологиясы керек, атап айтканда: кытай изилдөөчүлөрү Мао Дун, Ли Сы, орус фольклористтери Д.К.Зеленин, Н.И.Толстой, Ю.М.Лотман, В.Я.Пропп, Е.С.Новик жана башкалар тарабынан иштелип чыккан системалык-этнографиялык ыкмалардын, контексттик жана лингвистикалык анализдердин комплексинде колдонуу зарыл деп эсептейбиз.

Илимий иштин “Кытай жомокторун изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери” деген бөлүмүндө, кытай жомокторунун теориялык негизи болгон булактарга аналитикалык сереп берилет, ошондой эле кытай жомокторунун котормолорун изилдөө методикасы баяндалат. Кытай элинин жомокторундагы образдарды изилдөө методикасы көрсөтүлгөн. Кытай тилиндеги жомокторду башка тилге которуудагы көйгөйлөр боюнча

адабияттарды жана булактарды аналитикалык метод менен карап чыгуу боюнча иш жүргүзүлдү.

Жомок кытай илимпоздору тарабынан көп катмарлуу чындыкты жана болумуштун ыкмаларынын көптүгүн ачып берүүчү улуттун маданий баалуулугу катары изилденген. Ван Ян, Вэн Идо, Го Вэй, Гу Цзеган, Лу Синь, Мао Дунь, Нин Шэнке, Сюй Сюйшэн, Сяо Бин, Тан Юньхан, Тянь-шунь, Фэн Тян-юй, Ху Няньи, Ху Сяохуэй, Чжун Шулан, Чжэн Чжэндо, Чжэнь Люй-шэн, Чэн Мэнцзя, Юан Кэ, Ян Лихуэй жана башка кытай окумуштуулары европалык фольклористтердин теориялык жана методикалык ыкмаларына таянып, жомоктордун пайда болушунун социалдык жана психологиялык себептерин аныктап, жомоктогу каармандардын негизги чөйрөсү тууралуу, кытай жомокторунун темалары жана сюжеттери боюнча бир катар фундаменталдуу эмгектерин жарыялашкан.

Кытайлардын байыркы жомоктордогу, жомоктордогу каармандардын дүйнө таанымын өздөштүрүү, маңызын чечмелөө иштери жапон жана корей синологдору тарабынан да жүргүзүлгөн: Митари Масару, Мори Ясутаро, Сон Генхо, Сон Джонгва, Тэцуи, Ёсинори, Чон Джэсю, Юн Суный жана башкалар.

Кытай жомокторун кыргыз тилине которуу боюнча эч кандай илимий изилдөөлөр жазылбаса да аларды көркөм эркин которуулар аркылуу элге таанытышкан Р. Отунбаеванын проектисин айта алабыз. Аталган фонддун демилгеси менен кытай жомокторун которушуп кыргыз элине тартуулашкашкан. Жомокторду А. Жунусова, Ж. Капаров которушкан.

Ошентип, кытай жомокторун изилдөө дүйнөлүк илимий коомчулуктун өкүлдөрү тарабынан гуманитардык илимдердин ар кандай тармактарынын объектиси болуп саналат. Ошол эле учурда, ар кандай илимий басылмалардын арасында кытай жомокторунун каармандарын салыштырмалуу типологиялык анализдин позициясы менен каралган илимий эмгектер аз экендигин белгилей кетүү керек.

2.2. Кытай жомокторун жана алардын котормолорун изилдөөнүн методдору

Цивилизациянын өнүгүшү жана жаңы технологиянын пайда болушу адамдын жашоосунда башка маданияттын жана башка тилдердин өкүлдөрү менен болгон байланыштардын өсүп-өнүгүп, маанилүү орунду ээлеп жаткандыгына алып келди. Демек, маданияттар аралык байланыштарды изилдөө барган сайын жигердүү өнүгүп жатат, түрдүү «маданияттардын диалогу» көбөйүп жатат. Башкача айтканда, кыргыз тилине сырттан, башка тилдик аң-сезимдин призмасы аркылуу кароо мүмкүнчүлүгү артты. Азыркы лингвистикалык теориялар котормого, ал котормонун анализине, анын ичинде экинчи тилди окутуунун практикалык милдеттерине барган сайын көбүрөөк көңүл бурулууда.

Кытай жомокторун изилдөөдө биз *компоненттик анализди* колдонобуз, анда сөздөрдүн маанисин лингвистикалык жактан карайбыз. Сөздүн мааниси синонимдер, антонимдер, омонимдер аркылуу сүрөттөлүшү мүмкүн. Бул ыкма кытай жана кыргыз тилдеринин формалдуу структурасын жана семантикалык структурасын аныктоого көмөк көрсөтөт. Компоненттик талдоо сүрөттөөнүн дагы бир жолун сунуштайт. Сөздүн мааниси анын составдык компоненттерине ажырайт (кээде аларды семантикалык факторлор деп аталат).

Компоненттик анализдин ыкмасы түшүнүктүү, ар кандай сөздөрдүн маанилери бир эле «бөлүктөрдүн» болушу же жоктугу менен оңой салыштырылат. Алардын жыйындысы жандуу тилдеги сөздөрдүн санынан бир нече эсе аз болгондуктан, лексикалык маанилерди компоненттик анализдин жардамы менен сыпаттоо абдан ыңгайлуу, үнөмдүү көрүнөт: вербалдык маанилердин чексиз ар түрдүүлүгү системалаштырылып берилиши мүмкүн. бирдей бирдиктердин ар кандай комбинацияларынын семантикалык формасы катары калыптынган.

Талдоо бирдиктери тилдик бирдиктин (номинативдик-коммуникациялык же структуралык) бөлүктөрү (элементтери) экендигине негизделген ыкма. Компоненттик анализ методу Казан жана Москва лингвистикалык мектептери тарабынан иштелип чыккан. Компоненттик анализдин мисалдары:

1) сөздү морфемикалык жана морфологиялык курамы боюнча талдоо;

2) сүйлөмдү талдоо (анын логикалык-грамматикалык жана семантикалык бөлүнүшү менен);

3) нормативдик сөздүктө сөздөрдүн чечмелөөсү.

Бир катар изилдөөлөрдө компоненттик талдоо дискреттик талдоо катары каралат, анын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) лексикалык маанини семаларга ажыратуу;

2) алардын матрицалык жактан сыпатталышы;

3) семантикалык деңгээлдин лексикалык деңгээлге карама-каршылыгы;

4) талдоо ыкмасын сыпаттоо ыкмасы менен алмаштыруу;

5) анализдин борборунда тематикалык катар дискреттик компоненттик анализ ыкмасынын маңызы болуп саналган карама-каршы моносемалар (= сем), анын матрицалык сыпатталышы жана контексттик ырастоосу турат.

Демек, компоненттик анализ - бул сөздөрдүн маанилерин семантикалык бөлүкчөлөргө бөлүп алып изилдөө, башкача айтканда, семантикалык компоненттерин, белгилерин табуу. Р. О. Якобсон, Л. Ельмслев сөздөрдү идея менен байланыштырышып, аны семантикалык талаа катары изилдөөнү сунушташкан. Семантикалык тааладагы сөздөр бири-биринен айырмаланып туруучу белгилерди камтыйт. Компоненттик анализ биздин илимий ишибизде кеңири колдонулган. Мисал катары кытай жана кыргыз жомокторундагы зымырык куштун жана жолборстун образдарына талдоо жүргүзөбүз. Зымырык куштун образы түрдүү маданиятта түрдүү берилет да, төмөнкүдөгүдөй семантикалык компонеттерди камтыйт.

Зымырык куш = зымыр (тез)+учуу+куш=тез учуучу куш жана куштун зымырап тез учушу, б.а., зымырап учуу, мындай талдоо менен сөз айкашынын компоненттерин таба алдык

Зымырык куш башка маданияттарда төмөнкү синонимдерге ээ. Аларга симург, сымырык, самрык, бүркүт сымал куш, кызыл куш, кара куш, түстүү куш, алп кара куш, канаттуулар падышасы, керемет канаттуу ж.б. Зымырык куштун чыгармадагы аткарган функциялары: адамга колдоочу - Манаста; жардамчысы, досу - Эр төштүктө, аял образындагы императордун колдоочусу-кытай

жомокторунда, канаттуулардын падышасы, шамал кудайынын кабарчысы, Асман Теңиринин кабарчысы, тотемдик касиетке ээ өзгөчө таажынын ээси, жубайлардын жакшы жашоосун көрсөткөн символу, жакшылыктын символу, тынчтыктын белгиси, жаздын белгиси, императрицанын символу, күндүн символу катары көрсөтүлгөн. Мындай шартта *концептуалдык анализди* да пайдаланабыз. Мисалы: **Кытай феникси** (кытайча 凤凰, fèng huáng) - кытай жомокторунда керемет куш катары берилген, ал кытай ажыдаарынан айырмаланып, аялдык принципти (阴 ин) камтыган, Чыгыш өлкөлөрүнө тиешелүү болгон жомоктордогу негизги символу катары колдонулат. Тактап айтканда, кытай жомокторунда ажыдаар императордун белгиси катары, ал эми феникс аял императорунун (императрица) белгиси болуп эсептелет. Анын элге көрүнүшү императордун күчүн күбөлөндүргөн же маанилүү окуяны билдире турган улуу белги. Байыркы кытай уламыштарында Феникс Фэнхуан — 凤凰百鸟之王(bǎi niǎo zhī wáng) – “жүз канаттуунун падышасы” деп эсептелген. Мындай анализдөө *семиотикалык ыкманын* негизинде жүргүзүлдү.

Кыргыз маданиятында жолборстун образы аркылуу баатыр мүнөздөлүп айтылат, ошондой эле, кытайдын салттуу согуштук искусствосундо жолборстун образынын популярдуулугу жетишерлик. Ар кандай багыттагы “ушу” искусствосунун кээ бир ыктары анын атын алып жүрөт, мисалы:

«Жолборсту уруу», «артка чегинүү жана жолборсту багындыруу», «жолборсту колго түшүрүү жана тоого кайтуу».

Жогоруда мисал келтирилген Зымырык куштун (Симургдун) образы кыргыз, өзбек, казак, түркмөн, кара калпак, азербайжан, татар, башкыр, өңдүү түрк элдеринин фольклорунда кездешкен ”Алп Кара Кушка” зор таасирин тийгизген. Бул образдын “Алп Кара Куш” деп аталышы да кайсы бир даражада Симургдун эл арасында “кара куш” деп чечмелениши менен байланыштуу. Зымырык куштун алгачкы мааниси унутулган соң анын элде “кара куш” деп чечмеленип, канаты күндүн көзүн жапкан чоң куш катары элестетилиши, Алп Кара куш деген энчилүү аттын пайда болушуна таасир этиши толук мүмкүн.

Түрк элдеринде Зымырык куш менен Алп Кара Кушту бир куш катары эсептеп сүрөттөлүшү да жөн жерден келип чыкпаса керек. Жомоктогу каармандарды мындай изилдөөдө компаративдик анализдин пайдалуу жактарын да көрө билдик.

Кытай жомокторун изилдөөдө *контрастивдик (салыштырма) ыкмасы* биздин иликтөөбүздү тереңдетет. Бул ыкма жөнүндө В.Н.Ярцева мындай айтат: “Контрастивдик анализ тектеш эмес тилдердеги салыштырылып жаткан тилдердин структуралык бирдиктеринин формаларын жана маанилерин системалуу түрдө салыштырууну камтышы керек деп көрсөтөт. Тилдердин ортосунда кандайдыр бир негизги окшоштуктар жана айырмачылыктар бар деген божомолго негизделген” [2, 29-б.].

Контрастивдик анализдин максаты - тигил же бул тилдин өзгөчөлүгүн, типологиялык жана/же универсалдуу моделдерин чагылдыруу менен, тилдеги окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү табуу үчүн иштетилет. Айрым тилдердин карамагындагы лингвистикалык жана семантикалык маалыматтарды салыштыруу үчүн колдонулат.

Фэн Хуан байыркы кытай жомокторунда укмуштуудай канаттуулардын падышасы. Батыш Европада жана орус адабияттарында Фэн Хуан, адатта Феникс кушу катары чечмеленет.

Дескриптивдик анализ көбүнчө жомоктогу каармандарды сүрөттөөдө колдонулат. Кытай жомокторунда образдын сырткы келбети негизги элемент болуп саналат. Жолборсту сүрөттөөдө анын көздөрүнө өзгөчө басым жасалат, чырактарга жана чиркөөнүн коңгуроолоруна салыштырылып, таң калууну жаратат: 老虎的眼睛如两个**寺庙钟声**，火焰从口中逸出 lǎohǔ de yǎnjīng ru liǎng gè **sìmiào zhōng shēng**, huǒyàn cóng kǒuzhōng yì chū - *Ачуусу келген жолборстун көздөрү* ***чиркөөнүн коңгуроосундай*** *жанып, оозунан өрт жалындайт.* (“Жолборс кантип кызды ала качкан” жомогу) [71, 22-б.].

Жолборстун мындай көрүнүшү, бизге белгилүү болгондой, кандайдыр бир нерсеге кол салаарда сүрөттөлөт: 突然，不知从哪里冒出来，一只老虎跳了出来，

他的眼睛**如两个灯笼**，嘴巴张着，就要冲向这个年轻人 Túrán, bùzhī cóng nǎlǐ mào chūlái, yī zhǐ lǎohǔ tiàole chū lái, tā de yǎnjīng **ru liǎng gè dēnglóng**, zuǐbā zhāngzhe, jiù yàochòng xiàng zhège niánqīng rén - *Кокусунан, көздөрү эки* ***чырактай жанып****, оозу чоң ачылган жолборс жолго секирип чыга калат.* (“Жолборс кантип кызды ала качкан” жомогу) [71, 21-б.]

Жомоктордо жаныбарлардын ортосундагы бийлик үчүн болгон алп күрөштөгү жырткычтын сүрөттөлүшү анын психикалык абалын айгинелейт. Мисалы, жолборстун каардуулугу төмөнкүдөй сүрөттөлөт:他鼓鼓的眼睛愤怒地闪耀着绿色，**像铜铃一样**，他呼吸嘈杂，疯狂地将屁股压在地上，前爪蹲在地上，尾巴跳动着，让山响 Tā gǔ gǔ de yǎnjīng fènnù de shǎnyàozhe lǜsè, **xiàng tóng líng yīyàng**, tā hūxī cáozá, fēngkuáng de jiāng pìgu yā zài dìshàng, qián zhǎo dūn zài dìshàng, wěibā tiàodòngzhe, ràng shānxiǎng - *Жолборстун каардуу көздөрү жашыл түстө жалтылдап жанып* ***жез коңгуроо сыяктанат****, кырылдап катуу дем алганы үрөйдү учурат, күч менен жамбашын жерге басып, алдыңкы буттарын сунуп, куйругу менен жерди бир урса, тоо жаңыргандай элес калтырат*. (“Феникс менен жолборс” жомогу) [71, 83-б.].

Жолборсту сүрөттөөдө ошондой эле анын алп денелүү жырткыч экендиги айтылат. Өзгөчө көңүл бура турган факт - жолборсту сүрөттөөдө көбүнчө анын айрым мүчөлөрү белгиленет: маңдайындагы сызык, башындагы ак так, жаныбардын алп денеси. Маңдайыдагы сызыкка басым берилиши жөн жерден эмес, андагы «ван» *«падыша»* иероглифи түрүндөгү сызык - жолборстун жасаган эмгегинин белгиси, ургаачы жолборстун башындагы ак так - анын күчтүүлүгүнүн белгиси.

Жомокторду изилдөөдө *семантикалык методдун ролу өтө чоң.* Илимий эмгегибиздин алкагында, жомоктун мазмунундагы сөздөрдүн маанисин карап, андагы өзгөчөлүктөрдү изилдедик.

Тилдин түзүлүшү жөнүндөгү билимдерден тышкары семантика философия, психология жана башка илимдер менен тыгыз байланышта, анткени семантика сөздүн маанилеринин келип чыгышын, алардын ой жүгүртүүгө

болгон байланышын изилдейт. *Семантикалык талдоодо* тилдин социалдык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл. Ошентип, И.А. Мельчук сөздөрдүн маанилери курчап турган реалдуулукка түздөн-түз дал келбей, которулган тилдеги реалдуулук жөнүндөгү түшүнүктөргө туура келерин көрсөткөн. В.Ш. Рубашкин жана Д.Г. Лахути семантикалык талдоонун эффективдүүлүгү үчүн синтаксистик байланыштардын иерархиясын киргизген. Атактуу лингвист Е.В. Падучева сөздөрдүн, атап айтканда, этиштердин тематикалык класстарын кароону сунуштаган, анткени алар негизги семантикалык жүктү көтөрүшөт деп билдирген.

Кытай тилинде **打 dǎ, 开 kāi, 发 fā** этиштери сыяктуу өзгөчө кенен семантикалуу бир катар полисемантикалык сөздөр бар. Ар кандай сөздөр менен айкалышканына жараша алар ар кандай которулат, ошондуктан аларды кыйыр мааниде 神秘动词 shénmì de dòngcí «сыйкырдуу этиштер» деп атоого болот. Мисалы, **打 dǎ** этишинин 24 мааниси бар. Негизги мааниси – “согуу”, “кагуу”, “уруу”. 1.**打 dǎ** этишин “Цанцзе” жомогунан үзүндү алып карасак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
大事打一大结,小事**打一小结**,相连的事打一连环结 dàshì **dǎ yī dà jié**, xiǎoshì **dǎ yī xiǎojié**, xiānglián de shì **dǎ yī liánhuán jié.**	Чоң иштерди чоң түйүн менен **байлоо**, кичинекей иштерди кичинекей түйүн менен **байлоо**, ал эми байланышкан иштерди чийе түйүн **байлоо** менен [70, 131-б.].

Бул мисалда **打 dǎ** этиши контекст боюнча “байлоо” деп которулат.

2. “Хоу И” жомогунан үзүндү

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
其它的太阳吓得全身**打颤**到处乱转。qítā de tàiyáng xià dé quánshēn **dǎzhàn**, dàochù luàn zhuǎn	Башка күндөр коркконунан **титиреп**, артка бурулду. [70, 21 -б.].

Ал эми көрсөтүлгөн мисалда **打 dǎ** этиши “титирөө, калтыроо” деген маниге туура келет.

3. “Фуси адамдарды балык кармоого кантип үйрөткөн?» жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
他**打定了**主意，就下河去捞鱼。tā **dǎ dìngle** zhǔyì, jiù xià hé qù lāo yú	Ал бир **чечимге келип**, балык уулоо үчүн дарыяга түшүп кетти. [70, 125-б.]

Бул сүйлөмдө **打 dǎ** этиши “чечим чыгаруу” деп которулду.

Атрибутивдик мүнөздөмөлөрдү, биринчиден, семантикалык белгилери боюнча, экинчиден, семантикалык-логикалык ыкманын негизинде мүнөздөлгөн белгилери боюнча классификациялоого болот. Логикалык семантика – тил туюнтмаларынын белгиленген объекттерге жана туюнтулган мазмунга болгон байланышын изилдөөчү логика илиминин бөлүмү. Эгерде семантика семиотиканын бир тармагы катары кандайдыр бир белги системаларынын интерпретациясынын жалпы аспектилери менен алектенсе, логикалык семантика белги системаларынын өзгөчө түрүн - логиканын максаттары үчүн курулган тилдерди карайт.

Изилденип жаткан кытай тилинин сөз айкаштарына маани берүү семантикалык-логикалык методдун эрежелеринин өзгөчө түрү аркылуу ишке ашырылды. Бул эрежелер объективдүү тилдин туюнтмаларын сыпаттоо менен да, экстралингвистикалык объектилерди сыпаттоо менен да байланышкан семантикалык эрежелерди сүрөттөө үчүн терминдерди камтыган так, алдын ала чечмеленген тилде сүрөттөлөт. Мисалы, кытай жомокторундагы Пангу, Куа Фу, Нюйва образдары демиургдун образын билдирет.

Логикалык семантикада каралып жаткан тилдик туюнтмалардын маанисин семантикалык жактан талдоонун ар кандай ыкмалары бар: мамилесине карата атоо методу (Г. Фреге), кеңейтүү жана интенсивдик метод (Р. Карнап, Р. Монтагу), толук эмес символдор теориясы (Б. Рассел).

Изилдөөнүн материалынын негизинде кытай жомокторундагы каармандардын атрибутивдик мүнөздөмөлөрү ички мүнөздөмөлөргө караганда тышкы мүнөздөмөлөрдүн басымдуулугу менен коштолорун аныктадык. Каармандын түсү, физикалык абалы, жашы, динамикасы, көлөмү, сырткы

көрүнүшү, эмоциялары, анимализмдери башка топтордун өкүлдөрүнө (мисалы, баалоосуна, дүйнө таануусуна, адеп-ахлагына, акыл-эсине) караганда арбын кездешет.

Семантикалык-логикалык талдоо ыкмасын колдонуу менен кытай жомогундагы каарман – Хоу И мергенчинин мүнөзүнүн атрибутивдик мүнөздөмөлөрүнүн моделдери төмөнкүдөй түзүлдү: 后羿 hòuyì [Физикалык абалы: “таң калтыруучу аткыч”], [Мактоо: 庄子 Zhuāngzǐ; кытай окумуштуусу Чжуан Ли аны: “кымындай бутага мээлей аткан чебер аткыч (мергенчи), бирок адам арасындагы атак-даңктан олдоксон качкан” деп мүнөздөгөн], [Баалоо: Эң жогорку мергенчилик чеберинин ээси], [Жашы: Өлбөс], [Мүнөзү: кайраттуу, эр жүрөк], [Динамикасы: көзгө атар, мыкты атуучу, таамай аткыч].

Мергенчи Хоу И кытай фольклорунда жакшылыктын же жамандыктын образы катары колдонулган эмес, жомоктогу сюжет боюнча жасаган эрдиги үчүн Асман кудайынын каарына кабылгандыктан, Асмандан куулуп, жер кезип жүрүүгө өкүм кылынган.

Экинчи бап боюнча жыйынтык

Биздин ишибизде илимий методологиялык негиз катары кытай жана кыргыз жомокторун изилдеген кытай окумуштуусу Юан Кэнин, орус окумуштуусу Б.Рифтиндин илимий иштери негиз боло алды. Котормо маселесине келгенде З. Караеванын экстралингвистикалык релеванттуулуктары жөнүндөгү илимий эмгектерин пайдаландык.

Кытай жомокторун изилдөөнүн алкагында алардын кызыктуу типологиясын түзгөн кытай жомокторунун салттык изилдөөчүсү – Юан Кэни белгилейбиз. Анын илимий изилдөөлөрү кытай жомокторун бүтүндөй камтып, системалаштыруу аракетин көрсөтөт. Орус окумуштуусу Б.Рифтин алгач Юан Кэнин эмгектерине баа берип, андан соң кытай жомокторун орус тилине которгон. Кийин котормого мыкты изилдөө жүргүзгөн.

Кытай жомокторун жана алардын котормосун изилдөөнүн методикасы катары компонеттик анализ, контрастивдик анализ, дескриптивдик анализ,

концептуалдык анализди колдонуу менен, которуудагы тилдин экстралингвистикалык релеванттуулуктары эске алынды. ***Компонеттик анализ*** кытай жана кыргыз жомоктордогу сөздөрдүн семантикалык структурасын аныктоого колдонулду; ***контрастивдик анализ*** кытай жана кыргыз (тектеш эмес) тилдердеги формалдуу жана семантикалык структураларын системага салуу менен салыштырууда колдонулду; ***дескриптивдик анализ*** кытай жомокторундагы каармандарды, окуянын жүрүшүн, жаратылышты сүрөттөөдө колдонулду; ***концептуалдык анализ*** кытай жомокторунда берилген түшүнүктөрдү аныктоону, каражаттардын концептуалдык жалпылыгынын негизинде айрым бир түшүнүктөрүн кеңири кароо менен аларды моделдештирүү ыкмасында да колдонулду, ***семиотикалык анализ*** аркылуу кытай жомокторунда берилген белгилерди которуу процессинде образдарын түрдүүлүгү көрсөтүп, универсалий образдарды аныктоодо алгачкы жолу колдонулду; жомокторду изилдөөдө моделдештирүү ыкмасы коддонулду; ***семантикалык-логикалык ыкмасы*** кытай жомокторунда берилген объективдүү тилдин туюнтмаларын сыпаттоодо колдонулду; ***тарыхый ыкмасы*** ар түрдүү кытай изилдөөчүлөрүнүн илимий эмгектерин системалаштырууда, жомоктордогу каармандардын этнологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоодо колдонулду; контекстуалдык ыкмасы кытай жомокторун изилдөөдө алардын маанилерин ачып берүү үчүн пайдаланылды.

III БАП. КЫТАЙ ЖОМОКТОРУНА ЖАНА АЛАРДЫН КОТОРМОЛОРУНА ЛИНГВОПОЭТИКАЛЫК АНАЛИЗ

3.1. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы фонетика-фонологиялык каражаттардын берилиши

Кыргыз тилинин фонетикасынын алфавити тамга менен берилсе, кытай тилинде алфавит жок, кытай жазуусу (иероглифтер) өзгөчө кызыгууну жаратат. Бул байыркы иероглиф жазуусу, анда ар бир муунга белгилүү бир иероглиф туура келет. Муундар инициаль жана финаль деп берилет. Инициаль - башталгыч үнсүз. Финаль - инициалдан тышкаркы калган бүтүндөй муун. Инициаль жана финаль функционалдык жактан бирдей каралат. Финаль ич ара медиалга жана субфиналга бөлүнөт, субфиналь болсо централь жана терминаль болуп бөлүнөт. Муун бир гана финалдан (үндүү тыбыштан) түзүлө алат, ал эми жалаң инициалдан (үнсүз тыбыштан) тура албайт.

Кытай тилинин өзгөчөлүктөрүнүн бири - колдонулган иероглиф менен жанаша латын тамгалары менен колдонулган - пинин 拼音 pīnyīn. Латын тамгаларынын колдонулуусу иероглифтердин мындай же тигиндей окулушун камсыздоо ирээтинде берилет. Иероглифтер эч кандай фонетикалык маалыматты бере алышпайт. Алар пиктограмма катары пайда болушуп, кийин өнүгүп өсүп, буюмдардын же кыймыл-аракеттин сүрөттөлүшүн чагылдырат. Пинин гана кытай тилинин фонетикалык алфавити сыяктуу иероглифтердин айтылышын көрсөтүп берет.

Кытай иероглифтерин транскрипциялоо 1958-жылы Кытайда кабыл алынган. 1979-жылдан баштап, пинин 拼音 pīnyīn кытай тилинин негизги официалдуу латын транскрипциясы катары колдонулганы менен, өз алдынча жазуу катары эсептелген эмес. Бул жардамчы элемент катары иероглифтерди окуу менен, кытай нормативдик тилиндеги 普通话 pǔtōnghuà путунхуаны түшүнө алууга шарт түзөт.

Пинин - кытай иероглифтеринин латын тамгалары менен жазылышы болгону менен, латын тамгасында айтуу менен кытай тилиндеги варианттары

айрымаланып турушат. Мисалы, b тыбышы [b] жана [p] тыбыштарынын айкалышындагы үндү берет (б-п):爸爸 [bàba] *ата*; [p] тыбышы [p’] болуп, дем менен кошо чыккан үн катары аягына х тыбышы кошулуп айтылат [$п_x$]: 怕 [pà] “пха” *коркуу*; [m] тыбышы кыргыз тилиндеги [м] тыбышынан көбүрөөк чыңалуу жана узак айтылышы менен айырмаланат: 妈妈 [māma] *ана*; [d] тыбышы [d] жана [t] тыбыштарынын айкалышындагы үндү берет [д-т]: 都 [dōu] *баары*; [t] тыбышы дем менен кошо чыккан үн катары аягына х тыбышы кошулуп айтылат [$т_x$]: 他 [tā] *ал*; [n] тыбышы кыргыз тилинен тилиндеги [н] тыбышынан айырмаланып, айтууда тилдин учу көтөрүлөт: 你 [nǐ] *сен*; [k] тыбышы дем менен кошо чыккан үн катары х тыбышы менен кошо айтылат [kh]: 看 [kàn] *көрүү*; [j], [q] жана [x] тыбыштарын айтууда тил ылдыйкы тиштердин учуна тийип тилдин ортосу таңдайга көтөрүлөт. Алардын ичинен [j] тыбышы кыргыз тилиндеги ж тыбышына (жибек, жип) үндөш келет: 几 [jǐ] *канча, бир нече*; [ü] тыбышы кыргыз тилиндеги [ү] тыбышына жакын айтылат, [i] жана [u] тыбыштарын айкалыштырып бир тыбыш катары айтылат [йү]: 女 [nǚ] *айым, аял*; [an] тыбышы [ан] катары айтыла:看[kàn] *кароо, көрүү;* ал эми, [ang] тыбышы [a] тыбышы жана [ң] мурунчул тыбышынын чогуу айтылышы менен бир тыбыш катары айтылат: 忙 [máng] *бош эмес*; [er] тыбышы кыргыз тилиндеги [ар] тыбыштарын берет; тыбышты айтууда тилдин учу өйдө кайрылып артка тартылат:二 [èr] *эки*; [r] тыбышы жы болуп айтылат: 日 rì *күн*, 人 rén *адам*; [q] аябай жеңил айтылат: 去 qù *кетүү,* 汽 qì *пар;* [g] тыбышы [г] тыбышына үндөш: 狗 gǒu *ит*. Мисалы, кытай элинин “Чань Э”, “Куа Фу” жомокторунан үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
有个名叫嫦娥的美丽善良姑娘嫁给了他 Yǒu gè míng jiào cháng'é dì měilì shànliáng gūniáng jià gěile tā.	Ага Чан Э аттуу сулуу жана боорукер *кыз* турмушка чыккан [70,44-б.].

十个太阳像十个大火团 shí gè tàiyáng xiàng shí gè dàhuǒ tuán.	Он күн биригип, *чоң* оттуу шар сыяктуу [70,44-б.].
她就顺手从池边抓起一团黄泥 tā jiù shùnshǒu cóng chí biān zhuā qǐ yī tuán huáng ní.	Ал көлмөдөгү ылайдан бир кесек колуна *уучтап* алды [70,44-б.].
后又发展到用刀子在木竹上刻以符号作为记事. hòu yòu fāzhǎn dào yòng dāozi zài mù zhú shàng kè yǐ fúhào zuòwéi jìshì.	Кийинчерээк ал *бычактын* жардамы менен жыгач жана бамбукка символдорду жазуу үчүн колдонууну өнүктүргөн [70,44-б.].

Мисал келтирилген үзүндүдөгү ‘娘’*niang* (эне) сөзүнүн [iang] финалинде [i] - медиалдык, [a] тыбышы - борбордук, [ŋ] тыбышы - терминалдык болуп эсептелет. Ар бир финаль сөзсүз түрдө борбордук тыбышка ээ, ал эми медиалдын жана терминалдын болушу милдеттүү эмес (айрым муундарда бар, ал эми кээ бир муундарда жок болот). Ал эми кийинки мисал келтирилген котормодо 大 *da* (чоң) сөзүн карасак, борбордук тыбышы- [a], медиалдык жана терминалдык тыбыштары жок; 抓 *zhua* (уучтап алуу) сөзү [ua] дифтонгун камтыйт - бул жерде [u] медиалдык, [a] борбордук, терминалдык тыбышы жокко эсе; 刀 *dao* (бычак) сөзүндө дифтонг [ao] бар, мында [a] борбордук, [o] терминал, медиалдык тыбыш жок.

Борбордук тыбыш - финалдын негизги элементи болуп эсептелет. Медиаль - негизги үнсүздүн алдында турган үндүү тыбыш. Азыркы кытай тилинде медиаль катары иштей турган үч тыбыш бар: [i], [u], [ü]. Мисалы, 天 *tiān* (асман) сөзүндө [i] медиалдык, ал эми 多 *duō* (көп) сөзүндө [u] медиалдык, 略 *lüè* сөзүндө (бир аз) [ü] - медиалдык тыбыш болуп саналат.

Фонологиялык тутум ар дайым өзүнүн сегментинин жана супрагрегмент бирдиктеринин аткарылышын көзөмөлдөйт. Ошол эле учурда белгилүү бир тилдин фонологиялык структурасы да чоң мааниге ээ. Дүйнөлүк тилдердин фонематикалык жана муундук түзүлүштөгү тилдерге бөлүнүшү белгилүү, алар ар бирине таандык минималдуу фонологиялык бирдиктери менен бири-биринен

айырмаланышат. Биринчиден, бул фонема, экинчиден, ал өзүнүн татаал ички структурасы жана компоненттеринин ар башка фонологиялык салмагы бар муун. Кыргыз тили орус, француз, немис, англис жана башка тилдер менен катар фонематикалык түзүлүштүн тилдерине кирет. Кытай тили - муундуу тилдердин классикалык өкүлү.

Кытай тили тоналдуу тил деп аталат. Эгерде «тон» түшүнүгүн сөздүн тар маанисинде карай турган болсок, анда бул «муунга мүнөздүү жыштык, анын обондук түстүүлүгү», кеңири мааниде алганда «регистр, жыштык диапазон (бийиктик айырма), интенсивдүүлүктүн аяктоо ичиндеги бөлүштүрүлүшү, узактыгы, муун түзүүчү үндүү тыбыштын сапаты, фарингеализация сыяктуу өз ара байланышкан бир катар акустикалык белгилердин жыйындысы» болуп саналат [101, 61-б.]. Тон - бул жогорку муунду айтуу учурундагы үндүн обондуу вариацияланышы болуп эсептелет. Тон үндүн жогорулашы же төмөндөшү, аркылуу пайда болот. Тонду берүү үчүн айтуучу үндүн бийиктик деңгээлин жогорулатат же төмөн түшүрөт. Кытай тилинде бийиктик деңгээли 4 регистрдан турат. Эгерде бийиктик регистры өзгөрүүгө дуушар болбосо, ал тондор түз деп аталат. Эгерде бийиктик регистры өзгөрүүгө дуушар болсо, ал тондор контурдук б.а. тайгак тондор деп саналат. Тон белгиленген тыбыштын айтылышы узун болот, ал тыбышты интонациялык жактан бөлүп көрсөтүү керек. Кытай сөздөрүн муунга бөлүп, өз-өзүнчө айтуу туура эмес. Кытай тилинде тон сөздүн маанисин аныктоодо чоң ролду ойногон муундун белгиси, бир эле муунду төрт башка тон менен айтууга болот жана бир эле муун төрт жана андан көп маниге ээ боло алат. Демек, официалдуу болуп эсептелген кытай нормативдик тилинин путунхуанын (普通话 pǔtōnghuà) негизги 4 обону бар. Алар төмөндө көрсөтүлгөн сүрөттөгүдөй белгиленип, тон белгиси үндүү тыбышты белгилеген тамганын үстүнө коюлат. Кытай тон системасын кыскача сүрөттөй кетсек:

Биринчи тон - жогорку регистрде узак айтылып, бир калыпта, аягына чейин үндү төмөн түшүрбөстөн жеткирет.

Экинчи тон - жогору жакка көздөй сиздин үнүңүздүн ортоңку бийиктиктен баштап, жогорку регистрга чейин жетүүсү. Бирок үндү тез жогорулатууга мүмкүн эмес.

Үчүнчү тон - тыбыштын кескин төмөндөшү жана кайра кескин жогорулашы. Төмөнкү регистрдан башталып, дагы төмөндөйт да, кайра ылдамдык менен жогорулайт. Ошондуктан кээ бир учурда үндүү тамга созулма болуп айтылгандай туюлат: ma эмес, ma-a.

Төртүнчү тон - жогорку тыбыштын кескин төмөндөшү. Ылдамдык менен башталгыч чекиттен төмөндөө аркылуу акырында жайлап үн чыгаруу.

Кытай тилинин фонетикасынын дагы бир өзгөчөлүгү, бул берилген тонго байланыштуу муундардын мааниси сөзсүз өзгөрүүгө дуушар болушат.

Кытай тилиндеги муундардын саны чектелүү болгондуктан, омонимия көп кездешет, бир муун берилген тамырдын ар кандай маанисине туура келген түрдүү иероглифтерге дал келиши мүмкүн. Мисалы, кытай жомокторун которууда бизге кездешкен “wen” муунун карасак:

温 wēn мууну биринчи тондо берилсе - “жылытуу” деп которулат, 闻 wén мууну экинчи тон менен берилсе - жыттоо, 吻 wěn үчүнчү тондо – “өбүү”, ал эми ушул эле 问 wèn мууну төртүнчү тон менен айтылса “суроо” деп которулат, мисалы:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
地球上的**温**度才降了下来 dìqiú shàng de **wēn** dù cái jiàngle xiàlái (“Күндү кубалаган Куафу”).	Жердин **температурасы** төмөндөп калыбына келди [70, 44-б.].
温 wēn биринчи тон - температура, жылытуу	

美女喜欢闻花园里的花香 Měinǚ xǐhuān **wén** huāyuán lǐ de huāxiāng (“Бакытка сапар” жомогунан үзүндү).	Сулуу кыз бакчадагы гүлдөрдү **жыттаганды** жакшы көрөт (Котормо биздики)
闻 wén экинчи тон – жыттоо	
然后她抱起母鸡，在母鸡的背上吻了一下 ránhòu tā bào qǐ mǔ jī, zài mǔ jī de bèi shàng **wěn** le yīxià. (“Сүрөтчү мый” жомогунан үзүндү).	Анан ал тоокту кучагына алып, далысынан **өөп** койду [71, 91-б.].
吻 wěn үчүнчү тон – өбүү	
跟伏羲在一起的众人们，看见伏羲捞来了鱼，也都跑来问长问短。gēn fúxī zài yīqǐ de zhòng rénmen, kànjiàn fúxī lāo láile yú, yě dū pǎo lái **wèn** chángwènduǎn. (“Фуси кантип балык улоону үйрөттү” жомогунан үзүндү).	Фуси менен бирге болгон адамдар анын балык кармаганын көрүшүп, баары келип **суроо** узатышты [70, 44-б.].
问 wèn төртүнчү тон - суроо	

Мисалы “Фуси адамдарды балык кармоого кантип үйрөткөн?” жомогунда 水果 shuǐguǒ *жемиштер* сөзүнүн эки мууну тең үчүнчү тондо берилген, ушул себептен сөздүн биринчи shuǐ мууну экинчи тон менен айтылат shuí: shuǐ guǒ - shuíguǒ

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
那时的地球环境比现在要纯净的多，**水果**比现在种类多. Nà shí dì dìqiú huánjìng bǐ xiànzài yào chúnjìng de duō, **shuǐguǒ** bǐ xiànzài zhǒnglèi duō.	Ал кезде жердин айлана-чөйрөсү азыркыдан алда канча таза, **мөмө-жемиштердин** түрү азыркыдан көп болчу [70, 124-б.].
水果 shuǐ guǒ – shuíguǒ	

Демек, кытай тилинде сейрек кездешкен көрүнүш болуп, тондордун толук же жарым жартылай өзгөрүүгө дуушар болушу сыяктуу көрүнүштөр тондордун сандхи, тондун толук өзгөрүлүшү деп аталат. Тондуу тилдер Түштүк-чыгыш Азияда (кытай, лаос, бирма, вьетнам сыяктуу тилдер), Африкада (нилот, ква,

банту тилдери), Америкада (трикеи, миштек, масатек тилдери) кеңири жайылган. М.К. Румянцев өзүнүн белгилүү “Кытай тилиндеги тон жана интонация системасы” деп аталган илимий эмгегинде “Тон жана анын сүйлөмдөгү айкалышы – бул жөн гана тон эмес, ошол эле учурда интонация болот. Сүйлөмдө тондордун колдонулушу тон системасына эле тиешелүү болбостон, интонацияга дагы байланыштуу” деп эсептеген. [107, 33-б.]

Кытай тилинде 400 муун бар, ал муундар үн аркылуу айырмаланышат. Тондордун колдонулушу муундардын санынын көбөйүшүнө алып келет. Бирок ар бир муун кытай тилинде төрт тон менен берилет деп айтсак, жаңылыштык кетирген болобуз, себеби 174 гана муун бардык төрт тондо кеңири колдонула алышат. 148 муун үч тондук вариантта колдонулса, 57 муун эки тондук вариантта, 25 муун бир гана тондук вариантта берилет.

Кытай тилинин тон системасын изилдөөдө кытай филологдорунан тышкары чет элдик окумуштуулар дагы эмгектенишкен. Негизги эмгектердин бири Т.П. Задоенкого тиешелүү болгон “Кытай тилинин тон системасынын негизи” аталыштагы илимий изилдөөсү болуп саналат. Т.П. Задоенко ар бир тонго өзгөчө бир мүнөздөмө берип чыккан. Ар бир толук кандуу колдонулган тон бир нече сапаттарга ээ болуусу мүмкүн, мисалы: 1. Негизги тондун багыт кыймылы; 2. Үндүн күчтүүлүгү; 3. Башталгыч жана аяккы чекиттин арасындагы бийиктик интервалы; 4. Тондун бийиктиги; 5. Айтуу узактыгы.

Эгерде муундун финалинде трифтонг же дифтонг бар болсо, анда тондун белгиси муун тыбышын билдирген тамганын үстүнө коюлат, мисалы: bǎo.

Ошондой эле, кытай тилинде “жеңил тон” деп аталган нөлдүк тону да бар. Бул тон басымсыз муундарда же, мисалы, кызматчы сөздөрүндө кездешет. Формасы боюнча төртүнчү тонго окшош, бирок кыскараак айтылат. “Жеңил тон” үчүн атайын белги жок, башкача айтканда, пинин менен жазылганда, басымсыз иероглифтин үстүнө эч кандай белги коюлбайт.

Кытай тилинде басымдын мүнөздөлүшү.

Кытай тилиндеги басымдын үч даражасынын эки муундуу сөздөрдө жана сөз айкаштарында удаа колдонушун байкоого болот. Жогорку басымдагы муун, ортоңку басымдагы муун жана басымсыз муун катышкан мындай сөздөрдүн төрт айкалышы бар.

1. Басымдуу муундун басымсыз муун менен айкалышы. Мисал: 蛤 há 蟆 ma (бака)

2. Жогорку басымдагы муун менен ортоңку басымдагы муундун айкалышы. Мисал: 父 fù 母 mǔ (ата-эне), “Чжан Сюцай жана түлкүнүн руху” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
从前有位张秀才，**父母**早死，靠嫂子抚养成人 cóngqián yǒu wèi zhāng xiùcái, **fùmǔ** zǎosǐ, kào sǎozi fǔyǎng chéngrén	Илгери-илгери **ата-энеси** эрте каза болуп, атасынын карындашынын колунда чоңойгон Чжан Сюцай деген адам жашаган экен [71, 32-б.].

3. Ортоңку басымдагы муун менен жогорку басымдагы муундун айкалышы. Мисалы, 开 kāi 始 shǐ (баштоо), “Да Юйдун суу ташкыны менен болгон күрөшү” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
于是就**开始**访求能治理洪水的人。Yúshì jiù **kāishǐ** fǎngqiú néng zhìlǐ hóngshuǐ de rén.	Элдин баары отурукташып, үйлөрүн куруп, күрүч өстүрүп, бакубат өмүр сүрө **башташты** [70, 83-б.].

4. Эки окшош басымдагы муундардын айкалышы. Мисал: 1. 大 dà 小 xiǎo (өлчөм); 2. 长 cháng 短 duǎn (узундук).

Эки муундуу сөздөрдүн айкалышында эң кеңири таралган басымдын тиби болуп биринчи жана үчүнчү, ал эми эң аз кездешкен болуп акыркы тиби – тең басымдуу муундар эсептелет. Бул муундардын айкалышы өзүнчө бөлүнгөн сөздөрдө жана сөз айкаштарында гана кездешет. Фразалык жана ритмикалык басымдын таасири көп учурда сөздө же сөз айкашында басымдын орун

өзгөрүүлөрүнө алып келген сөз агымына кабылганда гана, таптакыр башка абал келип чыгат.

Сөздөрдө же эки муундуу сөз айкаштарындагы басымды туура коюу, тонду туура айтуудай эле чоң маанини ээлейт. Сүйлөө агымында туура эмес басым менен айтылган сөздөр же сөз айкаштар айтылган нерсени туура түшүнүүгө кыйынчылыктарды жаратат, кээ бир учурда маанинин бурмаланышына чейин алып келет.

Көп учурда басымдын орду өзгөрүшү менен, баштапкы сөз сөз айкашы болуп калат. Мисалы: 东西 dōngxi (буюм), dōngxī (чыгыш жана батыш).

东西 dōngxi бул абстрактуу мааниге ээ, иш жүзүндө зат атооч, ошондуктан конкреттештирүү жолу менен кийим, нерсе, предмет, чыгыш-батыш ж.б. болуп которулат. Мисалы: «Да Юйдун суу ташкыны менен болгон күрөшү» аттуу жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
当然他不会收下这些<u>东西</u>，但是他感到人民的情意实在太浓太浓. Dāngrán tā bù huì shōu xià zhèxiē **dōngxī,** dànshì tā gǎndào rénmín de qíngyì shízài tài nóng tài nóng.	Албетте, ал белек кылган **нерселерди** кабыл ала алган жок, бирок элдин колдоосу өтө күчтүү экендигин сезди [70, 34-б.]

Бул сүйлөмдө 东西 dōngxi – биринчи тон жана нолдук тон менен берилип, “нерсе” деп которулду. Ал эми «Пангу» жомогунда ушул эле 东西 dōngxī сөзү катар келген биринчи тондор менен берилип “чыгыш жана батыш” деген мааниде которулат.

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
他的双眼变成了太阳和月亮；他的四肢，变成了大地上的**东**、**西**、南、北四极 Tā de shuāngyǎn biàn chéngle tàiyáng hé yuèliàng; tā de sìzhī, biàn chéngle dà dìshàng de **dōng, xī**, nán, běi sì jí.	Анын сол көзү күнгө, оң көзү айга айланат, колдору буттары жердин төрт тарабы- чыгыш, батыш, түштүк жана түндүк уюлдарына айланат [70, 3-б.].

Ушул эле 东西 сөзүн которууда бизге жолуккан бир өзгөчөлүктү көрсөтүп, “Эненин мээрими” жомогунан үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
每个人知道，有一天他也去西边 Měi gèrén zhīdào, yǒu yītiān tā yě qù xībian.	Ар бир адам акыры батышка барат (“Түбөлүк жашоо жок экенин баары билет”).

Бул сүйлөмдүн мааниси “Түбөлүк жашоо жок экенин баары билет” деп которулат, анткени кытай маданиятында батыш өлүм менен, чыгыш өмүр менен байланышат. Бул котормодо бир тилдин айрым элементтери башка тилде эквиваленттери болбогон учурда колдонулуучу атайын алмаштыруунун түрү компенсация колдонулуп которулат.

1. 犄角 jījiao (мүйүз), jījiaǒ (бөлмө бурчу) . Мисалы “Он эки жылдыз төлгө белгисинин келип чыгышы жөнүндө жомокто”:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
那个时候的龙是没有犄角的，而鸡是有犄角的 nàgè shíhòu de lóng shì méiyǒu **jījiǎo** de, ér jī shì yǒu **jījiǎo** de.	Ал кезде ажыдаардын **мүйүзү** жок болуптур, ал эми короздун **мүйүзү** болгон экен [71, 13-б.].

犄角 jījiao сөзү биринчи жана нөлдүк тондор менен берилип, “мүйүз” деп которулган, ал эми ушул эле 犄角 jījiaǒ сөзү биринчи жана үчүнчү тондор менен берилсе, “бөлмөнүн бурчу” деп которулат.

2. 生气 shēngqi (шайыр), shēngqì (кыжырлануу). Мисалы “Нюйва кантип адамдарды жараткан” жомогунда:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
当她笑的时候，池子里的影子也跟着她笑，可要是她**生气**，池子里的影子就跟着也生气 Dāng tā xiào de shíhòu, chízi lǐ de yǐngzi yě gēnzhe tā xiào, kě yàoshi tā **shēngqì,** chízi lǐ de yǐngzi jiù gēnzhe yě shēngqì.	Ал күлсө, көлөкө да кыткылыктап күлүп, ачууланса, суудагы көлөкө да ызырынып **ачууланганын** байкайт [70, 6-б.].

生气 shēngqi сөзү shēngqì болуп биринчи жана төртүнчү тондо берилип “кыжырлануу” деп которулду, ал эми ушул эле сөз биринчи жана нөлдүк тондор менен берилсе “шайыр” деп которулат.

Эгер омофондорду (угулушу бирдей болгон ар кандай иероглифтер) дагы эске алсак, мындан да көп мисалдарды келтирсек болот. Мисалы: 舌头 shétou – “тил” жана 蛇头 shétóu – “жыландын башы”; 瞎子 xiāzi – “сокур” жана 虾子 xiāzǐ – “креветка” болуп которулат.

Кытай тилинде басымды үндүн бийиктигин өзгөртүү аркылуу сөз бирдигин (муун, сөз, сөз айкашын) бөлүп көрсөтүү менен аныктоого болот [148,14-б.].

Кытай тилинде муун басымдын үч даражасы аркылуу аныкталат:

1. Жогорку басымдагы муун - эң узакка созулган, берилген тону эң так угулат;
2. Ортоңку басымдагы муун - кыскараак созулган, айтылган тону азыраак айырмаланат;
3. Басымсыз муун - эң кыска айтылат, тону жок айтылат.

Кытай тилинде басымсыз муун «жеңил» же «нөл» тону менен айтылат, анын бийиктиги жана багыты мурунку муундун тонуна жараша болот. Ошондой эле интенсивдүүлүгүн жоготуп, узактыгы азайып, басымсыз үндүү тыбыш көбүнчө кыскарып кетет [59, 15-б.].

Ал эми **кыргыз тилинде басым** дээрлик акыркы муунга коюлат. Бул акыркы муундун басым менен күчтөлүп айтылышын билдирет. Бирок сүйлөө агымында интонациялык басымга сөздөгү бардык муундар кабылышы мүмкүн.

Эки тилдеги окшоштуктар:

1. Кыргыз жана кытай тилинде муунду ажыратуу маселеси бирдей маанилүү. Кыргыз тилинде сөздө канча үндүү болсо, ошончо муун болот. Мисалы, ак, нан, сөз, ки-теп, сы-я, бо-ёк, тоо, суу ж.б.

Ал эми кытай тилинде да муунду ажыратуучу милдетти үндүү тыбыш аркалайт. Эгер сөздө үндүү тыбыш катышпаса, ал муунга ажырабайт. Сөздө

үнсүз тыбыш жок болсо, эч кыйынчылык болбойт, аларсыз эле муун түзүлөт (эки же үч үнсүз тыбыштардын айкалышуусу учурабайт).

1. Кыргыз жана кытай тилинде басым маани ажыратуучу касиетке ээ.
2. Кыргыз жана кытай тилдеринде ү жана ң тыбыштары бар.

Кыргыз жана кытай тилдеринин айырмачылыгы

1. Кыргыз тилинде алфавит бар, ал эми кытай тилинде алфавит жок.
2. Кытай тилинде р, ө тыбыштары жок.
3. Кыргыз тилинин агглютинативдүү тил, ал эми кытай тилинин аморфтуу тил.
4. Кытай тили тоналдуу тил, кыргыз тили – тоналсыз.
5. Кыргыз тилинин жазуусу - тыбыштык (фонографиялык) жазуу. Тыбыштык жазууда туюндуруучу белгилер графикалык каражаттар деп аталат. **Азыркы кытай жазуусу** идеографиялык жазууга мисал боло алат. Жазуунун бул түрүндө ар бир түшүнүк (сөз) атайын белгилер (идеограммалар) менен туюнтулат.

3.2. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы морфологиялык каражаттардын берилиши

Морфология - сөз курамы (морфемалар), сөз түркүмдөрү, ар бир түркүмгө тиешелүү болгон грамматикалык категориялар, сөздүн грамматикалык формалары менен парадигмалары жөнүндөгү илим, грамматиканын бир тармагы [2, 189-б.] болуп эсептелет. Биздин иликтөөбүздө К. Тыныстановдун, С. Давлетов менен С. Кудайбергеновдун, И. Абдувалиев жана Т. Садыковдун морфология жөнүндөгү жазылган окуу куралдарына таяндык.

Кытай тил илиминдеги морфологиянын биринчи теориясын - Гао Минкай (1948) иштеп чыккан; орус синологиясында И.М.Ошанин (1948), С.А.Старостин (2007); батыш синологиясында - А.Масперо (1934), Б.Карлгрен (1949), В.Бисанг (2005) изилдеген.

Азыркы кытай грамматикасынын түзүүчүсү Ма Цзяньчжун кытай тил илиминдеги сөз түркүмдөрүн үч топко бөлүп караган. Алар: маани берүүчү сөз түркүмдөрү, өзгөчө сөз түркүмдөрү, кызматчы сөз түркүмдөрү [84, 14-б.].

Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөр системасы	*Кытай тилиндеги сөз түркүмдөр системасы*
I Маани берүүчү сөз түркүмдөр	
1. Зат атооч 2. Сын атооч 3. Сан атооч 4. Ат атооч 5. Этиш 6. Тактооч	1. Зат атооч 名词 2. Сан атооч 数词 3. Өлчөм сөздөр 量词 4. Сын атооч 形容词 5. Этиш 动词 6. Тактооч 副词 7. Ат атооч 代词
II Өзгөчө сөз түркүмдөр	
7. Сырдык сөздөр 8. Тууранды сөздөр	8. Сырдык сөздөр 感叹词 9. Тууранды сөздөр 拟声词
III Кызматчы сөз түркүмдөр	
9. Байламталар 10. Бөлүкчөлөр 11. Жандоочтор 12. Кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр.	10. Байламталар 连词 11. Бөлүкчөлөр 助词 12. Жандоочтор 介词

Кытай тилинде кыргыз тилинин морфологиясына салыштырмалуу өлчөм сөздөр сөз түркүмүнө кирет. Кытай тилинде модалдык сөздөр жок. Айта кетчү нерсе, кытай тилинин морфологиясында модалдык этиштер бар.

Кытай сөздөрү формалдуу түрдө иероглиф менен туюнтулган морфемадан түзүлөт, ал жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Жөнөкөй сөздөр бир морфемадан турат. Татаал сөздөр бир нече морфемалардан турган түзүлүш. Морфема - башка грамматикалык бирдиктердин болушунун шарты жана негизи болуп саналган тыбыш менен маанинин биримдигине ээ болгон негизги грамматикалык бирдик. Кытай тилинде морфемалар эркин жана байланышма болуп бөлүнөт; биринчилери өз алдынча сөз болуп, лексикалык маани бере ала турган жөнөкөй сөздөр, ал эми экинчилери - уңгу жана аффикстен турган сөздөр болуп эсептелет [59, 61-б.].

Кытай тилиндеги зат атоочтордун өзгөчөлүктөрү: Кытай тилинде зат атооч сан боюнча өзгөрбөйт, жөндөмөлөр менен жөндөлбөйт, конкреттүү кырдаалда зат атооч канча санда экени контексттеги, б.а., сан атоочтун же башка сан көрсөтүүчү белгилерден билинет.

Кытай тилинде зат атооч эсептелүүчү жана эсептелбөөчү болуп бөлүнөт. Эсептелүүчү зат атоочтордун эсеби атайын кызматчы (эсепти билдирүүчү) сөздөрдүн жардамы менен белгилүү болот. Мисалы, “Сүрөтчү Чжан Сеняо” жомогунан үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
两条巨龙转动着光芒四射的眼睛冲天而起，腾空而去。Liǎng tiáo jù lóng zhuǎndòngzhe guāngmáng sì shè de yǎnjīng chōngtiān ér qǐ, téngkōng ér qù	Эки алп ажыдаар нурлуу көздөрүн чачып, асманга көтөрүлүп, учуп кетет. [71, 42-б.]
两 liǎng +条 tiáo+巨龙 jùlóng -эки ажыдаар 条 tiáo - узун нерселер үчүн колдонулган өлчөм сөз	

Кытай тилинде зат атооч сүйлөм мүчөлөрүнүн ичинен ээнин, бышыктоочтун, аныктоочтун, толуктоочтун милдетин аткарат.

Зат атоочтун көлөмү ар дайым контекстте сандар же башка сөздөр аркылуу көрсөтүлөт. Сүйлөмдөгү айтылып жаткан каарман айым же эркек экенин лексикалык каражаттардын жардамы менен түшүндүрүлөт, мисалы:女王 nǚwáng “*ханыша”* сөзүндө 女 nǚ - “*аял/айым*” деген сөз кошулуп, айтылган сөз аял заты жөнүндө болуп жатканынан кабар берет. Кытай жомокторунда 女 nǚ менен берилген образдар арбын кездешет. Мисалы: 女子 nǚzǐ - *бөбөк (кыз)*, 仙女 xiānnǚ *периште*, 女神 nǚshén *ыйык рух айым, кудай айым*, 女娲 nǚwā *демиург айым*, 女鬼 nǚguǐ *азезил аял*, 妖神 yāoshén *жин-шайтан аял*. “Нюйва кантип адамдарды жараткан” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде

不知道在什么时候出现了一个非常美丽、善良的**女神**，她的名字叫女娲。 Bù zhīdào zài shénme shíhòu chūxiànle yīgè fēicháng měilì, shànliáng de nǚshén, tā de míngzì jiào nǚ wā.	Күндөрдүн биринде, кайдан-жайдан экени белгисиз, бир аябай сулуу, мээримдүү **периште** пайда болот, анын аты Нюйва экен [70, 6-б.]
女神 nǚshén – периште (ыйык рух айым, кудай айым)	

Этиштердин өзгөчөлүктөрү. Кытай тилиндеги сөз түркүмдөрдүн системасында этиш башкы ролду ээлейт. Ал бир катар грамматикалык категорияларга ээ.

Кытай тилинде этиш сөздөр сан боюнча өзгөрбөйт, жакталбайт. Кыймыл-аракеттин ишке ашуусун же ишке ашпасын жардамчы этиштин лай жана /цюй формалары билдирет. Модалдык этиштер жак боюнча жакталбагандыктан, алар эч кандай этиштик формаларды жаратпайт. Мисалы: 我去 wǒ qù - мен барам; 你去 nǐ qù - сен барасын; 他去 tā qù - ал барат; 他们去 tāmen qù - алар барышат.

“Бүркүт пири менен жолборс пири” жана “Жолборс кантип кызды ала качкан” жомогунда:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
我去找老虎大哥wǒ qù zhǎo lǎohǔ dàgē	Мен жолборс агама **барам** [71, 56-б.].
他们去寻找鸡蛋和麻雀梳子tāmen qù xúnzhǎo jīdàn hé máquè shūzi	Алар таранчынын тарагын издеп **барышат** [71, 48-б.].
我去 wǒ qù - мен барам; 他们去 tāmen chī - алар барышат	

Кытай жомокторун кыргыз тилине котормолордо, жогорудагы мисалда көрсөтүлгөндөй, этиш сөздөр сан боюнча өзгөргөн жок, жакталган жок.

Этиштин берилген чагы атайын суффикстер менен туюнтулат. Учур чактагы жана келер чактагы этиштерди 了le жана 过guo суффикстеринин жоктугу менен да ажыратууга болот. Ал эми кыргыз тилинде да өткөн чактагы этиштер -ды мүчөсү менен берилет: 我去了wǒ qù le - мен бардым (өткөн чак); 我去过了wǒ qù guò le - мен барып көргөм (өткөн чак).

Грамматикалык жактан толук маани берүүчү этиш жана жардамчы этиш болуп этиштер экиге бөлүнөт. Толук маани берүүчү этиш өз алдынча экиге бөлүнөт: жыйынтыктоочу этиш жана жыйынтыкталбаган этиш. Жыйынтыкталбаган этиштер предметтин кыймыл-аракетин жана ал-абалын билдирет да, алар жөнөкөй жана татаал болот. Мисалы, 看 kàn – жөнөкөй этиш, “көрүү” деп которулат, “Жолборс кантип кызды ала качкан” жомогунан үзүндү алып карасак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
忽然**看**到，楼上靠窗的地方站着一个姑娘。hūrán **kàn** dào, lóu shàng kào chuāng dì dìfāng zhànzhe yīgè gūniáng.	Бир маалда башын көтөрүп, эки жагын караса, капысынан үстүнкү кабаттагы терезеде турган кызды **көрөт** [71, 43-б.].

Ал эми “Ыраазы болгон жолборс” жомогунда 知道 zhīdào – татаал этиши, кыргыз тилине “билүү” деп жөнөкөй этиш болуп которулду:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
妈妈，所有人都**知道**你是一位有经验的产婆. māmā, suǒyǒu rén dōu zhīdào nǐ shì yī wèi yǒu jīngyàn de chǎnpó.	Апа, сиз аны сактап кала аласыз, сиздин тажрыйбалуу аначы экениңизди элдин баары **билет** [71, 19-б.].

Жардамчы этиштер модалдык жана «багыт берүүчү» деп эки топко бөлүнөт да, кыймыл-аракеттин этаптарын билдирип, анын каякка багытталганын көрсөтөт.

Кытай тилинде ***модалдык этиштердин*** бай системасы бар, ал кыймыл-аракетти ишке ашыруунун зарылдыгын көрсөтөт. Этиштин бул категориясынын өзгөчөлүгү - морфологиялык жактан өзгөрүлбөгөнү. Б.а., эч кандай синтетикалык, аналитикалык формаларды жаратпаганы саналат. Толук маани берүүчү этиштин ичинен жыйынтыктоочу жана кыймыл-аракеттин багытын билдирүүчү этиштер өзгөчө кызыгууну жаратат. Кыймыл-аракеттин багытын билдирүүчү татаал этиштер өз алдынча структурадан турат. Кыймылдын каякка

багытталганын билдирүүчү сөздөрдү кайсы багытка, т.а., өйдө, ылдый, ич ара ж.б. мейкиндикте айтылганын сүйлөп жаткан адамга карап багыттайт [84, 114-156-бб.]. Мисалы, 跑起来pǎo qǐlái – өйдөгө чуркап келүү, 跑下去pǎo xiàqù – ылдыйга чуркап түшүү. “Цяомэйдин ажыдаарды саймага салуусу жөнүндө жомогунан” үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
巧妹**站起来**恭恭敬敬地回答道：“我来找白老龙哩！” Qiǎo mèi **zhàn qǐlái** gōng gōngjìng jìng de huídá dào:“Wǒ lái zhǎo báilǎo lóng lī!”	Цяомэй сый-урматы менен учурашып, ага **ордунан туруп** жооп айтат: - Мен Бай Лаолуңду табуу үчүн келдим! [71, 55-б.]

Кытай тилиндеги модалдык этиштер кыймыл-аракетти жасоо мүмкүнчүлүгүн, каалоосун, жөндөмүн же муктаждыгын көрсөтөт. Сүйлөмдө дагы бир этиш модалдык этишке дээрлик ар дайым тиркелип,чогуу баяндоочтун милдетин аткара алышат.

Модалдык этиштердин терс формасы不bù мүчөсүнүн жардамы менен жасалат. Модалдык этиштери колдонулган сүйлөмдөгү суроолуу сүйлөмдүн аягында 吗ma белгилерин колдонуп же альтернативдүү суроону колдонуп берүүгө мүмкүн. Альтернативдүү суроону колдонгондо модалдык этиштин оң жана терс формаларында кайталанышы колдонулат: 是不是 shì bùshì - *сыяктуу*. Мисалы: “Жолборс пири менен бүркүт пири” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
忽然,他想到,每天午后吃完干粮他总要睡一会儿,**是不是**那时出的事？Hūrán, tā xiǎngdào, měitiān wǔhòu chī wán gānliáng tā zǒng yào shuì yīhuǐ'er, **shì bùshì** nà shí chū de shì?	Болгону күнүгө бир маал түштөн кийин тамак жегенден кийин бир аз уктайм, **мүмкүн** бул ошол убакта болгон окуябы?” - деп ойлонду [71, 33-б.]

Бул сүйлөмдөгү 是不是 “shì bùshì” кытай тилинде альтернативдүү суроо тибин уюштурса, кыргыз тилине суроолуу сүйлөмдүн тутумунда “мүмкүн”

сөзүнө туура келет.

Модалдык этиштер төмөнкүлөрдү билдирет:

а) мүмкүнчүлүк: 能 néng; 可以kěyǐ; 会 huì; б) зарылчылдык: 需要 xūyào;

в) каалоочулук: 希望 xīwàng.

Негизги модалдык этиштер болуп: 想 xiǎng，要yào，应该yīnggāi，会 huì, 能 néng, 可以kěyǐ，需要xūyào，愿意yuànyì, 必须 bìxū, 得 děi эсептелет.

1. 能 néng - жөндөмдүү болуу, мүмкүнчүлүгү бар болуу: 能 модалдык этиш бир нерсени жасай алам деген маниге ээ. Мисал катары “**Нюйва кантип адамдарды жараткан”** аттуу жомоктон үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
女娲神通广大，一天能变化七十次。 Nǚ wā shéntōng guǎngdà, yītiān néng biànhuà qīshí cì.	Нюйва - бир күндө жетимиш жолу кубулуп, **өзгөрө алган** кубаттуу, дараметтүү периште болгон [70, 6-б.].
能变化néng biànhuà	өзгөрө алган

2. 会 hùi - билүү, колдон келүү, жасай алуу

Модалдык этиш катары, 会*hùi* “үйрөнүүнүн натыйжасында бир нерсе жасай алуу” дегенди билдирет. Мисал катары ошол “**Нюйва кантип адамдарды жараткан”** аттуу жомоктон үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
她一天天不休息地工作着，用黄泥捏了许许多多能说会走的小人。tā yī tiāntiān bù xiūxí dì gōngzuòzhe, yòng huáng ní niēle xǔ xǔduō duō néng shuō huì zǒu de xiǎo rén	Ал күнү-түнү эс албай, сары баткакты колдонуп, сүйлөгөндү билген, **өзү баса алган** адамдарды жасады [70, 6-б.].
会走 huì zǒu	басканды билген

3. Модалдык этиш 想 xiǎng кандайдыр бир нерсени жасоону каалагандыгын же муктаждыгын билдирет, ошол эле учурда аны жасоого ниеттенгенин баса белгилейт. Мисал катары ошол **“Сегиз өлбөс периште дарыяны кантип кечип өтүшкөндүгү жөнүндө жомоктон”** үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
八位仙人本来想去游玩，偏偏遇上这事，非常生气bā wèi xiānrén běnlái **xiǎng qù** yóuwán, piānpiān yù shàng zhè shì, fēicháng shēngqì	Деңизде сейилдөөнү **каалап чыккан** сегиз периште, жолдон мындай күтүлбөгөн жагымсыз окуяга туш болгондугуна катуу каарданышты [70, 118-б.].
想去xiǎng qù	каалап чыккан

4. 要 yào – каалоо, керек кылуу, зарылчылык - кытай тилиндеги модалдык этиш 要yào бир нерсени жасоону каалагандыгын же муктаждыгын билдирет, бирок аны аткарууга чечкиндүүлүгүн баса белгилейт. Ушул модалдык этишине мисал катары ошол **“Сегиз өлбөс периште дарыяны кантип кечип өтүшкөндүгү жөнүндө жомок”** аттуу жомоктон үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
一天，八位仙人要到东海去游蓬莱岛 yītiān, bā wèi xiānrén **yào dào** dōnghǎi qù yóu pénglái dǎo	Бир күнү, сегиз периште Чыгыш Кытай деңизине Пенлай аралына сейилдөөнү **каалап** жолго чыгышат [70, 14-б.]
要到yào dào	каалап, жолго чыгышат

5. 可以 kěyǐ – мүмкүнчүлүк. Маанилүү иш-аракетти аткаруу мүмкүнчүлүгү. Ошондой эле иш-аракетке уруксат сураганда колдонулат. Мисал катары ошол эле **“Нюйва кантип адамдарды жараткан”** аттуу жомоктон үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
她想：有什么更好的办法可以使这造人的工作更简单一些呢？tā xiǎng: Yǒu shé me gèng hǎo de bànfǎ **kěyǐ shǐ** zhè zào rén de gōngzuò gèng jiǎndān yīxiē ne?	“Адамдарды жаратуу ишин кантип **жеңилдетүү мүмкүн**, мындан өткөн жакшы жолу барбы?”- деп ойлонду ал [70, 22-б.]
可以使kěyǐ shǐ	жеңилдетүү мүмкүн

6. 应该 – yīnggāi – зарыл, керек. Бир нерсени жасоонун зарылдыгы жөнүндө билдирет. Мисал катары “**Нюйва кантип адамдарды жараткан”** аттуу

жомоктон үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
她想：在天和地之间，好像还缺了点什么？应该再添一点东西进去，让它热闹一点才对。tā xiǎng: zài tiān hé de zhī jiān, hǎoxiàng hái quēle diǎn shénme? **Yīnggāi** zài tiān yīdiǎn dōngxī jìnqù, ràng tā rènào yīdiǎn cái duì.	Бир күнү асман менен жердин ортосунда бир нерсе жетишпегендей туюлуп: “Жер бетин кантип жандардыруу үчүн дагы бир нерселерди **кошуу зарыл**” - деп ойлонду ал [70, 6-б.].
应该再添 Yīnggāi zài tiān	кошуу зарыл

7. 愿意 – yuànyì – *макул болуу, тилек кылуу*. Бул этиш да мааниси жагынан 想 xiǎng жана 要yào этиштерине абдан жакын.

8. 得 děi – *зарыл, милдеттүү болуу*. Бул модалдык этиш көбүнчө кандайдыр бир иш-аракеттерге болгон адамдардын каалоосун же зарылдыгын билдирет. Мисал катары **“Айдагы Чаң Э”** аттуу чыгармадан үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
后羿那能舍得撇下妻子，他回家后把此事告诉了嫦娥，把不死药交给嫦娥珍藏。Hòu yì nà néng shě **děi piēxià** qīzi, tā huí jiā hòu bǎ cǐ shì gàosùle cháng'é, bǎ bùsǐ yào jiāo gěi cháng'é zhēncáng.	Хоу И жубайы Чаң Эни жалгыз **таштап кетүүгө аргасыз болгон**, үйүнө кайтып келип, эликсирди Чан Эге берген [70, 8-б.]
得撇下děi piēxià	таштап кетүүгө аргасыз болгон

Кытай тилинде морфема - башка грамматикалык бирдиктердин болушунун шарты жана негизи болуп саналган тыбыш менен маанинин биримдигине ээ болгон негизги грамматикалык бирдик, ал уңгулардан жана аффикстерден түзүлөт. Морфемалар эркин жана байланышма болуп бөлүнөт; биринчилери туунду компоненттердин милдетин аткара ала турган түпкүлүгүндө жөнөкөй сөздөр, ал эми экинчилери - уңгу жана аффикс [105, 61-б.].

Байланышма уңгу морфема лексикалык маниге ээ, бирок сөздөн тышкары колдонулбайт, демек ал сүйлөмдүн синтаксистик бөлүгү боло албайт. Эркин жана байламталанган морфемалардын ортосунда эркиндиктин ар кандай даражаларына ээ болгон бир катар бирдиктер бар [108, 19-б.]. Жарым эркин морфемалар айкалыштардын тар чөйрөсүндө гана сөз катары колдонууга жөндөмдүү, башка учурларда алар уңгу морфема функциясын аткарышат.

«Кытай тили сөз байлыгына гана ээ болбостон, сөз жасоонун ар кандай методдоруна ээ» деп кытай окумуштуусу Чжоу Цзумо жазган [145, 16-б.]. Кытай тилинин сөз жасоо тутумундагы доминанттык ыкма адатта сөз жасоонун лексикалык-синтаксистик жолу деп аталат. Кытай сөз жасоо тутумунда өз ордун кеңейтип келе жаткан аффиксация (сөз жасоонун морфологиялык жолу) да маанилүү орунду ээлейт.

Аффиксация (加词缀 jiacizhui) - аффикстерди негизги морфемаларга (уңгу муунга) кошуу менен сөз жасоо ыкмасы. Азыркы кытай тилинин сөз жасоо тутумунда аффиксация сөз жасоонун маанилүү ыкмаларынын бири болуп саналат. Аффикс **(**词缀 cizhui) – сөздүн жаңы формасын түзүү үчүн негизге же тамырга бекитиле турган сөз элементи, түшүндүрүүгө, сөз байлыгын кеңейтүүгө жардам берчү жакшы ыкма. Кытай тилиндеги аффикстерге мисалы: 头 tóu, 儿 er, 子 zi, 员 yuán, 者 zhě, 性 xìng, 化 huà, 然 rán, 手 shǒu, 家 jiā кирет.

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
头 tóu аффиксине мисал 他见周围一片漆黑，就抡起大斧<u>头</u> Tā jiàn zhōuwéi yīpiàn qīhēi, jiù lūnqǐdà fǔ **tóu**	Тегерегиндеги караңгылыкты көрүп, балтасын шилтеди («Пангу» жомогу) [70, 48-б.].
子 zi аффиксине мисал 她给心爱的孩<u>子</u>取了一个名字，叫做“人” Tā gěi xīn'ài de hái **zi** qǔle yīgè míngzì, jiàozuò “rén”. 孩 hái +子 zi =孩子 háizi	Жакшы көргөн баласына “Адам” деген ысым ыйгарды («Нюйва кантип адамдарды жараткан» жомогу) [70, 7-б.].

者 zhě аффиксине мисал 尧在位 70 年，感觉到有必要选择继任**者** Yáo zài wèi 70 nián, gǎnjué dào yǒu bìyào xuǎnzé jìrèn **zhě.**	Яо жетимиш жыл падышалык кылган соң, **мураскерди** тандоо зарылдыгын сезген. (Яо Шунга өз тагын бошотуп бергендиги жөнүндө жомогу) [70, 156-б.].

Префиксация - сөздүн башына кошула турган тамга же тамгалардын тобу, сөздүн маанисин жарым-жартылай көрсөтө алат. Префикс (前缀 *qianzhui*, 词头 *ci'tou*) – уңгунун алдында турчу аффикс морфемасы. Белгилүү бир лексика-грамматикалык категорияга жаңы лексикалык бирдикти ыйгаруу, башкача айтканда, анын категориялык таандыктыгын орнотуу бул префикстердин негизги грамматикалык милдети (функциясы) болуп саналат. Кытай тилинин лексикологиясына арналган эмгектерде адатта үч гана префикс аталган, атап айтканда 第 *di*, 老 *lao* жана 阿 *a* бар. 阿 *a* префикси зат атоочторго байланыштуу терминдерди түзөт, кээде мээримдүү маанидеги эркелеткен сөздөрдө колдонулат:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
第 *di* префиксине мисал 第 *di*+一 *yī* 瞄准天上火辣辣的太阳，嗖地一声，第一太阳被射落了。Miáozhǔn tiānshàng huǒlàlà de tàiyáng, sōu dì yīshēng, **dì yī** tàiyáng bèi shè luòle	Асмандагы кызарган ысык күндү көздөп атылган жаа менен **биринчи** күн атып түшүрүлгөн. («Хоу И» жомогунан үзүндү) [70, 61-б.]
老 *lao* префиксине мисал 后来，牛郎在老牛的指点下，取走了在湖中洗澡的织女的衣裳 hòulái, niú láng zài **lǎo** niú de zhǐdiǎn xià, qǔ zǒule zài hú zhōng xǐzǎo de zhīnǚ de yīshang	Кийин жигит **улуу** уйдун айтуусу боюнча көлдө жуунуп жаткан пери кыздын кийимдерин алып кетет (“Айдагы Чаң Э” жомогу) [70, 36-б.].

Бүгүнкү күндө кытай тилинде болуп жаткан айрым маанилүү морфологиялык мүнөздөмөлөрдү жана тенденцияларды анализдеп, төмөнкүлөргө токтолдук:

1. Кытай тилинде сөздөрдүн сырткы морфологиялык белгилери боюнча

тигил же бул сөз түркүмү экени билинбейт. Тигил же бул иероглиф этиш, зат атооч, сын атооч катары колдонула берет.

2. Кытай тилинде зат атоочтор сыяктуу эле этиш сөздөр да өлчөм сөзгө муктаж: 次 cì – универсалдуу жана көп колдонулуучу эсептик сөз. Ал кыймыл-аракеттин көп жолу кайталанганын туюндурат, мисалы «Чию менен Хуандинин согушу» жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
个 gè (даана) зат атоочтук өлчөм сөзүнө мисал: 蚩尤有八十一个兄弟,他们个个兽身人面,铜头铁臂猛无比 Chīyóu yǒu **bāshíyī gè** xiōngdì, tāmen gè gè shòu shēn rén miàn, tóng tóu tiě bì měng wúbǐ.	Чиюнун **сексен бир бир тууганы** бар, алар, денеси жаныбар кейпиндеги адам жүздүү, колдору темирдей каардуу болгон. [70, 70-б.]
次 cì (жолу) – этиштик өлчөм сөзүнө мисал: 经过许多次激烈的战斗,黄帝先后杀死了蚩尤的八十一个兄弟,并最终活捉了蚩尤 jīngguò xǔduō **cì** jīliè de zhàndòu, Huángdì xiānhòu shā sǐle chīyóu de bāshíyī gè xiōngdì, bìng zuìzhōng huózhuōle Chīyóu.	Бир топ салгылашуулардан кийин Хуанди Чиюнун сексен бир тууганын катары менен өлтүрүп, акыры өзүн тирүүлөй колго түшүрөт. [70, 71-б.]

Кыргыз жана кытай тилдеринде сырдык сөздөр айтылып жаткан байланыштуу кептин бүткүл тулкусуна экспрессивдик жана эмоционалдык түс берүү менен, анын көркөмдүүлүгүн күчөтөт да, ага кандайдыр бир ачыктыкты, тактыкты жана жандуулукту киргизип, адамдын чындыкка карата болгон эмоционалдык ички сезимин, эрктик мамилесин билдирип турат.

Эки тилде тең сырдык сөздөр фонетикалык жактан музыкалуу, ыргактуу, ритмикалуу келет да, адам баласынын ички дүйнөсү аркылуу берилүүчү ички ой-сезимдин мүмкүн болгон маанилеринин (кубанычын, кайгысын, өкүнүчүн, коркунучун, сүйүнүчүн, жактыруусун, жек көрүүсүн, ыраазы болуусун, нааразылыгын, жактырбоосун, мактоосун, кубатттоосун ж.б. жагын) баардыгын билдирүүгө жөндөмдүү.

1. Кубануу, сүйүнүү, ыраазы болуу, суктануу, каалоо сыяктуу оң маанидеги эмоциялык сезимди туюндурган сырдык сөздөр:

- кыргыз тилинде: *Ай, жыргал-ай, оо-о! Пай-пай! Охо!*

-кытай тилинде: *啊a,嘿hēi，哈hā，哈哈hāhā!*

Мисалы, “Феникс менен таранчы жөнүндөгү жомогунда”:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
呵!麻雀来了，麻雀来了！**Hē!** Máquè láile, máquè láile!	**Ой!** Мына таранчы! Таранчы! [71, 28-б.]

2. Чарчоону, кайгырууну, капалануну, ыза болууну, сагынууну, өкүнүүнү туюндурган сырдык сөздөр, кыргыз тилинде: *Кап! И-ий. О-ох;* кытай тилинде:*哟yō，唉āi，哎呀āiyā,难受死了nánshòu sǐle.*

Мисалы “Жолборс баштуу бут кийим” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
老奶奶上了岸，又说：**“哎呀**，我的棉花丢在河那边了” Lǎonǎinai shàngle àn, yòu shuō:“**Āiyā**, wǒ de miánhuā diū zài hé nà biānle.”	Үйүнө келгенде кемпир чочуп: “**Ий!** Мен буюмдарымды суунун аркы жээгине унутуп калыптырмын” - деп кайгырды [70, 116-б.].

3. Ачууланyу, кыжырлануу, каршы чыгуу, түшүнө албоо, нааразы болуу сыяктуу эмоциялык абалды туюндурган сырдык сөздөр, кыргыз тилинде: *Ой; ээ; шайтаналгыр-ай, ж.б.;* кытай тилинде: *哼hēng,嗯ń,哎āi.*

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
“**嗯**,你这小东西，竟敢违抗鸟王之令，为什么迟到了?”**“Ń,** nǐ zhè xiǎo dōngxī, jìng gǎn wéikàng niǎo wángzhīlìng, wèishéme chídàole?”	“**Эй,** сен макулук, эмне үчүн кечигип келдиң? (“Феникс менен таранчы жөнүндөгү жомогу”) [70, 76-б.].

4. Коркуу, үркүү, жүрөгү түшүү сыяктуу сезимдерди туюндурган эмоциялык сырдык сөздөр: кыргыз тилинде: *Ой?Ыя? Опей, кокуй ж.б.;* кытай тилинде: *啊à，哎呀āiyā.*

Мисалы: “Цяомэйдин ажыдаарды саймага салуусу жөнүндө жомогунда”:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
可惜**啊**！这白龙溪的水乾了，溪边的草枯了 Kěxí **a!** Zhè bái lóng xī de shuǐ qiánle, xī biān de cǎo kūle	**Ий !** Муну көргөн кыздын кайгысында чек жок эле [71, 36-б.].

5. Жек көрүү, каршы болуу, жийиркенүү сезимдерин билдирүүчү сырдык сөздөр булар: кыргыз тилинде: *И-и-и, ох ж.б.;* кытай тилинде:*啐 cui, 哼heng, 呸 pei，天哪tianna, 该死gaisi, 呸！* Мисалы, “Феникс менен таранчы жөнүндөгү жомогунда”:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
你还是个鸟王!**哼!** nǐ háishì gè niǎo wáng! **Hēng!**	**Хм,** сен канаттуулардын падышасысың да, туурабы?! [71,76-б.].

6. Таңыркоо, таң калуу, айран таң калуу, кайгыруу сыяктуу сезимдерди туюндурган сырдык сөздөр: кыргыз тилинде: *Ой, тобо! Ой! Ох-ох! Эй, чиркинай!;* кытай тилинде: *咦yí, 呦yōu,嘿hēi,哎āi,哦ó!* Мисалы, “Феникс менен таранчы жөнүндөгү жомогунда”:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
“咦,那为什么呢?”凤凰十分不明，奇怪的问 “Yí, nà wèishéme ne?” Fènghuáng shífēn bùmíng, qíguàide wèn.	**Ой!** А эмне үчүн андай дедиң? – деп бир таң калып, бир түшүнбөй сурайт феникс. [71, 76-б.].

7. Макулдугун берүү, суктануу, ыраазы болуу маанисиндеги эмоциялык сырдык сөздөр: кыргыз тилинде: *А бали! Баракелде! Азамат!;* кытай тилинде: *是shì,啊a,嘿hēi,嗨hāi!*

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
嗨，猫，我带了一个吻给小熊，是他外婆给的。你带给小熊，好吗? **Hāi,** māo, wǒ dàile yīgè wěn gěi xiǎoxióng, shì tā wàipó gěi de. Nǐ dài gěi	**Эй,** мышык, мен мамалакка анын чоң энеси берген өбүүнү алып келгем, сен аны мамалакка жеткизип кое аласынбы? (“Сүрөтчү мый”)[71, 90-б.]

xiǎoxióng, hǎo ma?	

Жыйынтыктап айтканда:

1. Сырдык сөздөрдүн өз ара лексикалык чөйрөсү бар, алардын мүмкүнчүлүктөрү бул сүйлөө бөлүгүнүн грамматикалык формалдуулугун, оригиналдуулугун камтыйт.

2. Кытай тилиндеги сырдык сөздөр 的de， 起来qǐlái， 着zhe， 了 le мүчөлөрү менен бириге алышат.

3. Кыргыз тилинде дагы, кытай тилиндегидей эле сырдык сөздөр кайталануу жолу менен (редупликациялоо) да колдонулат. Редупликация жолу менен кытай тилиндеги жана кыргыз тилиндеги көптөгөн сырдык сөздөр күчөтүү маанисин билдире алышат. Мисалы: *Бах, чиркин!* “*Бах*” сөзү редупликацияланып “*бах, бах чиркин*” болуп өзгөрүп, сүйлөмгө терең маани бере алат. 嘻xi，不错bucuo！Хи, жаман эмес! 嘻-嘻-嘻xìxìxì?太好了tái hǎole！Хи, хи, хи, аябай сонун!

Кытай тилиндеги сырдык сөздөр, кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр сыяктуу эле стилистикалык маанисине карата көркөм адабий чыгармаларда өтө кеңири колдонулат. Себеби, адамдардын айта турган ой-пикири анын ички сезими менен ар дайым ажырагыс байланышта келет, ошондуктан адам баласынын кебиндеги эмоционалдуулукту алып жүрүүчү катарында – сырдык сөздөрдүн чыгармаларда кеңири колдонулушу кокусунан эмес [6, 33-б.].

Ошентип, кыргыз жана кытай тилдеринин морфологиялык тутумдарын салыштыруу эмгеги, эки тилдин грамматикалык **өзгөчөлүктөрүн** да анализдөөгө мүмкүндүк берди:

1. Иликтөөгө алынган кыргыз жана кытай тилинде маани берүүчү сөз түркүмдөргө зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч кирет. Ал эми кызматчы сөздөргө жандооч, байламта, бөлүкчө кирет. Зат атоочтун эки тилге тең мүнөздүү белгиси - эки уңгудан турган татаал түрдө болушу.

2. Кыргыз жана кытай тилдеринде ат атоочтор жактама (мен 我 wǒ биз 我们 wǒmen, 你 nǐ сен, 他 tā ал), шилтеме (这 zhè бул, 这个 zhège мобул...), таандык

(менин 我的 wǒ de , 你的 nǐ de сенин, 他的 tā de анын....) жана сурама (谁 shuí ким, 哪 nǎ кайсы, 谁 shuí кимдики....) болуп бөлүнөт. Ат атоочтор кыргыз, кытай тилдеринде ээ, аныктооч, толуктооч, бышыктоочтук милдетин аткарышат.

3. Кыргыз жана кытай тилдеринде сан атоочтордун түзүлүшү боюнча окшоштуктар бар. **Сан атооч** бул эки тилде тең заттын санын, катарын, эсебин билдирип, канча? нече? деген суроого жооп берет. Аларда **эсептик сан атооч** (一 yī – бир 五 wǔ– беш), иреттик сан атооч (第一 dì yī – биринчи 第五 dì wǔ – бешинчи) жана бөлчөк сан атооч бар.

4. Кытай тилинде зат атоочтун санын эсептөөдө алардын ортосунда “өлчөм сөздүн” колдонулушу зарыл болуп эсептелет. Сандардын ар биринен кийин тиешелүү өлчөм сөздөрдү колдонуу керек болот. Кыргыз тилинде өлчөм сөздөрдүн колдонулушу зарыл эмес. Өлчөм сөздөр көп учурда эсептелбөөчү зат атоочтор менен колдонулат. Мисалы: *бир чака суу, эки кесе кымыз.* Кытай тилинде кыргыз тилинен айырмаланып эки учурда тең колдонууга тийиш. 五个苹果 wǔ gè píngguǒ (беш алма)、一杯茶 yībēi chá (бир чыны чай).

Эки тилде аналогия түзүү үчүн, этиштик өлчөм сөздү “жолу”, “ирет” деп которсок болот. Мисалы, “Нюйва адамдарды кантип жараткан”, “Алтын балта жана күмүш балта” жана “Дарыгерлик менен алектенген түлкү пири” жомокторунда:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
女娲神通广大，一天能变化**七十次** Nǚ wā shéntōng guǎngdà, yītiān néng biànhuà **qīshí cì**	Нюйва - бир күндө **жетимиш жолу** өзгөрүп, **жетимиш жолу** кубулуп турган кубаттуу, дараметтүү периште болуптур [70, 16-б.].
如是好**几次**，尽管凝神注目也无济于事 rúshì hǎojǐ cì, jǐnguǎn níngshén zhùmù yě wújìyúshì.	Айылдарды көчөмө-көчө **көп жолу** кыдырышып, чалды эч жерден жолуктура алышпайт [71, 66-б.].
河神**第三次**沉到河里去，捞起一把铁斧头来，问道：“这把铁斧头是你的	Дарыя кудайы **үчүнчү жолу** дарыяга чөгүп, темир балтаны алып

吗？ hé shén dì sān cì chén dào hé lǐ qù, lāo qǐ yī bǎ tiě fǔtóu lái, wèn dào:“Zhè bǎ tiě fǔtóu shì nǐ de ma?	чыгат да: “Бул темир балта сеникиби?” – деп сурайт [71, 86-б.].

Жыйынтыктап айтканда, изилденген адабияттардын негизинде кытай жана кыргыз тилдеринде морфология түшүнүгүнүн маңызы ачылып, морфология менен грамматика кандайча өз ара байланышта экени, анын изилдөө предмети болгон тил илиминин бир бөлүмү катары морфология кандай милдеттерди аткара тургандыгы аныкталган. Ошондой эле сөз түркүмдөрүнүн теориясы боюнча маалыматтар жана алардын азыркы классификациясы берилген.

3.3. Кытай жомокторун кыргыз тилине которууда лексикалык каражаттардын берилиши

Кытай тилиндеги лексикалык каражаттардын которулушу боюнча алгач ирет кытай окумуштуусу Сунь Чансюй “Кытай тилинин сөздүгүндө” 1956- жылы жазып чыккан, андан соң Жэнь Сюэляндын “Кытай сөзүнүн жаралышы” аттуу китеби 1981-жылы басылып чыккан. Ушул эле эмгекти улантып Гэ Бэни 2017-жылы «Кытай тилиндеги морфо-лексикалык каражаттар» деген эмгеги жарык көргөн. Гэ Бэнинин изилдөөсүнө таянып, кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы морфо-лексикалык каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн карап чыктык. Анын китебинде берилгендей, кытай тилинде бир нече сөздөрдү бириктирүү ыкмасы менен түзүлгөн сөздөрдүн тобу эң көп. Мындай композиция кытай сөз жасоо тутумунда үстөмдүк абалды ээлейт. Адатта, сөз жасоо ыкмасы катары сөз курамы бир компоненттин экинчисине жөн гана туташуусу аркылуу ишке ашат. Сөз курамынын методу менен түзүлгөн сөздөрдү, алардын компоненттеринин ортосунда болгон байланыштын түрүнө жараша эки чоң топко бөлүүгө болот: тең байланыштагы татаал сөздөр жана багыныңкы байланыштагы татаал сөздөр [103, 45-б.].

(1) Тең байланыштагы татаал сөздөрдүн ортосунда эркин байланыш болот, бир бөлүгү экинчисине көз каранды эмес, эки бөлүгү тең бирдей семантикалык маниге ээ. Тең байланыштагы татаал сөздөр үч түрдү камтыйт: кош сөздөр,

синонимдеш таатал сөздөр жана карама-каршы маанидеги антонимдеш татаал сөздөр.

Кош сөздөр. Берилген сөз жасоо түрүндө лексикалык бирдиктер эки башка белгини (сапатты, иш-аракетти) билдирүүчү эки же бир нече муундуу морфемаларын бириктирүү аркылуу пайда болот. Мисалы, «Чжун Линдин айкөлдүгү» чыгармасынан үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
中令**宽宏大**度，宽大为怀,不妄喜怒 Zhōng lìng kuānhóng dà dù, kuāndà wéi huái, bù wàng xǐ nù	Чжун Лин өтө **кең пейил** адам, ал катуу кубанбайт да жана катуу ачууланбайт.
宽大 kuāndà/a=宽 kuān/a+大 dà/a	Кең пейил, кенен

Кытай 宽大 kuāndà сөзү *ырайлуу, кең пейил, кенен* деп которулат, 宽 kuān – *кең*, 大 dà - *чоң* дегенди билдирет. 宽大 kuāndà сөзүнүн мааниси 宽 kuān жана 大 dà эки муундуу морфемасынын кошмо жыйындысы, алардын ортосунда эркин мамиле бар. Демек, мындай типтеги сөздөр композициялык принципке туура келбейт, башкача айтканда |宽大 kuāndà| ≠ |宽 kuān| · |大 dà|, жана бул сүйлөмдө аларды бөлүп кароонун кажети жок.

Кытай элинин белгилүү Цан Цзэ жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
草木器具的形状,**描摹**绘写,造出种种不同的符号,并且定下了每个符号所代表的意义 cǎomù qìjù de xíngzhuàng, **miáomó** huì xiě, zào chū zhǒngzhǒng bùtóng de fúhào, bìngqiě dìng xiàle měi gè fúhào suǒ dàibiǎo de yìyì.	Өз алдынча байкоолордун негизинде ар кандай символдорду **сүрөттөп**, алардын ар бирине ар кандай маанилерди берип чыккан [70, 132-б.].
描摹 miáomó /v=描 miáo/v+摹 mó /v	Баяндоо/v+көчүрүү/v=сүрөттөө/v

描摹 miáomó – этиши кытай тилинен *сүрөттөө* деп которулат, 描 miáo – *баяндоо* жана 摹 mó - *көчүрүү* компоненттеринен турат. 描摹 miáomó сөзүнүн мааниси

描 miáo менен 写 xiě айкалышын билдирет, бирок анын ички түзүлүшү композициялык принципке туура келбейт жана сегментация (бөлүп кароо) жүргүзүлүшү кажет эмес. Жогорудагыдай типтеги сөздөр 宽大 kuāndà/a, 描写 miáoxiě/v, 眉目 méimù/n деп белгиленет.

Синонимдеш сөздөр мааниси жагынан окшош келген эки муундуу морфемалардан турат. Алар эки башка нерсени же эки башка касиетти (сапаттарды же иш-аракеттерди) билдирет. Ушул сөздөрдү түзгөн морфемалар бири-бирин толуктап бир лексикалык маниге ээ болушат. Мисалы: 树木 shùmù *бак-дарактар* деп которулат, кыргыз тилиндеги «бак-дарак» деген сөзүндөй эле, кытай тилинде да 树 *бак*, 木 *дарак* деп которулат. Мисалы, «Хоу И” жана «Күндү кубалаган Куа Фу” жомокторунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
所有的树木庄稼和房子都被烧成了灰烬 suǒyǒu de shùmù zhuāngjià hé fángzi dōu bèi shāo chéngle huījìn.	Бардык бак-дарактар, эгиндер жана үйлөр өрттөнүп кетти [70, 22-б.].
有一年的天气非常热，火辣辣的太阳直射在大地上，烤死庄稼，晒焦树木，河流干枯 yǒuyī nián de tiānqì fēicháng rè, huǒlàlà de tàiyáng zhíshè zài dà dìshàng, kǎo sǐ zhuāngjià, shài jiāo shùmù, héliú gānkū.	Бир жылы күн аябай ысык болуп, бак-дарактар өрттөнүп күйүп, дарыялар кургап калган [70, 40-б.].
树木 shùmù /n=树 shù/n+木 mù/n	Бак-дарактар/n =бак/n+дарак/n

Кытай элинин «Пангу» жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
有一天，盘古突然醒了。他见周围一片漆黑，就抡起大斧头，朝眼前的**黑暗**猛劈过去 yǒu yītiān, pángǔ túrán xǐngle. Tā jiàn zhōuwéi yīpiàn qīhēi, jiù	Бир күнү Пангу катуу уйкудан ойгонуп, көзгө сайса көрүнгүс **караңгылыкка** туш болот. Балтасын

lūn qǐ dà fǔtóu, cháo yǎnqián de hēi'àn měng pī guòqù.	алып, болгон күчү менен жумуртканы катуу урат [70, 6-б.].
黑暗 hēi'àn/n =黑 hēi /a+暗 àn /a	караңгылык/n

黑暗 hēi'àn сөзү кытай тилинен *караңгылык* деп которулат, сөздөгү биринчи муундагы морфема 黑 hēi *кара, каралжын* дегенди билдирсе, экинчи муундагы 暗 àn морфемасы дагы *кара, күңүрт* деп которулат да, биригип келип *караңгы* деген маниге ээ.

Кытай элинин «Айдагы Чаң Э» жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
后羿惊奇的发现，今晚的**月亮**格外皎洁明亮，而且有个微微晃动的身影酷似嫦娥。Hòu yì jīngqí de fǎ xiàn, jīn wǎn de yuèliàng géwài jiǎojié míngliàng, érqiě yǒu gè wéiwéi huàngdòng de shēnyǐng kùsì Cháng'é.	Хоу И асмандагы айдын башка күндөн айырмаланып укмуштай **жаркырап** турганына таң калып, айдын ичиндеги сөлөкөт Чаң Эге окшош экенин да байкады [70, 31-б.].
明亮 míngliàng =明 míng/жарык+亮 /жарык	жаркырап

明亮 míngliàng сөзүндөгү эки компонент тең *жарык*, *жаркыраган* деп которулат, 明 míng менен 亮 liàng жупташып келип бир гана лексикалык маниге ээ болгон.

Кытай элинин «Айдагы Чаң Э», «Хоу И» жана «Чабан менен тигүүчү» жомокторунда 幸福 деген сөздүн колдонулушун карасак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
农田变成了米粮仓，人民又能筑室而居，过上<u>幸福</u>富足的生活 nóngtián biàn chéngle mǐ liángcāng, rénmín yòu néng zhù shì ér jū,guò shàng xìngfú fùzú de shēnghuó	Элдин баары отурукташып, үйлөрүн куруп, күрүч эгип, **<u>бакубат</u>** өмүр сүрө башташты [70, 22-б.].

天地万物一片欣欣向荣的的景象。人们在大地上生活得非常幸福和睦，日出而耕，日落而息，生活过得既美满又幸福 tiāndì wànwù yīpiàn xīnxīnxiàngróng de de jǐngxiàng. Rénmen zài dà dìshàng shēnghuó dé fēicháng xìngfú hémù, rì chū ér gēng, rìluò ér xī, shēnghuóguò dé jì měimǎn yòu xìngfú	Жер жүзүндө жашаган адамдардын жашоосу **бакытка** бөлөнүп, таң атаары менен талыкпастан талаада эмгектенишип, күн баткан учурда жаратылыштын сулуугуна суктанып, эч кабатырсыз тынч жашоо сүрүп келишкен [70, 34-б.].
从此，男耕女织，生下一儿一女，过上了幸福美满的生活 cóngcǐ, nán gēng nǚ zhī, shēng xià yī ér yī nǚ,guò shàngle xìngfú měimǎn de shēnghuó.	Ошол күндөн тартып, чабан менен тигүүчү уул-кыздуу болушуп, бактылуу өмүр сүрүшкөн [70, 32-б.].
幸福 xìngfú	Бактылуу, бакубат, бакыт-таалай

幸福 xìngfú сөзүн 幸 xìng жана 福 fú деген эки компонент түзөт, курамындагы эки сөз тең өз алдынча колдонула алат жана “*бакубат*”, “*бактылуу*”, “*бакыт-таалай*” деп которулат.

Ушул эле түрдөгү сөздөргө дагы мисал келтире турган болсо: 寒冷 hánlěng *суук*, мында 寒 hán жана 冷 lěng деген сөздөр *суук* дегенди билдирет; 依靠 yīkào (арык), мында 依 yī *арык* жана 靠 kào *арык*. Сиздер көрүп тургандай берилген түгөйлөрү өз ара бири-бирине синоним маанилерде келет жана бардыгы өз алдынча лексикалык маниге ээ. Демек, мындай типтеги сөздөр композициялык принципке дал келбейт жана биригип чогуу каралып 树木 shùmù/n, 寒冷 hánlěng /a, 依靠 yīkào/v деп белгиленет.

Карама-каршы маанидеги антонимдеш татаал сөздөрдүн лексикалык бирдиктери өз ара бири-бирине антоним маанилерде келет. Сөздү түзгөн антонимдердин айкалышы алардын маанилеринин жалпылануусуна жана түзүүчү морфемалардын семантикалык трансформациясына алып келет: башка маанидеги сөз же башка сөз түркүмүндөгү татаал сөз жаралат. Мисалы: кытай

тилиндеги 快慢 сөзү *ылдамдык* деп которулат, бул зат атоочко таандык сөзү сын атоочтордун айкалышынан келип чыккан: 快 kuài *тез* жана 慢 màn *жай*, 开关 kāiguān *күйгүзгүч* зат атоочу = 开 kāi *ачуу* + 关 guān *жабуу* эки этиштерден, 天地 tiāndì *дүйнө* зат атоочу=天 tiān *асман*+地 dì *жер* деген зат атоочтордон турат. Тутумундагы ар бир муун өз алдынча лексикалык мааниге ээ, бирок таатал сөз катары бир гана сөз түркүмүндө көрсөтүлөт: 快慢 kuàimàn/n, 开关 kāiguān/n, 天地 tiāndì/n .

Карама-каршы маанидеги 天地 tiāndì *“дүйнө”, “аалам”* татаал сөзүнө «Хоу И», «Сегиз өлбөс периштелер дарыяны кантип кечип өтүшкөндүгү жөнүндө жомок» жана «Нюйва кантип адамдарды жараткан» жомокторун которуудагы мисалдардан келтирсек:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
十个太阳轮流当班，每天一换，秩序井然，**天地**万物一片欣欣向荣的的景象 Shí gè tàiyáng lúnliú dāngbān, měitiān yī huàn, zhìxù jǐngrán, tiāndì wànwù yīpiàn xīnxīnxiàngróng de de jǐngxiàng	Күнүгө он күндүн бирөөсү милдеттүү түрдө алмашып асманга көтөрүлгөндө **айланадагы** жаратылыш кооз болуп жашылданып, кооз гүлдөр жайнап, жашоо өз нугунда улана берет [70,22-б.].
八仙一到，只见霞光普照，**天地**一片灿烂。这正是历经风雨，才见彩虹 bāxiān yī dào, zhǐ jiàn xiáguāng pǔzhào, tiāndì yīpiàn cànlàn. Zhè zhèng shì lìjīng fēngyǔ, cái jiàn cǎihóng.	Сегиз Өлбөс периште көздөгөн **жерине** жетишкенде, күн да чакчайып жаркырап нурун төгөт [70,50-б.].
盘古开辟了**天地**之后，天上有了太阳、月亮、星星，地上有了山川草木，花鸟虫鱼，可是就是没有人 Pángǔ kāipìle tiāndì zhīhòu, tiānshàng	Пангу **дүйнөнү** жараткандан кийин, көктө күн, ай, асман толо жылдыздар, жерде тоолор тизилип, суулар шаркырап агып, гүлдөр ажайып гүлдөп, сууда түрдүү балыктар сүзүп,

yǒule tàiyáng, yuèliàng, xīngxīng, dìshàng yǒule shānchuān cǎomù, huāniǎo chóng yú, kěshì jiùshì méiyǒu rén.	чымчыктардын жагымдуу сайраганы угулуп турган [70,6-б.].
天地 tiāndì/n.=天 tiān/n.+地 dì/n.	Дүйнө (аалам, айлана)/зат атооч= асман/зат атооч+ жер/зат атооч

(2) Багыныңкы байланыштагы татаал сөздөр. Багыныңкы байланышта грамматикалык жактан байланышкан ар түрдүү компоненттердин бири грамматикалык жактан көз каранды эмес, өз алдынча турса, экинчи компоненти - багыныңкы түгөйү мааниси жана грамматикалык табияты жагынан биринчи компонентке көз каранды мүнөздө болот. Багыныңкы компоненттин көзкарандылыгы, негизинен, маанилик-грамматикалык белгилер аркылуу туюндурулат. Багыныңкы байланыш - бул семантикалык жана функционалдык-синтаксистик жактан бирдей эмес муундардын айкалышы. Алар төрт негизги типти түзөт: аныктоочу, толуктоочтук, жыйынтыктоочу жана баяндоочтук.

а. Аныктоочтук түрдөгү татаал сөздөр. Мындай татаал сөздөрдүн биринчиси экинчисин аныктап түшүндүрүп турат. Кытай тилинде татаал сөздөрдүн аныктоочу түрү эң арбын колдонулган моделдердин бири болуп саналат, аны кээде атрибутивдик модель деп да аташат. Мисалы: 善心 shànxīn *кайрымдуулук, боорукердик*, мында 善 shàn *боорукер* жана 心 xīn *жан, сезим, жүрөк*, 雄心 xióngxīn *амбиция, намыскөйлүк,* 雄 xióng *эркектик* 心 xīn *жан, сезим, жүрөк*.

«Күндү кубалаган Куа Фу» жомогунан үзүндүдөн 雄心 xióngxīn сөзүнүн которулушун мисал катары карайбыз:

Кытай тилинде	Кыргыз тилине котормосу
太阳刚刚从海上升起，夸父告别族人，怀着**雄心**壮志，从东海边上向着太阳升起的方向，迈开大步追去 tàiyáng gānggāng cóng hǎi shàngshēng qǐ, kuā fù gàobié zúrén, huáizhe xióngxīn zhuàngzhì, cóng dōng hǎibiān shàng	Күн жаңыдан Чыгыш деңизинен чыгып келе жатканда Куа Фу элдер менен коштошуп, күнгө багыт алып, шамал сындуу **чечкиндүү**

xiàngzhe tàiyáng shēng qǐ de fāngxiàng, mài kāi dà bù zhuī qù	кадамын кенен таштап чуркайт [70, 40-б.].
雄心 xióngxīn /a=善 xióng/a+心 xīn /n	雄心/сын атооч=善/сын атооч 心/зат атооч

б. Толуктоочтук түрдөгү татаал сөздөр. Туунду сөздүн бөлүктөрүнүн биринчи компоненти иш-аракетти, ал эми экинчисиси объектини билдирет. Мисалы: 动身 дуңшен (жолго чыгуу) сөзү 动 дуң (кыймылдоо) жана 身 шен (дене) сөздөрүнөн турат; 出版 чубан (чыгаруу) = 出 чу (чыгаруу) + 版 бан (кайра басуу). Ушул типтеги сөздүн ички түзүлүшү композициялык принципке дал келбейт жана мындай сөздөр 动身 дуңшен/ v, 出版 чубан / v деп белгиленет.

в. Жыйынтыктоочу (корутундулуу) түрдөгү татаал сөздөрдөгү биринчи морфема иш-аракетти, экинчиси - бул иш-аракеттердин натыйжасын көргөзөт. Мисалы: 扩大 kuòdà (чоңойтуу (өлчөм))=扩 kuò (кеңейтүү)+大 dà (чоң),; 吃饱 chī bǎo (ток болуу)=吃 chī (тамактануу),+饱 bǎo (ток). Ушул муундардын кошулушунан келип чыккан мындай типтеги сөздөр композициялык принципке туура келбейт, башкача айтканда | 扩大 kuòdà| ≠ | 扩 kuò | · | 大 dà |, | 吃饱 chī bǎo | ≠ | 吃 chī | · | 饱 bǎo |, 扩大 kuòdà / v, 吃饱 chī bǎo / v. деп белгиленет.

г. Баяндоочтук түрдөгү татаал сөздөрдүн компоненттери зат+заттын белгисин, өзгөчөлүгүн айкалышы менен ишке ашырылат. Ошентип сөздүн бөлүктөрү предметтик-предикативдик байланышта болот. Мисалы: 头 tóu (баш) ＋疼 téng (оору)= 头疼 tóuténg (баш оору). Мындай типтеги сөздөр зат атооч+этиш схемасынын натыйжасында пайда болот. Демек, | 头疼 tóuténg | = | 头 tóu | · | 疼 téng |, 头 tóu/ n 疼 téng / v деп белгиленет.

Жогоруда көрсөтүлгөн кытай тилиндеги багыныңкы байланыштагы татаал сөздөр кыргыз тилинде сөз айкаштары болуп эсептелет.

Ошентип, кыргыз жана кытай тилдеринин лексикалык тутумдарын салыштыруу эмгеги, эки тилдин грамматикалык **өзгөчөлүктөрүн** да анализдөөгө мүмкүндүк берди:

1. Кыргыз жана кытай тилинин лексикалык тутумунда башка тилден кабыл алынган сөздөр бар. Кыргыз тилинин лексикасы сырттан кабыл алынган сөздөр менен байып турат. Мисалы, аймак, баатыр, олжо, тамга ж.б. (монгол тилинен), соода, тараза, дасторкон, сыя, мейман ж.б. (иран тилинен), куран, адабият, илим, саясат, өкмөт (араб тилинен), самоор, поезд, спутник ж.б (орус тилинен) – өздөштүрүлгөн сөздөр.

Кытай тилинин өнүгүшүндө да (Цинь династиясы, Хань, Тань, XIX к. экинчи жарымында, XX кылымдын 80-жылдарында жана ушул мезгилге чейин) сөздөр сырттан кабыл алынган.

2. Кыргыз жана кытай тилинде антонимдердин маанисин ажыратып көрсөтүүчү лингвистикалык каражаттар бар. Кыргыз тилинде уңгулаш антонимдерди –луу, - сыз мүчөлөрү, ал эми кытай тилинде бу, мей, мей йоу сыяктуу жардамчы сөздөр маанилик жактан айырмалап турат. Мисалы, 有 yǒu – бар , 没有 méiyǒu – жок 人道的 réndào de – адамгерчиликтүү, 不人道的 bùréndào de – адамгерчиликсиз.

Эки тилде тең уңгулары ар түрдүү антонимдер да кезигет. Мисалы, ак-кара 白 bái-黑 hēi, аз-көп 少 shǎo -多 duō, азыр-кийин 现在 xiànzài - 然后 ránhòu.

3. Кыргыз жана кытай тилинде синонимдердин жасалышында да айырмачылык бар. Кыргыз тилинде бир маанини билдирген эки же андан ашык синоним сөздөр бар. Ал эми кытай тилинде синонимдер бир же эки сөз менен гана берилет.

3.4. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы синтаксистик каражаттардын берилиши

Синтаксис - тил илиминде, сүйлөмдүн түзүлүшүн, сөз айкашын жана сүйлөм мүчөлөрүн окутуучу грамматиканын бир бөлүмү.

Сөздөр өз ара бири-бири менен синтаксистик мамиле түзүшүп, сүйлөмдүн мүчөсү болушат. В.Виноградов сүйлөм мүчөлөрү сүйлөмдүн ичинде гана пайда болуп, өнүгүп жаткан синтаксистик категория экендигин белгилеген [2, 490]. Сүйлөм мүчөсүнүн милдетин толук лексикалык мааниси бар сөздөр же

ажырагыс жана туруктуу сөз айкаштары аткара алат. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү семантикасына жана аткарган кызматына жараша, сүйлөмдүн негизги мүчөлөрүнүн айланасында жайгашат [6, 129-бет].

Кытай тилинин синтаксисине номинативдик түзүлүш мүнөздүү. Номинативдик түзүлүш бир катар сөздөрдүн катарын белгилейт. Маселен, аныктоочу дайыма аныкталуучунун алдында болот.

Кытай тилинде сүйлөм активдүү жана пассивдүү конструкция формасында болот. Сөздөрдүн орду которуштурулуп турат. Ошондой болсо да, сөздөрдүн синтаксистик ролу өзгөрүлбөйт.

Кытай тилинде байламталуу жана байламтасыз тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн системасы өнүккөн. Ошондой эле кытай тилинде сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибине, алардын сүйлөмдө болгон байланышына жана ар кандай типтеги сүйлөмдөрдүн өзгөчө структураларына карата туруктуу эрежелери бар. Бул жагынан кытай тилинде сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибинин бекем экендиги белгилүү. Сөздүн грамматикалык ролу жана анын сүйлөмдөгү башка сөздөр менен болгон байланышы сөздөрдүн катар орун тартибинин негизинде түзүлөт. Сөздөрдүн катар орун тартибинин бузулушу сөздүн грамматикалык ролунун жана байланышынын өзгөрүшүнө алып келет.

Жөнөкөй сүйлөмдүн эң эле белгилүү, көп тараган «ээ - баяндооч - толуктооч» формасы - кытай сүйлөмүнүн башкы структуралык модели болуп саналат. Кытай тилинде сүйлөм конструкциясынын жогорудагы «ээ - баяндооч - толуктооч» деген структуралык модель-схемасы сүйлөмдүн бардык коммуникативдик типтерине, анын ичинен суроолуу сүйлөмгө да мүнөздүү. Азыркы кытай тилинде «ээ - баяндооч - толуктооч» моделиндеги сүйлөм структурасы - татаал сүйлөмдүн да нормасы. Кытай тилинде грамматикалык каражаттар болуп саналган «жөндөмө», «сан» жокко эсе.

Кытай тилиндеги сыпат бышыктоочко «кандай?», «кандайча?», “кантип?” деген суроолор берилет да, ал баяндоочтун алдында жайгашат. Мисалы

“Жолборс баштуу бут кийим” жана “Хоу И” жомокторунан 得 de сөзүнүн которулушун карасак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
知府气**得**要死，想把画儿撕掉，又舍不得 Zhīfǔ qì **dé** yàosǐ , xiǎng bǎ huà er sī diào, yòu shěbudé	Айыл башчысы мурункудан да көзүн үлүрөйтө **ызырынып**, сүрөттү жыртып салайын дейт да, бирок кыздын ушунчалык сулуугуна суктанып токтоп калат [70, 65-б.]
人们在大地上生活**得**非常幸福和睦 Rénmen zài dà dìshàng shēnghuó **dé** fēicháng xìngfú hémù	Жер жүзүндө жашаган адамдардын жашоосу **бакытка бөлөнүп**, эч кабатырсыз тынч жашоо сүрүп келишкен [70, 88-б.].

Кытай тилинде суроолуу сүйлөмдөрдү түзүнүн ар түрдүү ыкмалары бар. Эң кеңири таралган ыкма «吗» ma жардамчы сөзү менен берилет, жөнөкөй сүйлөмдүн аягына «吗» ma коюлса, ал сүйлөм суроолуу сүйлөм болуп калат. Мисалы, “Түлкүнүн жакшылыкка жооп берүүсү жөнүндөгү жомогунан” үзүндү карасак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
员外，这狐狸怎么了，它得罪你了**吗**？Yuánwài, zhè húlí zěnmele, tā dézuì nǐle ma?	Байым, бул түлкү сизге эмне кылды, сизди таарынттыбы? [71,67-б.]

Кытай тилиндеги «吗» ma жардамчы сөзү аркылуу түзүлгөн суроолуу сүйлөм, кыргыз тилине -бы суроолуу морфема менен которулган.

Кытай тилинде сүйлөм мүчөлөрү кыргыз тилине *окшош* эле баш мүчө жана айкындооч мүчө деп экиге бөлүнөт, бирок кытай тилинде комплемент 补语 bǔyǔ дагы сүйлөм мүчөлөрүнө кирет. *Ошентип, кыргыз тилинде беш сүйлөм мүчө бар, кытай тилинде алты сүйлөм мүчө бар.*

Кытай тилиндеги комплемент - бул синтаксистик бирдиктердин өзгөчө түрү: этиш же сын атооч менен туюнтулган баяндоочтон кийин жайгаштырылып,

анын маанисин толуктап турган кошумча иш-аракет модификатору. Ошентип, комплемент - бул баяндоочтун постпозициялык аныктамасы деп айта алабыз;

Семантикасына жана ички түзүлүшүнө жараша, кытай тилиндеги сүйлөм мүчөлөрүнүн катарына кирген комплименттин сегиз негизги түрүн ажыратуу болот:

1. Даражаны көрсөтүүчү комплемент (程度补语 é chéngdu bǔyǔ);

好极了 hǎo jíle *“эң мыкты, абдан сонун”,* 人多极了 *rén duō jíle “көптөгөн адамдар/толгон токой (үймө) адамдар”*. Мисалы, “Жолборс баштуу бут кийим” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
杨大望着这美丽的姑娘，**高兴极了** Yáng dàwàngzhe zhè měilì de gūniáng, **gāoxìng jíle**	Ян Да **кубанычы койнуна батпай**, уулуна Сяобао деген ысым коет [70, 116-б.].

Бул сүйлөмдөгү даражаны көрсөтүүчү комплемент 高兴极了 gāoxìng jíle кыргыз тилине сын сыпат бышыктооч болуп которулду.

2. Абалды көрсөтүүчү комплемент (状态补语 zhuàngtài bǔyǔ). Мисалы, “Пангу” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
盘古也**累得倒**了下去 Pángǔ yě **lèi dé dàole** xiàqù	Пангу **алдан-күчтөн тайып чарчаганынан**, анын алп денеси күрс этип жерге кулап түшөт [70, 6-б].

Бул сүйлөмдөгү абалды көрсөтүүчү комплемент кыргыз тилине себеп көрсөтүүчү бышыктооч болуп которулду.

3. Натыйжаны көрсөтүүчү комплемент (结果结果 jiéguǒ bǔyǔ); мисалы, “Жолборс пири менен бүркүт пири” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
弟弟装作睡下,待了一会儿,却发现姐姐悄悄溜进羊群,猛地变成一只大蟒,一口吞下一只羊,**吃完**	Күтүлбөгөн жерден кыз чоң жыланга айланып, бир

了,又变回姐姐模样 Dìdì zhuāng zuò shuì xià, dàile yīhuǐ'er, què fāxiàn jiějiě qiāoqiāo liū jìn yáng qún, měng de biàn chéng yī zhǐ dà māng, yīkǒu tūn xià yī zhǐ yáng, chī wánliǎo, yòu biàn huí jiějiě múyàng	койду бир тиштеп бир жутат, **жеп бүтүп** кайра баягы эжесинин кейпин кийип калат [70, 6-б.].

Бул сүйлөмдөгү натыйжаны көрсөтүүчү комплемент кыргыз тилине мезгил бышыктооч болуп которулду.

4. Ыктымалдуулукту көрсөтүүчү комплемент (可能补语 kěnéng bǔyǔ); мисалы, “Чжоу падышасы менен түлкү Да Цзинин сүйүүсү” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
妲己死前留下了眼泪，**对她来说**，或许轮回是最好的宿命	А **балким** түлкү үчүн өлүп кайра жаралуу бул - өтө жакшы тагдырдыр, **ким билсин**? [71, 59-б.].

Бул сүйлөмдөгү ыктымалдуулукту көрсөтүүчү комплемент кыргыз тилине киринди сөз болуп которулду.

5.Багытты көрсөтүүчү комплемент (趋向补语 qūxiàng bǔyǔ); мисалы, “Жолборс пири менен бүркүт пири” жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
天亮奇怪地说：“虎大哥，你**坐起来**让我看看» 老虎听罢果真坐了 tiānliàng qíguài de shuō: “Hǔ dàgē, nǐ zuò qǐlái ràng wǒ kàn kàn» lǎohǔ tīng bà guǒzhēn zuòle	“Жолборс ага, **ылдый отуруңуз**, мен оозуңузду карап көрөйүн,” – дейт [71, 15-б.].

Бул сүйлөмдөгү багытты көрсөтүүчү комплемент кыргыз тилине буйрук ыңгай этиши менен которулду.

6. Кайталануусун көрсөтүүчү комплемент (动量补语 dòngliàng bǔyǔ); Мисалы, “Нюйва адамдарды кантип жараткан”, “Алтын балта жана күмүш балта” жана “Дарыгерлик менен алектенген түлкү пири” жомокторунда кайталуу 次 сі сөзү менен көрсөтүлгөн:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде

女娲神通广大，一天能变化**七十次** nǚ wā shéntōng guǎngdà, yītiān néng biànhuà qīshí cì.	Нюйва - бир күндө **жетимиш жолу** өзгөрүп, **жетимиш жолу** кубулуп турган кубаттуу, дараметтүү периште болуптур [70, 93-б.].
如是好**几次**，尽管凝神注目也无济于事 rúshì hǎojǐ cì, jǐnguǎn níngshén zhùmù yě wújìyúshì	Айылдарды көчөмө-көчө **көп жолу** кыдырышып, чалды эч жерден жолуктура алышпайт [70, 55-б.].
河神**第三次**沉到河里去，捞起一把铁斧头来，问道："这把铁斧头是你的吗？ hé shén dì sān cì chén dào hé lǐ qù, lāo qǐ yī bǎ tiě fǔtóu lái, wèn dào:"Zhè bǎ tiě fǔtóu shì nǐ de ma?	Дарыя кудайы **үчүнчү жолу** дарыяга чөгүп, темир балтаны алып: "Бул темир балта сеникиби?" – деп сурайт [71,93-б.].

Бул сүйлөмдөгү кайталануусун көрсөтүүчү комплемент кыргыз тилине сан-өлчөм бышыктооч болуп которулду.

7. Узактыгын көрсөтүүчү комплемент (时量补语 shíliáng bǔyǔ); мисалы, "Чжан Сюцай жана түлкүнүн руху" жомогунан үзүндү:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
二人谈了**一会儿**，张秀才就走了 èr rén tánle yīhuǐ'er, zhāng xiùcái jiù zǒule.	Экөө **бир саам** баарлашып туруп, Чжан Сюцай үйүнө кайтат [71,65-б.].

8. Санды көрсөтүүчү комплемент (数量补语 shùliàng bǔyǔ);

他比我大三岁 tā bǐ wǒ dà sān suì - *Ал менден үч жашка улуу*.

Бөлөк тилдердин грамматикасындагы эң талаш-тартыш маселелердин бири - бул сөз түркүмдөр маселеси. Кайсы гана тилде болбосун сөз түркүмдөрүнүн (сөздөрдүн грамматикалык класстарынын) болушу талашсыз. Сөз түркүмдөрү парадигматикалык мамилелердин негизинде келип чыгат [85, 20-б.]. Ал эми обочолонгон тилдерде, анын ичинде кытай тилинде, сөз формалдуу жагынан өзүнүн негизги синтаксистик маанисин чагылдырган эч кандай көрсөткүчтү алып жүрбөйт, ошону менен белгилүү бир деңгээлде полисинтаксистик маниге айланат.

Кытай тилинде сөздөрдүн тартиби грамматикалык маниге ээ. Ал синтаксистик бирдиктердин ортосундагы грамматикалык байланышты туюндуруучу грамматикалык каражат жана берилген бирдиктин сүйлөмдөгү синтаксистик ролун аныктоочу каражат катары каралат.

Практикалык көз караш менен алганда кыргыз тилинен айырмаланып кытай тилинин синтаксиси төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт [56, 96-б.]:

1. Байланышсыз сөз айкаштары. Кытай тилинин сөз айкаштарында синтаксистик байланыштын туташуу, жалгашуу сыяктуу жөнөкөй жана ыңгайлуу түрү басымдуулук кылат. Объектилик, мейкиндик жана башка кээ бир мамилелер көбүнчө байламтасыз сөз айкаштары аркылуу туюнтат: 贺节 hè jié - “куттуктоо майрам” “майрамы менен куттуктоо”.

2. Кызматчы сөздөрүн, өзгөчө байламталардын жана предлогдордун түшүп калуусу:

你不去，我去 (Nǐ bù qù, wǒ qù) - *Сен барбасаң, мен барам*. Сүйлөмдүн башында 如果 rúguǒ “эгерде” байламтасы жокко эсе.

Мындай сөздөрдүн түшүп калуусу азыркы кытай тилинин бардык функционалдык стилдерине мүнөздүү эмес, бирок оозеки тилинде кеңири тараган. [70, 128-б.].

1. Синтаксистик бирдиктердин бирдей колдонулушу. Кытай тилинин синтаксистик түзүлүшүнө мүнөздүү өзгөчөлүк – бир эле (же омонимдик) жардамчы сөздөрдүн синтаксистик байланыштарды белгилөөдө жана сүйлөм мүчөлөрүнүн ортосундагы жана татаал бүтүндүн мүчөлөрүнүн ортосундагы семантикалык байланыштарды билдирүүдө колдонулушу. Мисалы, 的 de кызматчы сөзү жөнөкөй сүйлөмдөгү аныктама менен аныкталган сөздүн ортосундагы атрибутивдик байланышты билдирет. Ошол эле учурда татаал синтаксистик бирдиктин составында багындыруучу сүйлөм менен баш сүйлөмдүн ортосундагы бирдей семантикалык мамилелерди туюндурууга жөндөмдүү.

2. Кытай тилинин грамматикалык түзүлүшүндө маанилүү роль ойногон туруктуу сөз тизмеги. Кытай тилинде сүйлөмдүн мүчөлөрү көбүнчө морфологиялык эмес каражаттар менен туюнтулуп, сөздүн синтаксистик кызматы көбүнчө сөздүн сүйлөм түзүлүшүндөгү ээлеген ордуна көз каранды [142, 111-б.].

Кытай тили үчүн эң мүнөздүү болуп этиштик баяндооч (ээ –баяндооч – толуктооч) менен жөнөкөй сүйлөмдөгү сөздөрдүн тике тартиби каралат. Бул кытай тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн көптөгөн түрлөрүнүн негизинде кеңири таралган синтаксистик түзүлүш.

3. Сүйлөм мүчөлөрүнүн көрсөткүчтөрү. Кытай тилинде жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык элементтерин билдирген өзгөчө кызматчы сөздөр – сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткаруучу лексикалык бирдиктер (сөздөр жана сөз айкаштары) бар. Мындай кызматчы сөздөр, мисалы, 者 zhě, 而 ér, 将 jiāng, 之 zhī, 的 de сүйлөм мүчөлөрүнүн ортосундагы чектердин бир түрү катары кытай тилинин синтаксистик системасынын мүнөздүү белгилеринин бирин чагылдырат.

Ырас, дүйнөдө кайсы тил болбосун, анын башка тилдер менен болгон жалпы, окшош жана өзгөчөлөнгөн белгилери болот. Ошондуктан кыргыз тили менен кытай тилинин окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү тууралуу иликтөөлөрдү жүргүзүү бул изилдөө үчүн абдан маанилүү болуп саналат. Анын үстүнө буга чейин кыргыз тил илиминде мындай маалыматтардын жоктугу илимий багытта да чоң кызыгууларды туудурары шексиз.

3.5. Кытай жомокторунун котормолоруна стилистикалык анализ

Кытай адабий тилиндеги стилистикасын заманбап изилдөөлөрү XX кылымда башталган: 1935-жылы кытай тилиндеги риториканын негиздөөчүсү Чень Вандаонун «Стилистиканын маңызы» аттуу эмгеги жарык көргөн. Эмгекте стилистикалык анализдин ар кандай ыкмалары каралып, 38 риторикалык фигуралар аныкталып, кытай илимий салтында стилистиканы изилдөөгө системалуу мамиле жасоонун негизин түзөт. 1955-жылы Шанхай Фудан

университетинде Чен Даован грамматика, стилистика жана логиканы изилдөө менен алектенген бөлүмдү түзүп, адабий тилдин системасын изилдөөгө чоң таасирин тийгизген.

1961-жылы кытай тилчилери Лу Шусян жана Чжан Чжигун кытай тилинин стилистикасынын жалпы маселелери боюнча макалаларын «Чжунго Ювэнь» журналынын беттерине жарыялашкан.

Кытай тил илиминин бул бөлүмүнүн артта калгандыгын белгилеп, алар кытай тилинин стилистикасынын предметин, анын милдеттерин жана ыкмасын аныктоо, ошондой эле бул лингвистикалык дисциплинага термин белгилөө зарылчылыгы жөнүндө жазышкан.

Кытай тилинин стилистика илиминде көрүүгө негизделген (визуалдык) жана экспрессивдүү каражаттар 描绘类 miaohuilei деп аталат. Кыргыз тилинин стилистикасында алар көбүнчө троптор деп аталат [56, 49-б.].

Кытай авторлоруна таандык стилистика боюнча эмгектер көбүнчө кытай тилинин 比喻 biyu аттуу көркөм каражатынан башталат. Ачык салыштыруу 比喻 (明喻 mingyu деп да аталат). Бул кытай тилиндеги эң ири колдонулган троп. Кыргыз тилинин стилистикасында ***салыштыруу*** менен дал келет.

“Феникс менен жолборс” жомогунан үзүндү:

Модель №1

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
鼓鼓的眼珠怒放绿光，如铜铃一般，大口大口地喘着气，后爪猛地按在地上，前爪蹲伏在地，尾巴拍打着山峦响动 Gǔ gǔ de yǎnzhū nùfàng lǜ guāng, rú tóng líng yībān, dàkǒu dàkǒu dì chuǎnzhe qì, hòu zhǎo měng de àn zài dìshàng, qián zhǎo dūn fú zài dì, wěibā pāidǎzhe shānluán xiǎngdòng.	Жолборстун каардуу көздөрү жашыл түстө жалтылдап жанып жез коңгуроо сыяктанат, кырылдап катуу дем алганы үрөйдү учурат, күч менен жамбашын жерге басып, куйругу менен жерди бир урса, тоо жаңыргандай элес калтырат [71, 23-б.]

如+N	N+дай

Кытай тилинде салыштыруу “如” салыштырма байламталары менен берилсе, кыргыз тилинде –дай морфемасы менен которулуп берилген. Мисалы, «Жолборс кызды кантип ала качкан» жомогунан үзүндү:

Модель №2

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
愤怒的老虎眼神凶猛，犹**如教堂的钟声**，嘴里燃烧着火焰 fènnù de lǎohǔ yǎnshén xiōngměng, yóu **rú jiàotáng de zhōng** shēng, zuǐ lǐ rán shāo zháo huǒyàn	Ачуусу келген жолборстун көздөрү чиркөөнүн коңгуроосундай каардуу болуп, оозунан өрт жалындайт [71,22-б.].
如+ N	N+дай

Кытай тилинде салыштыруу “样的” салыштырма байламталары менен берилсе, кыргыз тилинде -дай морфемасы менен которулду.

Эми бул сүйлөмдөрдүн структурасына көңүл бурсак, келтирилген мисалдардын баарында 像 xiàng, 好像 hǎoxiàng....似的 shì de, 像 xiàng.... 一样 yīyàng салыштырма байламталары бар экенин оңой эле байкайбыз. Мындай сүйлөмдөрдө так ушундай оңой табыла турган байламталар болгондуктан, мындай көркөм салыштыруу ачык салыштыруу деп аталат. Кыргыз тилинде салыштыруу -дай морфемасынын жардамы менен жана “сыяктуу”, “окшош” салыштырма байламталары аркылуу берилет.

强喻 qiangyu - күчтүү салыштыруу деп которулат, 比 bǐ, 那 nà,没有 méiyǒu морфемаларынын жардамы менен түзүлөт. Кытай тилинде 比 bǐ +N, 那 nà +N, 没有 méiyǒu +N болсо, кыргыз тилине N+дан болуп которулат. Мисалы, «Чжан Сюцай жана түлкүнүн руху» жомогунан үзүндү:

Модель №3

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде

巧言巧语比**糖甜** qiǎo yán qiǎo yǔ bǐ **táng tián**	Анын сөздөрү **шекердей** таттуу сезилет. (Котормо биздики)
比+N	N+дай

Бул сүйлөмдө кытай тилиндеги күчтүү салыштыруу 比 (-дан) сөзмө-сөз которулбай, кыргыз тилинде салыштыруунун -дай морфемасы (N+дай) менен берилди. Т.а. кытай тилинде “шекер+ден” деген сөз кыргыз тилине которулганда “шекер+дей” болуп өзгөрүлдү.

“Феникс” жомогунан 没有 meiyou+N салыштырууга мисал келтирсек:

Модель №4

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
石硬**没有**决心硬 shí yìng **méiyǒu** juéxīn yìng	Анын чечкиндүүлүгү таштан да катуу сыяктуу [71,73-б.].
没有 meiyou+N	N+дан

Бул сүйлөмдө да кытай тилиндеги күчтүү салыштыруу 比 (-дан)+N, кыргыз тилинде да N+дан болуп күчөтмө сын атооч менен жана “сыяктуу” жандоочу менен которулду.

“Цинлун (жашыл ажыдаар) менен Байхусян (ак жолборс)” жомогунан үзүндү:

Модель №5

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
天大那有决心大，山高那有热情高！tiān dà nà yǒu juéxīn dà, shāngāo nà yǒu rèqíng gāo!	Анын чечкиндүүлүгү асмандай кең, кайраттуулугу тоодой бийик болгон экен [71, 30-б.].
那+N	N+дай

Бул сүйлөмдө да кытай тилиндеги күчтүү салыштыруу 那(-дан)+N кыргыз тилинде салыштыруу -дай морфемасы менен которулду.

“Жолборс баштуу бут кийим” жомогунан үзүндүдө 象+N+一样 салыштыруусу кыргыз тилине калыштыруунун -дай (N+дай) морфемасы менен которулду:

Модель №6

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
知府急得**象饿狼一样**扑向美人，又用脚踏小宝 zhī fǔ jí **dé xiàng è láng yīyàng** pū xiàng měirén, yòu yòng jiǎo tà xiǎo bǎo	Энеси сүрөттөн түшүп келип, уулу экөө качып жөнөшкөндө, айыл башчысы алардын артынан **ачка карышкырдай** кууп жөнөйт [70,-116-б.].
象 xiàng +N+一样 yīyàng	N+дай

Кыйыр (ортомчулук) салыштыруу- метафора

Кытай тил илиминин стилистикасында 借喻 jieyu (кыйыр же ортомчулук салыштыруу) метафора деп которулат. *Метафора* - субъективдүү-эмоционалдык баалоочу көркөм каражаттардын бири. Ал каармандардын оң жана терс сапаттарын, ички жана сырткы көрүнүшүн, моралдык жана дене түзүлүшү жагынан жетишкен жана жетишпегендиктерин элестүү чагылдырат [150, 21-б.]. Кытай жомокторунан мисал катары «Сыйкырдуу Чан» жомогунан үзүндү алсак:

Модель №7

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
对于我们，儿童就是将来 duìyú wǒmen, értóng jiùshì jiānglái	Төө - сен чөлдүн кемесисин, төө- сен тирүү тоосун [70,16-б.].
Метафора	Метафора

Кытай тилинде сүйлөмдө эмоционалдык баалоочу көркөм каражаты *метафора* менен берилген сүйлөм кыргыз тилинде да *метафор*а болуп которулду. Мисалы, «Боорукер Ли» жомогунан үзүндү:

Модель №8

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде

但这疑念仍然毒蛇般钻他的心. 知府急得象饿狼一样扑向美人，又用脚踏小宝 dàn zhè yíniàn réngrán dúshé bān zuān tā de xīn. Zhīfǔ jí dé xiàng è láng yīyàng pū xiàng měirén, yòu yòng jiǎo tà xiǎo bǎo	Бирок бул күмөн саноо кайра-кайра, ***уулуу жыландай*** болуп, анын жан дүйнөсүнө кирип жатты [70,16-б.].
Метафора	Салыштыруу (N+дай)

Бул сүйлөмдө салыштырма байламталары жокко эсе, эмоционалдык баалоочу көркөм каражаты *метафора* менен берилген, кыргыз тилине *салыштыруунун* – дай морфемасы менен которулуп берилген.

“Үй”（家）jiā жомогунан үзүндү:

Модель №9

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
这不仅是哀号与狂叫，这还是生命的呼声 zhè bùjǐn shì āiháo yǔ kuáng jiào, zhè háishì shēngmìng de hūshēng	Бул кайгынын жана жиндиликтин ыйы эле эмес, бул *жашоонун кыйкырыгы* (ыйы) болчу [70,116-б.].
Метафора	Метафора

Демек, мисалдарда салыштырма байламталар жок. Ошондуктан кытай стилистикасындагы мындай салыштыруу адатта “жашыруун салыштыруу” – метафора деп аталат.

Кытай тилинин стилистикасында салыштыруу менен метафоранын ички механизми бирдей болот. Салыштыруу да, метафора да эки предметти салыштырууга, бул объектилерге мүнөздүү белгилердин жалпылыгына негизделет. Салыштыруу менен метафоранын тышкы түзүлүшү башка. Салыштырууда салыштырма формалдуу грамматикалык сөз айкашын (туюнтманы) колдонот, ал эми метафорада формалдуу каражаттар жок жана салыштыруу сөздөрдүн образдуу колдонулушуна негизделген.

Сөздөрдүн метафоралык колдонулушу кепти образдуу, экспрессивдүү кылат. Кытай тилинде метафора – кыйыр маанидеги сөздү түзүүнүн эң кеңири таралган каражаттарынын бири. Кытай жомокторундагы төмөнкү метафоралар

кеңири таралган: 手的波浪 shǒu de bōlàng - колдун толкундары, колдун абада деңиз бетиндеги толкундар сыяктуу титиреши - өмүр деми деген мааниде (“Периштенин үйү”, “Жалкоо”, “Жазаланган монах” жомокторунда); 思想感情的潮水 sīxiǎng gǎnqíng de cháoshuǐ “ой менен сезимдин агымы” (“Пил менен сагызган”, “Көк бет Юн” жомокторунда); 暮年 күн баткан жылдар - “карылык” деген мааниде колдонулат.

Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай, метафорада бир сөз түз мааниде колдонулса, экинчиси кыйыр мааниде колдонулат. Мындан ары сөз боло турган перифраза предметтин образдуу аталышы болсо, метафора көбүнчө анын экспрессивдүү мүнөздөмө каражаты катары кызмат кылат.

Кытай тилинин стилистикасында 借代 jiedai деп аталган дагы бир троп кытай изилдөөчүлөрдүн көңүлүн дайыма бурат. Ал кыргыз тилинин стилистикасындагы ***метономияга*** дал келет.

Метонимия “эки объектин ортосундагы мамилени байланыштырат, бул аталыштын бир түшүнүктөн экинчи түшүнүккө өтүшүнүн мамилесин, байланышын көрсөтөт. 比喻 biyu (метафора) сыяктуу, семантикалык жактан сыйымдуулугу бар түшүнүк. Метонимияга кытай жомокторунан мисал келтирсек: 花白胡子 huābái húzi - ак сакалдуу, 红眼睛 hóng yǎnjīng - кызыл көздүү, 驼背 tuóbèi – төө далылуу (бүкүр). Бул жерде адамдын ордуна сакалын, көзүн, далысын жазган.

Жомоктон алынган мисалдар каралып жаткан учурларда тигил же бул каармандын ысмы образдын мүнөздүү өзгөчөлүгүнө ылайык коюлат. Мүнөздүү өзгөчөлүк, эң таң калыштуу өзгөчөлүгү, адатта, визуалдык ассоциацияларды козгойт жана ошону менен ойдун негизги предметинин идеясын конкреттештирет, байытат. Дал ушул стилдик эффектти метонимия жаратат.

对代 duidai - сөздөрдү бүтүн бир бөлүгү менен алмаштыруу. Кыргыз тилинин стилистикасында адатта синекдоха деп аталган троп менен дал келет. Синекдоха - бүтүндүн атын анын кандайдыр бир бөлүгүнүн аты менен алмаштыруудан түзүлөт. Синекдоха кытай тилинин стилистикасында түздөн-түз

терминологиялык катнаштарга ээ эмес. Ал, адатта, 对代 duidai категориясынын варианты катары гана каралат. Мисалы:

Модель №10

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
柴米 cháimǐ	Отун жана күрүч (Котормо биздики)

Кытай жомокторунда 柴米 cháimǐ “отун жана күрүч” “негизги керектөөлөрдүн” ордуна колдонулат. Ал эми, кыргыз маданиятында нан улук, орус маданиятында нан жана туз улук деп айтылат.

Модель №11

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
三秋 sānqiū	Үч күз (Котормо биздики)

Кытай жомокторунда арбын кездешүүчү 三秋 sānqiū “үч күз” түшүнүгү - “үч жылдын” ордуна колдонулат. Ошондуктан алар: 一日不见, 如隔三秋 yī rì bùjiàn, **rú gé sānqiū** (Биз бири-бирибизди бир күн көрбөй калсак да, ***үч күз*** көрүшпөгөндөй сагынышабыз)- деп айтышат.

Бул мисалдарда бөлүк бүтүндү билдирет. Бул ыкма ойду кыска, так айтууга мүмкүндүк берет, кепти экспрессивдүү кылат.

Кытай тилинин стилистикасы боюнча эмгектерде көбүнчө 移就 yijiu троп көп кездешет. Кыргыз тил стилистикасында бул троп ***эпитет*** деп аталат. Эпитет көркөм чыгармаларга өзгөчө боёк берип, кептин таасирдүү, элестүү жаралышын шарттайт. Кытай жомоктору муундан муунга өтүү процессинде экспрессивдүүлүктү берип, туруктуу стилистикалык каражатка ээ болгон. Жомокту поэтикалоонун эң көп колдонулган ыкмасы - бул туруктуу эпитеттерди колдонуу болуп эсептелет.

Мисалы: “Чабан менен тигүүчү” жомогунан үзүндү:

Модель №12

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде

美如天仙 měi rú tiānxiān	*Перидей* сулуу [70, 101-б.]

“Чабан менен тигүүчү” деген жомокто тигүүчү 美如天仙 měi rú tiānxiān (“Перидей сулуу”) деген эпитет менен сүрөттөлгөн.

“Цинлун (жашыл ажыдаар) менен Байхусян (ак жолборс)” жомогунан:

Модель №13

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
眼睛里放出快乐的光 yǎnjīng lǐ fàngchū kuàilè de guāng	Экөөнүн тең көздөрүнөн кубанычтуу *нур чачып* турду [71, 30-б.]

Кытай тилинде “туруктуу” эпитеттер кеңири чагылдырылган. Бир эле аныкталуучу сөз менен дайыма колдонулган бул эпитеттер түзүлгөн сөздөр менен ажырагыс биримдикти түзөт: 铁证 tiězhèng “темир далил” (талашсыз далил); 薄命 bómìng “ичке тагдыр” (бактысыз тагдыр); 悲风 bēi fēng “муңдуу шамал” (кайгынын шамалы); 鹰眼 yīng yǎn “шумкардын көзү” (ырайымсыз көз караш); 死寂 sǐjì “өлүк жымжырттык”.

Кытай тил тилиндеги стилистикада 夸张 kuazhang апыртуу сыяктуу стилдик каражаттарды алсак (кээде 铺张 puzhang деп да аталат) ***гипербола*** деп которулат. Гипербола - бул көркөм апыртуу. Гипербола чындыкты апыртылган, гипертрофияланган формада чагылдырат.

Гипербола көркөм апыртуу катары кытай адабиятында, анын ичинде кытай жомокторунда арбын колдонулат. Бул троп мурда 艺增 yizeng деп да аталчу.

Гиперболанын семантикалык жана функционалдык өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн бир нече мисалдарды карап көрөлү:

“Цяомэйдин ажыдаарды саймага салуусу жөнүндө жомоктон” үзүндү:

Модель №14

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
静得连一根针跌倒地下, 都听得见响 jìng dé lián yī gēn zhēn diédǎo dìxià, dōu tīng dé jiàn xiǎng	Жерге *ийне түшсө угула тургандай* жымжырт [71,36-б.].

Гипербола	Салыштыруунун -дай морфемасы колдонулду

“Феникс менен жолборс” жомогунан үзүндү:

Модель №17

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
挤得满满的, 地方显得插针都插不下的样子 jǐ dé mǎn mǎn de, dìfāng xiǎndé chā zhēn dōu chā bùxià de yàngzi	Жолборстордун көбүнөн *ийне сайганга жер жок* [71, 82-б.].
Гипербола	Гипербола

Аллитерация (үнсүздөрдүн кайталанышы) же *ассонанс* (үндүүлөрдүн кайталанышы) кытай фольклордук чыгармаларында экспрессивдүүлүктү жогорулатуучу каражат катары колдонулат. ***Кытай жомокторундагы идиомаларда ассонанстын колдонулушуна мисал келтирсек:***

“Бүркүт пири менен жолборс пири” жомогунан үзүндү:

Модель №18

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
一无长物 *yī wú cháng wù* 一家三口给牧主放羊度日, **一无长物** yījiā sānkǒu gěi mù zhǔ fàngyáng dù rì, **yī wú cháng wù**	*ашыкча эч нерсе жок* Үй-бүлө жайыт ээсинин койлорун кайтарып, *күнүмдүк жашоого жетерлик* керектүүлөрүнө гана ээ болуп жан багып келишкен. [71, 15-б]
Ассонанс	Жөнөкөй сүйлөм

Бул мисалда ассонанска мисал катары 无 wú (жок) жана 物 wù (нерсе, объект) морфемалары көрсөтүлгөн. Кыргыз тилине жөнөкөй сүйлөм болуп которулган.

“Цинлун (жашыл ажыдаар) менен Байхусян (ак жолборс)” жомогунан үзүндү:

Модель №19

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде

不知凡几 bùzhī fán jǐ 青龙星和白虎星为了由和爱情，受尽千辛万**不知凡几**苦，最后又被海龙王压到山底下，永远成不了夫妇 Qīnglóng xīng hé báihǔxīng wèile yóu hé àiqíng, shòu jǐn qiān xīn wàn **bùzhī fán jǐ** kǔ, zuìhòu yòu bèi hǎi lóngwáng yā dào shān dǐxia, yǒngyuǎn chéng bùliǎo fūfù	*жалпысынан канча экени белгисиз (мааниси: өтө көп, сан жеткис, чексиз көптүк)* Цинлунсин менен Байхусин сүйүүсү үчүн **сан жеткис** кыйынчылыктарды жеңишсе да, акыры аларды Деңиз ажыдаар падышасы эки башка тоодон түртүп жиберген [71, 30-б.].
Ассонанс	Жөнөкөй сүйлөм

Бул мисалда 知 zhī (билүү) и 几 jǐ (бир нече) морфемаларынын финалдары аркылуу ассонас берилген. Кыргыз тилине жөнөкөй сүйлөм болуп которулган.

Кытай жомокторундагы идиомаларда аллитерациянын колдонулушу:

Модель №20

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
求全之毁 *qiúquán zhī huǐ*	мыктылыкка умтулуу үчүн башка бирөөнү *каралоо, жала жабуу*
Аллитеризация	Жөнөкөй сүйлөм

Бул мисалда аллитерациянын колдонулушун 求 *qiú* жана 全 *quán* морфемаларынын инициалдарынын дал келишинен байкаса болот.

Кыргыз жана кытай эл жомокторунун салттуу образдары

Кыргыз жана кытай эл жомокторунун салттуу образдары улуттун өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Ошол образдагы сөздөрдү эстегенде, биздин көз алдыбызга түркүн жандуу этнографикалык сүрөттөр эсибизге түшөт. Мисалы, *кыргыз жомокторунда терс каармандын* образын жараткан шарттуу белгилер кезигет, алар: жин-шайтан (байыркы мифологиялык элестер): желмогуз, жез кемпир, жети баштуу ажыдаар, шайтан дөө, манкурт, жез тырмак, албарсты, дөө-шаа, жин-пери, арбак жебирейил.

Кыргыз жомокторундагы терс каармандар	***Кытай жомокторундагы терс каармандар***
жин-шайтан	жин-шайтан
желмогуз	алптар
жез кемпир	кубулмааял
жети баштуу ажыдаар	Чию
шайтан дөө	шайтан дөөлөр
манкурт	Гунгун
жез тырмак	асман кожейкеси
албарсты	от кудайы
дөө-шаалар	дөө-шаалар
арбак жебирейил	жамандыктын кудайы
жин-перилер	жин-перилер

Кытай жомокторундагы шайтандар, албарстылар сыяктуу терс өкүлдөрүнө сан жетпейт. Алар туулганы ачуулу келишет, же болбосо асмандагы Нефрит сарайынан жашыруун жер бетиндеги дүйнөгө качып келүүсүнөн, же асман мейкиндигиндеги сарайда тартип же закон бузгандыгы үчүн Нефрит императордун куугунтугуна алынып жер бетине куулгандыктан ачулуу, каардуу терс образда болушат. Буларга карама-каршы *оң каармандардын* элестери: баатыр, Теңир, Умай, ошондой эле Дөөтү, Кызыр, Умай Эне, Эр Төштүк, аяз кыз, Көкө- Теңир, Кожожаш ж. б.

Кыргыз жомокторундагы оң каармандар	***Кытай жомокторундагы оң каармандар***
Баатыр	Баатыр
Теңир	Нюйва 女娲
Умай	Пангу 盘古
Дөөтү	Куа Фу 夸父
Кызыр	Чан Э 嫦娥

Аяз кыз	Цзинвэй 精卫
Көкө-Теңир	Хоу И 后羿
Кожожаш	Да Юй 大禹

Кара мүртөз менен салгылашууда, баатырларга ар кандай сыйкыр жандар, анын ичинде жан-жаныбарлар жана өсүмдүктөр, сыйкырдуу буюм заттар жардамга келишкен, алар: Ыйык Жер, Суу, От, касиеттүү булак, мазар, Чалкуйрук, Зеңгибаба, Кайберен, Сурэчки, Бугу Эне, Ак шумкар, арашан суу, кут, кенч, Буудайык, Кумайык, Камбар- ата ж. б. Бул сөздөр жана билдирүүлөр тилдин курамы катары жомокторду сыйкырдуу күчтөрүн символдоштуруп, ажайып кыргыз элинин жергиликтүү маданиятын чагылдырат.

Боорукер менен заардуу духтардын айырмасы кытай элинин элесинде аябай деле так эмес: ак көңүл духтар асманда да, жерде да жашайт; ката кетирген ак көңүл духтар, заардуу духтарга айланышып жерде жашоого мажбур болушат, бирок өзүнүн күнөөсүн мойнуна алып, өз алдынча каталарынын үстүндө иштөөнүн натыйжасында, алар кайра асманга барышып олуя боло алышат. Кыргыз жана кытай эл жомокторунда персонаждардын аракет кылуусу окшош, бирок эки элдин көрсөтүүсүндө, баамында алардын кылык-жоругу жагынан айырмаланат. Мисалы; кыргыз ажыдаары өзүнүн жалыны менен элдерге жамандык кылат, ал эл душманы деген түшүнүктү билдирет; ал эми кытай жомокторунда ажыдаар элдерге жакшылык алып келет.

天龙 Тяньлун - асман ажыдаары, асмандагы кудайларды кайтарып, аларды арабада сүйрөп жүрөт.缚苍龙 Фуцанлун – байлыкты сактаган ажыдаар, жер астындагы баалуу таштарды кайтарат; 地龙 Дилун - жер ажыдаары, деңиз менен дарыялардын башкаруучусу; 应龙 Инлун - укмуштуу ажыдаар, бул ажыдаардан аба- ырайы, шамал, жаан, чагылгандар көз каранды ж.б..

Кыргыз жана кытай элинин, жомокторундагы *туруктуу эпитет* тилдин объективдүү артыкчылыгын түшүнүү бул - улуттук жомоктун колорити. Кыргыз, кытай жомокторун муундан- муунга берилиши бөлөкчө, туруктуу стилистикалык ыкманы колдонуу менен таасирдүү баяндайт. Көркөм сөз

каражаттары менен жомокту кооздоп айтып берүү, бул дайыма эпитетти колдонууга алып келет. Кыргыз жомокторунда дайыма төмөндөгүдөй кооздуктар кездешет: Алтын өзөн, Арстан Манас, күмүш зымдар, бойдок жигит, ак шумкар, жашыл жалбырак, токсон жыл кыргын болсо да, касиети кетпеген, ак олпок, кызыл туу, ак сүт, ак чач ж. б.

Ал эми, кытай жомокторунда туруктуу кооздуктар (эпитет) болуп лексика - синтаксистик даана ыкма колдонулат. Туруктуу кооздуктар，бир же үч- төрт иероглифтен турат. Мисалы;

Кыз-美如天象 мей жу тянь сянь (перидей сулуу);

Жигит-英俊威武 ин цзюнь вей ву (күчтүү, тайманбас);

Баатыр- 威武不屈 вей ву бу цюй (зомбулукка, коркунучка баш ийбеген);

Сүйүү- цзень чжень бу юй (кемтиксиз сүйүүгө берилүү),

Өгөй эне- 狠如毒蝎 хень жу ду се (каардуу чаяндай), ж. б.

Туруктуу жетишүүгө *эпитеттердин* арасына кош сөздөр жана кошмок сөз айкаштары кыргыз жомокторунда эле кезигишет. Булар ар түрдүү кайталоо, синонимикалык жана ар кандай уңгу бөлүгүнүн тавтологиясы болуп эсептелет. Мисалы: *ата-баба, ата-эне, жан-жаныбар, сакал-мурут, үйлөнүү үлпөт, өпкө-жүрөк, бала-бакыра, кен-байлык, идиш аяк, бак-дарактар, жер жемиш, ачык асман ж.б.*

Бул учурда кайталоо айкындык менен толукталып, аракет созулуп, иштин сапаты жогорулайт. Мындай кош айкалышуу кыргыз элинин колорити болуп эсептелет. Ушул сыяктуу поэтикалык өзгөчөлүк кытай элинин жомокторунда да кезигет. Кытай жомокторунда салыштыруу сөздөрүн көп колдонушат, мисалы: 雾 ву (туман) кайгы менен; 雨 юй (жаан) - көз жаш менен; 松树 сун бо (карагай) – түбөлүк жаштык менен; 乌鸦 вуя, 暴风 баофен (кара карга) - бороон менен, шайтан менен; 癞蛤蟆 лай хама (бака)- түрү суук, аянчаак жана катынпооз киши менен: 天鹅 тянье, 百合华 байхэхуа, 金鱼 цзиньюй, 牡丹华 муданьхуа (ак куу,

лилия, алтын балык, пион)- сулуу, кичипейил акылдуу кыз менен; 鸳鸯 юаньян (өрдөк) же 双荷连 шуанхэлянь (лотос гүлү) –назик ынтымактуу, бактылуу үй-бүлө менен салыштырып берилет.

Мындан тышкары кытай тилинин стилистикасы *паронимдерге* бай, мисалы: 蝙蝠 “бяньфу” (жарганат) “бактылуу” деген сөз менен үндөшөт, мунун негизинде “бактылуу” деген символиканы түшүндүрөт.

Кээ бир кыргыз жана кытай жомокторунда бир эле поэтикалык образды ар кандай улуттук өзгөчөлүктөрү менен колдонушат, Мисалы “сагызган” кыргыз жомокторунда сүйлөөк, ууру образда берилет, ал эми кытай жомокторунда майрамдын кабарчысы жана сүйүүнүн жарчысы болуп эсептелет.

Жомоктогу убакыт илгерки заманга тиешелүү болсо да, тарыхый өткөндөгү белгилүү бир локализацияга кымындай да бир нерсенин четин чыгарууну алып жүрбөйт. Кызыктуусу эки улуттук маданияттын жомокторунун башталышы жана аягындагы кээ бир формуланын мотивдери окшошуп кетет. Мисалы:

Кыргыз жомокторунун башталышы	***Кытай жомокторунун башталышы***
“Бар экен, жок экен..”	*很久很久 хень цзю хен цзю*
“Илгери өткөн заманда....”	*从简有 цун цянь йоу*
“Илгери - илгери...”	*在古时候 Zài gǔ shíhòu*
«Илгери бир убакта бир ... болуптур»	*很久以前 hěnjiǔ yǐqián zhùguò*

Кыргыз жомокторунун аякташы	***Кытай жомокторунун аякташы***
«Кемпир-чал балдарын көрүп, кеткени келип, кемтиги толуп жыргап-куунап жатып калышкан экен.» (Карач батыр: ,1978, 83)	白头偕老 бай тоу се лао (Ошондон бери бири-бирин сыйлап, бактылуу карылыкта жашап калышыптыр)

«Ошондон азыркы күнгө чейин бактылуу жашап жатышыптыр».	从此以后夫妻俩任何想去 Цун цы и хоу, фу ци лян жен хэ му сян чу (Ушул күндөн тарта, алар каалагандай жашап калышкан экен)
«Ошентип, Көкүл эне-атасын таап, эли-журту менен жыргап-куунап жатып калышкан экен» (Акчүкө менен куучүкө: 1978, 55)	从此他们过上了幸福的生活 Цун цы, та мэнь гуо шан ла синь фу дэ шэн хуо(ошондон бери,бактылуу өмүр сүрүп жашашкан)
«Бай сүйүнүп, уулу менен көрүшүп, ашын тойго айландырып, жыргап жатып калган экен.» (Көчпөсбайдын баласы:1978, :94)	日子过得非常美满幸福 жи цзы гуодэ фэй чан мэй мань син фу (Ошондон бери түгөйлөр ынтымактуу жашап, жашоолору андан да сонун болуп калыптыр)

Жыйынтыктап айтканда, элдик жомоктордун тили — бул улуу тил, ал жөнөкөй жана бай, көп маанилүү, ар бир элдин жан дүйнөсүнө кирүүгө жардам берет. Салттуу жомоктордо колдонулган стереоптик тилдик бирдиктерди изилдөө дүйнө элдеринин, анын ичинен кыргыз жана кытай элинин тилдик сүрөтүнө жетүүдө маанилүү. Жомоктор элдин көөнөргүс мүлкү, кылымдар бою не деген ак таңдай чечендер, сөзмөр карыялар, жалпы эле эл тарабынан мыскылдап жыйналган өзүнчө бир кенч. Ал укумдан-тукумга, атадан балага өтүп, улам толукталып, көркөмдөлүп келе берген.

3. 6. Кытай жомокторунун котормолоруна адабий анализ

Адабий анализ белгилүү бир чыгарманын темасын, проблемасын, идеясын, стилистикалык каражаттарды, түйүндүү темаларды, сөздөрдү, тарыхый контексти изилдейт жана филологиялык анализдин бир бөлүгү. Адабий анализде, негизинен, жомоктордун негизги идеясы кандай жана ошол идеясы эмнени айткысы келип жатат деген маселе караштырылат. Идеялык маани – чыгарма аркылуу айтыла турган негизги ой. Классикалык текстти адабий

анализ жасоо стандарттуу формага ээ эмес. Аларга төмөнкүлөр кирет: пайда болуу тарыхы; жанрдык өзгөчөлүгү; мотиви, сюжети; чыгарманын тили, стилистикалык каражаттар ж.б. Поэтикалык талдоо жасоодо анын композициялык түзүлүшү, чыгарманын каармандары жана аларды сүрөттөө, тыбыштык өзгөчөлүктөрү, стилистикалык каражаттардын берилиши болуп саналат. Адабиятчы окумуштуулар илимий көз караштарына жараша талдоо жүргүзүү үчүн ар кандай ыкмаларды сунушташат. Адатта, адабий талдоо төмөнкүлөрдү камтыйт: чыгарманын негизги идеясын аныктоо; башкы каармандардын образдарын талдоо; колдонулган көркөм деталдарды жана техникаларды талдоо; контекстти изилдөө.

Адабий анализ жүргүзүү үчүн кытай элине кеңири таралган, тарбия мүнөзү күч бир нече жомокторду тандап алдык:

№1 “金斧子银斧子” (“Алтын балта жана күмүш балта”) кытай жомогуна адабий талдоо жүргүзөбүз:

Баошан аттуу карапайым, *чынчыл* адам жыгач балтасын капысынан деңзге түшүрүп алат. Дарыянын жээгинде кайгысы ичине батпай ыйлап отурса, кайдан-жайдан Дарыя кудайы пайда болот. Отунчу ага өзүнүн кайгысын айтып берет. Дарыя кудайы сунуштаган алтын жана күмүш балталардан Баошан баш тартканы баяндалат. *Чынчылдыгы* үчүн Баошан дарыя кудайынан алтын жана күмүш балталарды белекке алат.

Жомоктун *идеясы “чынчылдык”, “чынчыл”* болуп саналат. 诚实是做人的基本要求，企图欺骗他人谋取私利，是不会有好结果的。Chéngshí shì zuòrén de jīběn yāoqiú, qìtú qīpiàn tārén móuqǔ sīlì, shì bù huì yǒu hǎo jiéguǒ de. *Чынчылдык ар бир адамдын жашоодогу эң негизги талаптарынын бири*. Өз кызыкчылыгы үчүн башкаларды алдаганга аракет кылуу - жакшы жыйынтыкка алып келбегендиги маалым. Бул жомок окурманга “Ак ниет, *чынчыл* болсоң, ишиң оңунан жүрүп, ийгилик сени коштойт” деген тарбиялык сезимди тартуулайт.

Жомоктун идеясы анын негизги бөлүгүндө ачылат. Бул жомоктогу башкы каармандын *чынчылдыгы*, эмгекчилдиги жогору бааланат. Баарыбызга белгилүү

болгондой, ар бир жомокто сыйкырдуу окуялар кездешет. Бул жомокто да отунчунун Дарыя кудайына жолугуп калууусунун өзү эле сыйкырдуу керемет жана жөнөкөй жашоодо эч качан болбой турган нерсе. Сыйкырдуу жана кереметтүү окуялардын жардамы менен жөнөкөй кембагал отунчу бир эмес, үч балталуу болуп калды, ал балталар да жөнөкөй эмес, алтындан жана күмүштөн жасалган балталар эле.

“Чынчыл” сөзү кытай тилинде 诚实 chéngshí деп которулат. Бул сөз жомокто төрт жолу кайталанган. Алар:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
从前，在一片美丽的森林边上，住着一个**诚实**善良的樵夫 Cóngqián, zài yīpiàn měilì de sēnlín biān shàng, zhùzhe yīgè **chéngshí** shànliáng de qiáo fū	Илгери-илгери кереметтүү токойдун четинде **чынчыл** жана боорукер отунчу жашаган экен. [71, 91-б.]
河神很赞赏樵夫为人**诚实** hé shén hěn zànshǎng qiáo fū wéirén **chéngshí**	Дарыя кудайы отунчунун **чынчылдыгын** баалайт. [71, 91-б.]
他那贪婪和不**诚实**的样子遭到了河神的痛恨 tā nà tānlán hé bù **chéngshí** de yàngzi zāo dàole hé shén de tònghèn	Анын **чынчыл** эместигин, намыссыздыгын Дарыя кудайы жек көрөт. [71, 91-б.]
诚实是做人的基本要求 **chéngshí** shì zuòrén de jīběn yāoqiú	**Чынчылдык** - адам болуунун негизги талабы [71, 91-б.]

“Чынчылдык”, “чынчыл” сөздөрү жомокто бир нече жолу кайталанып берилет, О.С. Ахманованын изилдөөлөрүндө бул кайталаныш жомоктун идеясын көрсөтөт [12, 402-б.].

№2 牛郎织女 (“Чабан жана тигүүчү”) кытай жомогуна адабий анализ:

Жомоктун идеясын “сүйүү” деп таптык. Сүйүү сөзү кытай тилинде “爱” деп которулат. Чабан менен тигүүчүнүн ак сүйүүсүнө болгон тоскоолдук эбегейсиз чоң болсо дагы, алардын чыныгы сүйүүсү Ханыша эненин каарын жеңилдетип, жибитип, ар бир жылдын жетинчи айынын жетинчи күнү кечинде

сагызгандар курушкан көпүрө менен бири-бирине сагынычтарын жазуу үчүн жолугушууга макулдугун алышкан. Жетинчи айдын жетинчи күнү кечинде, асманды карап тыңшаганда чабан менен тигүүчүнүн шыбырашып сырдашуусу угулат дешет. Эгер ошол түнү күн күркүрөп, жаан жааса, анда бул чабан менен тигүүчүнүн махабатынын кайгылары жана көз жаштары деп билишет.

Бул жомокто “сүйүү” сөзү алты жолу кездешкен.

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
两个恩**爱**有加的夫妻就这样被拆散了 liǎng gè ēn'ài yǒu jiā de fūqī jiù zhèyàng bèi chāisànle	Эки түгөй бири-биринен ажырап, **сүйүүнүн** азабын чегишет [70, 101-б.].
互相对彼此产生了异常强烈的**爱**慕之意 hùxiāng duì bǐcǐ chǎnshēngle yìcháng qiángliè de àimù zhī yì	Бири-бирине абдан күчтүү, эбегейсиз **сүйүү** жаралган [70, 101-б.].
爱情价更高的可贵精神 àiqíng jià gèng gāo de kěguì jīngshén	**Сүйүүнүн** руху эң бийик турат[70, 101-б.].
更反映了难能可贵的曲折**爱**情 gèng fǎnyìngle nánnéngkěguì de qūzhé àiqíng	Ак **сүйүүгө** болгон чукул тоскоолдукту жеңип чыгуу [70, 101-б.].
他们坚贞的**爱**情感动了喜鹊 tāmen jiānzhēn de àiqíng gǎndòngle xǐquè	Алардын **сүйүү** кайгысы сагынгандардын да жанын кейите турган болду [70, 101-б.].
从此开始被编织为一幕恩**爱**夫妻受着隔绝之苦的爱情悲剧 cóngcǐ kāishǐ bèi biānzhī wéi yīmù ēn'ài fūqī shòuzhe géjué zhī kǔ de àiqíng bēijù	Ошондон бери ал обочолонуудан жапа чеккен түгөйлөрдүн **сүйүү** трагедиясына айланган [70, 101-б.].

Демек, ак сүйүү үчүн жапа чеккен күндө да, татыктуу туруштук көрсөтүп жеңишке жетүүгө болот деген чечимге келдик. Мындан улам, чыгарманын негизги идеясы “ак сүйүүнү” даңазалоо, анын маанисинин жашоодо, турмушта жогору экендиги көрсөтүлдү.

№3 精卫 (jīng wèi) “Цзинвэй” кытай уламышына адабий анализ:

Цзинвэй – кытай фолклорундагы кеңири таанымал каарман, 精卫 *цзинвэй* сөзүн заманбап кытай сөздүгүнөн карап, 誓鸟 shì niǎo “антты бекем туткан, (ыйык туткан) чымчык” же 志鸟 zhì niǎo “эрки күчтүү чымчык", ошондой эле 怨鸟 yuàn niǎo “кайгынын кушу” деген түшүнүктөрдү таптык [148, 690-б.]. Гу Чэньцинин “Байыркы классикалык адабиятты окууну жайылтуу боюнча изилдөөлөр” аттуу илимий макаласында Цзинвэй Ян императорунун кушка айланган кызы” деп берилген [145, 244–245-бб.].

Цзинвэй байыркы кытай фольклорунда “Деңизди толтурган Цзинвэй” деген ат менен белгилүү. Ал жөнүндө биринчи жолу Чыгыш деңизинин жээгинде сейилдегенди жакшы көргөн император-Яндын кызынын бактысыз өлүмү жөнүндө баяндаган “Тоолор жана деңиздер каталогунун” текстинде жазылган.

“Цзинвэй” уламышынан үзүндү: 女娃死了，她的精魂化作了一只小鸟，花脑袋，白嘴壳，红脚爪，发出“精卫、精卫”的悲鸣，所以，人们便叫此鸟为“精卫” nǚ wá sǐle, tā de jīnghún huà zuòle yī zhǐ xiǎo niǎo, huā nǎodai, bái zuǐ ké, hóng jiǎozhuǎ, fāchū “jīng wèi, jīng wèi” de bēimíng, suǒyǐ, rénmen biàn jiào cǐ niǎo wèi “jīng wèi” - *Нюйванын жаны өлүмдөн кийин чырайлуу чымчыкка айланат деген имиш бар. Гүлдөй сулуу томолок башы, ак түстөгү тумшугу, бутунун тырмактары чоктой кызыл болгон чымчык “Цзинвэй, Цзинвэй” деп чырылдап кайгырган экен. Ошол себептен эл ичинде ал чымчыкты «Цзинвэй» деп атап коюшкан дешет [70,93-б.].*

Ошол чымчык деңизди өз өмүрүн ырайымсыз тартып алгандыгы үчүн жек көрүп, деңизден өч алууну чечет. Күнү- түнү чарчабастан деңиздин жээгинен таш топтоп, ал таштарды Чыгыш – Кытай деңизине тынбай ыргыта берет. Цзинвэйдин жүрөгүндөгү кайгы-муңу күндөн күнгө артылып, күндө деңизди толтуруп жок кылам деген максатта таш ташып, деңизге таштай берет.

Кытай тилинде “Деңизди толтурган Цзинвэй” идиомасы туруктуулуктун символу катары каралат [148, 690-б.]. Канаттуунун деңизди таш менен толтуруусу логикалык жактан мүмкүн эместигине негизделген. Метонимиялык

жактан алганда, канаттуунун кайраттуулугу жана чечкиндүүлүгү деңиздин өзүнөн жогору коюлгандыктан, Цзинвэйдин бул аракети мактоого арзырлык. Кытай тилинде бул жөнүндө көптөгөн туруктуу сөз айкаштары жазылган, мисалы: “Деңизди толтурган Цзинвэй”, “деңизди кум менен толтуруу”, “деңизди таш менен толтуруу”. Бул сөз айкаштарынын мааниси бир-тырышчаактык жана туруктуулук. Демек, “Цзинвэй” уламышынын идеясы “туруктуулук”, “өжөрлүк”деп табабыз. Бул сөз кытай тилинде 坚持 jiānchí деп айтылыт жана уламышта үч жолу кездешет:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
精卫坚持永恒奋斗的精神。Jīngwèi **jiānchí** yǒnghéng fèndòu de jīngshén.	Цзинвэй **туруктуулуктун** духун карманган [70, 93-б.] .
精卫诗表达了**坚持**气节 Jīngwèi shī biǎodále **jiānchí** qìjié.	Цзинвэй **тутуктуулугун** кынтыксыздыз далилдеген [70, 93-б.].
这样年复一年，日复一日的**坚持**着，一定要把东海填平 zhèyàng nián fù yī nián, rì fù yī rì de **jiānchí** zhe, yīdìng yào bǎ dōnghǎi tián píng.	Ошентип, жылдан жылга, күндөн күнгө **өжөрлүк** менен Чыгыш Кытай деңизине таш ташып ыргыта берген [70, 94-б.].

Цзинвэй деңизди таш менен толтурган, кытай маданиятында чымчыктын өжөрлүгү бул жеңишке жетүүгө барабар экенин түшүндүрүлөт. Өжөрлүк бул адамдын жакшы сапатынын бири жана жөндөмдүүлүгү болуп саналат. “Өжөрлүгүң менен идеалдын экинчи тарабына жете аласың, өжөр болсоң, каалаган нерсеңе жете аласың. Кытай эли “Өжөрлүк - бул жеңиш, мээримдүү болсоң, тырышчаак болсоң, жашоодо жакшы жыйынтыкка, натыйжага жетесиң” деген түшүнүктү бийик тутат. Бул жомокто “өжөрлүк”, “туруктуулук” тууралуу жогоркудай олгоктуу ойлор айтылып, эмгек менен гана ийгиликке жетүүгө болору жомоктун негизги идеясын берип турат.

Кытай жомокторуна адабий анализ жасоо менен биз андагы окуялардын чечмелөөсүн изилдейбиз, бул ошол текстти тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Жомоктор кылым карытып катмарланып келүүсү менен бирге тарыхты гана

камтыбастан, ошол учурдагы кытай элинин социалдык турмушун, психологиялык менталдык өзгөчөлүгүн, семиотикалык түрдүү каражаттар берилиши аркылуу дидактикалык маанилери менен окурманга өзгөчө бир эстетикалык ыракат тартуулайт. Окурманга маалымат гана бербестен, аны кайсыл бир башка дүйнөгө алып жөнөйт. Жомоктордогу медитациянын күчү өтө жогору деңгээлде болот.

3.7. Кытай жомокторунун кыргыз тилиндеги котормолоруна семиотикалык анализ

Кытай жомокторунун маанисин чечмелөөдө семиотикалык талдоо жүргүзүү аркылуу котормодогу өзүбүз түшүнбөгөн жактарын табууга жол ачылат. Биринчиден, улуттук коннотациялык түшүнүктөр, аллюзия, туруктуу сөз айкаштары, фразеологизмдер, стереотиптер, улуттук спецификалык метафоралар, метонимиялар, салыштыруулар, эпитеттер жана ошондой эле кептик этикет да семиотикалык талдоону талап кылат. Семиотикалык түшүнүккө ээ болуу мына ушундай улуттук, маданий, социалдык өзгөчөлүктөрдү туура чечмелегенге мүмкүндүк берет. Семиотикалык анализ жүргүзүүдө орчундуу маселе - элдик, улуттук белгилерди, символдорду, образдарды камтыган белгилердин системасын ошол элдин маданиятын, социалдык коддорун жеткиликтүү түшүнүү менен чечмелөө болуп саналат. Көркөм чыгармага семиотикалык анализ берүүнүн негизин белги, белгилер системасы, алардын ортосундагы байланыш түзөт.

Е. Морристин, Ч. Пирстин изилдөөлөрү жомокторду семиотикалык жактан кеңири изилдөөгө жол ачат. Ушул окумуштуулардын илимий эмгектеринде сөз кандай болгондо “семиотикалык белги” боло алаары көрсөтүлгөн:

1. Сөз денотативдик эмес, конотативдик мааниде болот;
2. Ар бир сөз белги катары ошол коомдун мүчөлөрү тарабынан кабыл алынат;
3. Ар бир белгини көрсөткөн сөз бир гана кырдаалга тиешелүү болот.

Семиотик окумуштуулардын теориялык негиздерин, жоболорун жетекчиликке алуу менен төмөндөгүдөй жолдору аркылуу жүргүзөбүз:

1. Жомоктордогу белгилерди көрсөтүү жана талдоо;

2. Белгинин текстке болгон карым-катнашын талдоо;

3. Эки же андан көп белгилер системасынын жалпы тексттин маанисин берүүдөгү карым-катнашын талдоо.

Чыгарманын семиотикалык сүрөтүн (картинасын) түзүп чыгууда бир канча этаптан турган маселелерди чечүү талап кылынат: чыгарманын текстин система катары карап чыгуу; ар бир белги катары каралып жаткан элементти бөлүп көрсөтүү; “семиотикалык кодду” (Лотман Ю.М.) чечмелөөдө социомаданий өзгөчөлүктөрдү сөзсүз түрдө эске алуу. Чыгарманын семиотикалык картинасын түзүүдө катышкан белгилер ар кандай болушу мүмкүн, А. Ветров көрсөткөндөй “эгерде сөз адамдар жөнүндө болуп жатса, алардын кийими, баскан-турганы, сүйлөгөнү, жест, кыймыл-аракети, ж.б. жөнүндөгү белгилер функциясы катары аткарган кызматын эсе алуу зарыл” [22, 13-б.].

Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы лингво маданий семиотиканы изилдөөдө белгилер системасы катары кызмат аткара алат. Мисал катары алынган ошол эле кытай жомокторундагы образдарын биз системага бөлүү жолдорун аныктап чыгуубуз зарыл. Жомоктордогу каармандар белгилер системасы катары алынып, анын негизги критерийлери: социалдык статусу; жүрүш турушу алынат. Жомоктордогу каармандардын (жолборс, арстан, зымырык куш, Пангу, Чан Э, Фуси) карым-катнашын, жомоктордогу улуттук өзгөчөлүктү жана каармандардын ички ой толгоолорун, сезимин билдирүүчү белгилер системасы аркылуу аныктай алабыз. Кытай жомокторун окуп чыкканда биринчиден, эч бир улутка таандык эмес өзгөчө кандайдыр бир көрүнүшкө, затка, окуяга, талкууланып жаткан маселеге, ж.б. нерселерге болгон ички сезимин, эмоциясын жеткирүүдө колдонулат.

Кандай гана көркөм образ болбосун, анын ичинде фольклордук образ да көп манилүү болот. Образдын бардык мааниси, символу семиотикалык чөйрөнү пайда кылат, касиеттерин анализдеп, жыйынтыгында аныкталган образдын семантикасы анын ядросун түзөт, ошол образ камтыган символду семиотика ачып берет. «Ар бир жомоктогу каармандын образы, жасаган иштери, жүрүш-

турушунун мүнөзү бизге образдын өзгөчөлүгү, анын маани-маңызы жөнүндө толук элес берет». Ошондуктан жаныбардын образынын семиотикалык берилиши сюжет аралык жана жанрлык деңгээлде болушу керек.

Модель 1. Жолборс.

Кытай эл жомокторунда жолборс популярдуу каармандардын бири. Биздин көз карашыбыз боюнча мунун себеби образдын этнографиялык, улуттук бөтөнчөлүгүндө. Байыркы кытайлардын түшүнүгүндө жолборс - бул уруунун уюткусу деп сыйынышкан, мунун далилин биз кытай тилиндеги жолборс сөзүнөн таба алабыз. Биринчиден, жолборско уруунун уюткусу катары урматтап мамиле кылуу «жолборс» деген сөздүн өзүнөн табылган. Ал 老 lao жана 虎 hu деген эки иероглифтен түзүлгөн, сөзмө-сөз «сыйлуу, байыркы, илгерки, түбөлүктүү» жана «жолборс» деп которулат. Кытай тилинде болгону саналуу эле жаныбарларда «лао» морфемасы кездешет, мисалы: карга, айры куйрук жана чычкан. Экинчиден, «жолборс» морфемасы башка сөздөрдүн курамында көп кезигет, мисалы: 虎虎 «хуху» (жолборс-жолборс) - «эрктүү» деп которулат; 虎步 «ху-бу» (жолборстун кадамы) - «эрктүү, айбаттуу жүрүш», «коркунучтуу, күчтүү» деген образды берет; 虎劲 «хуцзинь» (жолборстун көрүнүшү) - «духу күчтүү, кайраттуу, эркек мүнөз» деген түшүнүктү берет. Көрсөтүлгөн

мисалдардан кытай элинин бул жырткычка болгон өзгөчө мамилесин көрүүгө болот.

Кытай жомокторунда тотемизмдин белгилери сакталып калган. Ага далилди «Жолборс кантип жырткычтардын падышасы болгон», «Ыраазы болгон жолборс» жана «Жолборс кантип өзүнө түгөй ала качкан» деген жомоктордон тапсак болот. Биринчи эки жомокто жырткыч адамдан жардам сурап, ыраазычылык билдирүү максатында адамга жардам берет. «Адам менен жаныбардын ортосундагы биримдик достукка өтүп, болгондо да достук келишим түрүндө негизделет», - деп В.Я. Пропп тотемизмдин өчүп бараткандыгы жөнүндө ой жүгүртөт [84, 204-б.]. Жомоктордо адам жырткычка медициналык жардам көрсөтөт: аларды төлдөтөт, оозунда такалып калган сөөктү чыгарат.

Үчүнчү жомокто жолборс өзүнө түгөй ала качкан. Бул жомокто адам менен жырткычтын ортосундагы түзүлгөн өз ара мамиле ар түрдүү экендигин белгилеп көрсөтүлөт. Ошого ылайык жолборстун образына баа берүү да бөлөкчө. Эгерде биринчи эки жомокто жолборстун бизге берген белгилери оң багытта жана анын иш-аракети да адамдардын каалоосуна каршы болбогон болсо (ал адамга жардам көрсөтөт), үчүнчү жомокто болсо, адам жана жаныбар бири-бирине карама-каршылык көрсөтөт: уурдалып келинген кыз жолборсту алдап, акыры жолборс жан берет, кызга анын сөөктөрү жана териси калат.

Тотемдин дене бөлүктөрү демилгечинин колуна түшүшү керек эле. Анткени жомоктордо айтылуу ырымдар боюнча, сыйкырдуу буюмдардын эң байыркы формасы болгон жаныбардын бир бөлүгү, же мүчөсү кимдин колунда калса, ошол адам жолборстордун үстүнөн бийлей алган. Биз бул жерден жомок менен эл турмушунун ортосундагы байланышты байкай алабыз. Жолборстун сөөктөрү жана териси Кытайда дары катары бааланат: 虎骨 «хугу» («жолборстун сөөгү») - бул дарынын аталышы, суук тийгизип алганда жана ревматизм ооруларында колдонулат; 虎酒 «хуцзю» («жолборс тундурмалары») - дарылоо максатында жолборстун сөөгү салынган ачытылган вино; 虎 爪 «хучжао»

(«жолборс тырмагы») - дары, «худанъ» («жолборстун өтү») - жолборстун өтү жаш балдардын талма ооруларында колдонулат.

«Элдик фольклор калктын турмуштук тажрыйбасынын көргөзмөлүн камтыйт», - деп жазат Б.Н. Путилов [86, 181-бб.]. Фольклордук аң-сезим күнүмдүк турмушка айланган нерсеге гана кызыкдар. «Фольклор, анын кызыкчылыгында, реалдуулукту чагылдыруу мүмкүнчүлүктөрүндө жана масштабында, фольклордук жамааттын туруктуу, кайталануучу, өнүгүп жана өзгөрүлүп жаткан күнүмдүк турмушунун чегинде көп деңгээлде ачылат.

Анализденип жаткан жолборс тууралуу жомоктордогу образдын семиотикасы кытай элинин дүйнөгө болгон түшүнүгү өзгөргөндөн кийин жаралганын байкалат. Анткени андай эмес учурда, үчүнчү жомоктун сюжетиндеги тотемдин өлүмүнө байланыштуу терс пикирлер арбын болмок. Анын үстүнө бул жомокто жолборс эки түрдүү мүнөздө сүрөттөлөт: жомоктун башында оң каарман - жолборс ала качып келген кызга эч кандай жамандык кылбай, тескерисинче, өз кызындай көрүп, ага кам көрүп, ал тургай тамак да алып келип берет.

Жолборско тотем катары көрсөтүлгөн сый мамиленин дагы бир күбөсү төмөнкүдөй: жомоктогу башка каармандардын жолборско 大哥 «дагэ» - «улуу ага» тектеш терминин пайдалануусу ага жасаган мамилесин айгинелейт. Мисалы:

Макул, анда мындай, сен менин балапаныма көз салып тур, мен жолборс агама барып айтайын, ал алп жыланды жок кылышы шексиз. («Бүркүт пири менен жолборс пири" жомогунан үзүндү) [71, 15-б.].

听到 «老虎», 天亮就想起来大哥了 tīng dào «lǎohǔ», tiānliàng jiù xiǎng qǐlái dàgēle - *Жолборс» дегенди укканда эле, Тянлан дароо өзүнүн улуу агасын эстеди. («Феникс менен жолборс» жомогунан үзүндү) [71, 82-б.].*

Жогоруда көрсөтүлгөн 虎哥 «дагэ» сөзүнүн маанисинен башка кытай тилинин оозеки кебинде «сүйлөп жаткан адамдын жашы менен бирдей эле эркек кишиге урматтап мамиле кылуу» деген мааниде да колдонулат. Жолборстун турмуштук деңгээли жомоктогу түшүнүктө жана чындыкта бирдей. Жолборс -

айбанаттардын падышасы. Жомоктордун биринде жолборс кантип мындай даражага жеткендиги жөнүндө айтылат. Аңгеме жолборстун сырткы көрүнүшүн сүрөттөө менен башталат: маңдайында 王 «ван» («король, падыша») деген иероглифтин формасында сызык бар, ошондуктан баары аны жырткычтардын падышасы деп аташат. Андан ары тоодо кууракан чырпык жыйнап жүргөн жаш, карапайым отунчу жолборсту кантип кезиктиргени жөнүндө айтылат. Жигит чоочуп кетет, бирок жолборс аны дос катары кабыл алат, ошондон кийин адам баласы анын тилине сайылып калган сөөктү чыгарууга жардам берет. Жолборс отунчуга ыраазы болот. Ошондуктан ал жигитке жардам берүүнү чечип, Наньшань көлүнүн жээгинде отун терүүсүнө макулдугун берет. Чогулткан отундарын сатып, тамак-ашы кенен болуп калат. Жолборс ушуну менен эле токтолуп калбастан, ага түгөй тапканга жардам берет, анткени ал убакта эч ким колунда жок бир байкушка кызын бергиси келген эмес. Жолборс алып келген кыз – байдын кызы болгондуктан, жигиттин турмуштук деңгээли өзгөрөт. Акыркы (үчүнчү) жардамы – отунчу менен бирге өлкөнү душмандардан сактап калат, бул эрдиги үчүн падыша отунчуга жакшы кызмат ыйгарат. Демек, биздин көз алдыбызда ыраазы болгон жырткыч жөнүндө иштелген мотивдеги ырым-жырым менен байланышкан сыйкырдуу жомок болду. Бул жомогубуздагы жолборстун образы “колдоочунун образы” катары саналат. Жолборстун мындай «колдоочулук образы» бул жомокто – «жардамчы-сактоочу» катары белгиленет, ал эми “жардамчы-сактоочу” - бул уруунун тотеми менен байланышта болгон. Жигитке жырткыч менен жолуккандан кийин гана үйлөнүүгө шарт түзүлөт.

Жолборсту сүрөттөөдө ошондой эле анын алп денелүү жырткыч экендиги айтылат. Өзгөчө көңүл бура турган факт - жолборсту сүрөттөөдө көбүнчө анын айрым бөлүктөрү белгиленет: маңдайындагы сызык, башындагы ак так, жаныбардын алп денеси. Бир белгисинин көрсөтүлүшү жөн жерден эмес. Маңдайындагы «ван» («падыша») иероглифи түрүндөгү сызык - жолборстун жасаган эмгегинин белгиси, ургаачы жолборстун башындагы ак так - анын күчүнүн белгиси. Жомокто да, салтту маданиятта да өзгөчө орунду ээлеген башында ак тагы бар жолборстун түсү чоң роль ойнойт.

Кытайда ак түс аза күтүүнүн символу болуп эсептелет, андыктан күн батыш тарапта жайгашкан өлгөн жандардын өлкөсүн символдоштурат. Ак түс – кардын, кыштын түсү, жаратылыштын жок болушу, ошондуктан ал жок болууга дуушар болгон жандардын өлкөсүн символдоштурат.

Бештик системасында жолборс батышты символдоштурат: «Байху» («ак жолборс») – батыштын руху. Байыркы кытай мифологиясында батыш кудайы Сиванмунун образы зооантропоморфтуу: анда аял менен жолборстун белгилери бириктирилген; убакыттын агымы менен ал толук түрдө антропоморфизацияланат, ал эми жолборс ханышанын түбөлүктүү түгөйү болот.

Коргоочу күчкө ак жолборс да, жөнөкөй жолборс да ээ болгон. Жаратылыш ойгонуп, кыймылга келе баштаганда, жаз майрамына карата жолборс беткаптарын, ар түрдүү кездемеден ар кандай өлчөмдө жасалган костюмдарды кийип майрамдашат. Үйлөнүү той учурунда (эски салт боюнча) сары түстөгү «учуп бара жаткан жолборстун» («фэйху») сүрөтү жана кызыл кыюусу бар тууну көтөрүп чыгышкан, ал туудан каардуу шайтандар коркушат деп түшүнүшкөн. Эрменден жасалган жолборстун формасындагы «айху» (эрмендүү жолборс) тумарларды тагынышкан, бул тумарлар кичинекей балдарды ар кандай кырсыктан сактайт деп ишенишет, илгери тумарды чоң энелер тигип беришкен. XVII кылымдагы «Алтын вазадагы кара өрүктүн гүлү» аттуу жомоктогу баатыр кыз каардуу шайтандарды кубалоо максатында эрменден жолборс жасаган.

Биздин оюбузча, сырткы келбеттин ачык жана толук сүрөттөлүшү - жолборстун образына таандык экени көрүнүктүү далил. Жолборс элдик оозеки чыгармаларда гана эмес, кытайдын маданиятында да жаныбарлардын ичинен эң салмактуу образ болуп саналат.

Жомоктордогу жолборстун сырткы келбети, турмуштук деңгээли жана касиети тыгыз байланышта, “Жолборс кантип жырткычтардын падышасы болгон” жомогунан үзүндү: 老虎又大又壮，所以他控制住了他们 lǎohǔ yòu dà yòu zhuàng, suǒyǐ tā kòngzhì zhùle tāmen - *Нефрит императору жолборстун алп*

денелүү, эр жүрөк жана жеңилбес жаныбар экенин укканда, дароо асманга жөнөп, жолборско жарлыкты берүүнү буйруйт [71, 6-б.].

在山顶，一个黑色的洞穴里，住着一只巨大的老虎，它的皮肤有斑点，它的眼睛是白色的，它的额头是白色的，它的力量是任何人都无法比拟的 zài shāndǐng, yīgè hēisè de dòngxué lǐ, zhùzhe yī zhǐ jùdà de lǎohǔ, tā de pífū yǒu bāndiǎn, tā de yǎnjīng shì báisè de, tā de étóu shì báisè de, tā de lìliàng shì rènhé rén dōu wúfǎ bǐnǐ de - *Тоонун чокусунда капкара үңкүрдө алп денелүү жолборс жашаган: териси ала-була, көздөрү чанагынан чыгайын деген, маңдайында ак белгиси бар, күчтүүлүгүн эч ким менен салыштырууга болбойт. (Ыраазы болгон жолборс жомогу) [71, 26-б.].*

Күчтүүлүк, каардуулук, катаалдык жана соргоктук – жолборско тиешелүү мүнөздөр. «Жолборс жана бака» деген жомокто так берилген:

你不知道当我站立时没有野兽或鸟类颤抖吗？nǐ bù zhīdào dāng wǒ zhànlì shí méiyǒu yěshòu huò niǎo lèi chàndǒu ma? - *Кибиреген, мен турганда коркконунан титиребеген жырткыч да, канаттуу да жок экенин билбейсиңби?* (Котормо биздики).

从前，虎山上有一只怒气冲冲的白额母虎，普通的野兽无法靠近虎山，但人们却不这么认为 cóngqián, hǔ shānshàng yǒuyī zhǐ nùqì chōngchōng de bái é mǔ hǔ, pǔtōng de yěshòu wúfǎ kàojìn hǔ shān, dàn rénmen què bù zhème rènwéi - *Качандыр бир мезгилде Жолборс тоосунда каардуу, маңдайында ак белгиси бар ургаачы жолборс жашаган. Башка жырткычтар Жолборс тоосуна жакындай алышкан эмес, ал эми карапайым калк ал тоону айланып өтүшкөн.* (Котормо биздики).

Жомоктордо жолборстун каардуулугу жана катаалдыгы «мэн» («каардуу, ачуулуу») деген иероглиф менен белгиленген, дайыма «жолборс» деген сөз менен кошо колдонулгандыгын *эпитет* катары да карасак болот. Мисалда көрсөтүлгөндөй, жолборстун касиети жомоктун текстинде эки жол менен берилген: айлана-чөйрөнүн реакциясы аркылуу кыйыр жана эпитет түрүндө түз

колдонулат. Жолборстун аталган сапаттары бул образга жана кытайдын салттуу маданиятына мүнөздүү. буга далил катары мисалы:

- *虎口«хукоу» («жолборстун өлүмү») – коркунучтуу жер;*
- *虎符 «хуфу» («жолборс белгиси») – аскер башчысынын металл белгиси.*
- *虎口斗士 «хукоу доши» («жолборстун оозунан тамакты алып коюу») – коркунучтуу иш менен алек болуу.*

Кытайдын салттуу согуштук искусствосунда жолборстун образынын популярдуулугу жетишерлик. Ар кандай багыттагы ушунун кээ бир ыктары анын атын алып жүрөт:

- «*Жолборсту уруу», «артка чегинүү жана жолборсту багындыруу», «жолборсту колго түшүрүү жана тоого кайтуу».*

«Жолборс» деген аталышта стиль бар, мында жаныбардын образынын сүрөттөлүшү жомоктогу образ менен окшоштугу таң калтырат.

Жолборстун образы аскерлердин өзгөчө кайраттуулугун сүрөттөөдө да колдонулган:

- Ачуусу келип турганда, анын күчү 10 000 адамга татыйт, ага каршылык

көрсөтүүгө мүмкүн эмес болчу. Цзы Сюй анын сырткы келбетине карап, анын эр жүрөктүүлүгүнө таң калды: тамагы сок билектей, көздөрү чанагына кирген, жолборс төштүү, аркасы аюунукундай [93, 27-б.].

Тан мезгилинде (618-906 ж.ж.) эпикалык салт өнүккөн, «муну бир нече жолу Цзы Сюэ жөнүндө бяньвэнде колдонулган, ошондой эле ар дайым аскерлерди жырткыч менен салыштырышкан: жолборс, илбирс жана күчтүү ажыдаар» деп жазат Б.Л. Рифтин [93, 31-б.].

Хенрик Фархаштын «Жаныбарлар дүйнөсүндөгү легендалар жана жомоктор» (1985) деген китебинде Аристотелдин «Азияда эң каардуу жырткычтар жашайт» деген ою берилет [147, 101-б]. Эң каардуу жаныбарлар – бул жолборстор. Жомоктогу жаныбардын сүрөттөлүшү ошол улуттун маданиятындагы бул образ жөнүндөгү түшүнүк менен окшош.

Жогоруда аталган жолборстун касиеттери баарыбызды аны менен жолугуу жөнүндөгү ойдон арылтат. Ошондуктан жомокто адам болобу, жырткыч болобу кокусунан ага жолугуп калса, чоочуп кетет: биринин денесинен муздак тер чыгып кетсе, экинчиси чоочуп кеткендиктен сууга былч этип отуруп калат, ал эми үчүнчүсү коркконунан титирей баштайт. Эгер баатыр кармашка даяр болсо, жолборс чегинет, же сыйкырдуу буюмга баш ийип берет, мисалы: кылыч, лотос гүлү, камчы.

Образдын атрибуту катары жаныбардын жашоо шарты, жашаган жери болуп саналат. Биз талдаган тексттердин баарында жолборс тоодо жашайт. Тоонун аталышы анда жашаган жаныбардын атынан аталат. Ошондой эле «ажыдаардын тоосу», «аюунун тоосу», «буканын тоосу», «маймылдын тоосу» деген аталыштар да кездешет. Жер атынын келип чыгышы баарында бирдей, кайсы тоодо кайсы жаныбар жашаса, ошол тоонун «кожоюну» болот. Жомокто берилгендей жолборс тоодо үңкүрдө жашайт.

Жогоруда жүргүзүлгөн талдоодон кийин төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз:

1. Кытайдын элдик жомокторунда ***жолборс*** популярдуу жаныбарлардын бири болуп саналат.
2. Жолборстун образынын семиотикалык белгиси ага эң күчтүү, каардуу жырткыч деген мүнөздөмө берет. Жыйынтыгында бул образдын структурасынын иерархиясы түзүлдү: айбаттуулук, жомоктун башка каармандары менен карама-каршы мамиледе болушу, образдын белгисин анын сырткы келбети жана жашаган жери көрсөтөөрү, жомокто жолборстун семиотикалык белгиси кытай жомокторунун улуттук бөтөнчөлүгүн көрсөтөрү далилденди.

Модель 2. Феникс



Императрица

Ишенимдин символу

Адилеттүүлүктүн символу

Багынуунун символу

Феникс



Ийгиликтин символу

Байлыктын символу

Жаш түбөлүк жубалардын стили

Ийгиликтүүлүк символу

Жыргалчылык символу

Сергектик жана баалуулук символу

Сулуу жана жагымдуу адамдын белгиси

Кытай Феникси(кытайча 凤凰, fèng huáng) - кытай жомогундагы керемет куш, ал кытай ажыдаарынан айырмаланып, аялдык принципти (阴 ин) камтыган, чыгыштын символу. Анын элге көрүнүшү аял императорунун күчүн күбөлөндүргөн же маанилүү окуяны билдире турган улуу белги.

Байыркы кытай уламыштарында Феникс Фэнхуан — 凤凰百鸟之王(bǎi niǎo zhī wáng) – “жүз канаттуунун падышасы” деп эсептелген.

Фэнхуан - байыркы кытай маданиятында укмуштуудай канаттуулардын падышасы. Батыш Европада жана орус адабияттарында Фэнхуан, адатта Феникс кушу катары чечмеленет.

Фэнхуан жөнүндө эң алгачкы эскерүүлөр Инь доорундагы төлгө жазууларында (б. з. ч. XVк.) кездешет. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, фэн 凤 (керемет канаттуу) деген сөз башында шамал кудайынын – Асман Теңиринин кабарчысынын белгиси болгон.

Байыркы кытайлардын Фэнхуанга берген чоң мааниси канаттууну өздөрүнүн тотеми деп эсептеген инь урууларынын бир бөлүгүнүн архаикалык көз караштары менен байланыштуу болушу мүмкүн.

凰 - Хуан түшүнүгүнүн этимологиясы кыйла татаал. Кээ бир илимпоздордун айтымында, хуан алгач 凤 фэн кушунун башындагы өзгөчө таажынын аталышы болгон. Ал графикалык түрдө чыгып жаткан күндүн сүрөтүн чагылдырган, анын нурлары үчилтикти элестетет.

Фэн кушунун күн табиятындагы образынын дагы бир далили 五行 У Син беш негизги элемент боюнча классификация системасындагы 火行 от элементи менен фэнхуандын өз ара байланышы болушу мүмкүн.

Кийинчирээк жазылган тексттерде 凤 fèng - “феникстин эркеги” жана 凰 huáng “ургаачы феникс” катары чечмеленет. Буга мисал катары кытай тилиндеги *凤凰于飞, fèng huáng yú fēi (“учуп бараткан феникстин эркеги жана ургаачысы” – жубайлар кемчиликсиз гармонияда жашашат жана көп учурда бактылуу үй-бүлөлүү жашоону каалашат*).

Кытай тилинде “феникс” сөзү көбүнчө “ажыдаар” деген сөз менен жупталат. Ажыдаар эркектик принципти, ал эми Феникс кушу аялдык негиздерди билдирет. Ошондуктан Кытайдын салттуу маданиятында ажыдаар менен Феникс ажырагыс. Феникс ошондой эле гүлдөп-өсүүнүн, асылдыктын жана жакшылыктын символу болуп эсептелет,

Биздин доорго карай Фэнхуандын көрүнүшүнүн толук сүрөттөлүшү пайда болот. I-II кылымдардын башындагы «Шо вень цзе цзы» («Иероглифтердин белгилерин чечмелөө жана талдоо») сөздүгү боюнча, Фэнхуан короз тумшуктуу, чабалекей богоктуу, жылан моюндуу, денесинде ажыдаардыкындай оюм-чийим, балыктын куйругу, таш баканын аркасы, маңдайынан ак куудай, артын цилинь - единорог сыяктуу деп сүрөттөлөт.

Байыркы кытай жомокторунда Фэнхуан - түркүн түстүү канаттуу куш – “жеткилең адамдардын чыгыш падышалыгында” жашайт (东方君子之国 dōngfāng jūnzǐ zhī guó); ал жерден учуп, Төрт деңизден (四海 sìhǎi) ары Кунлун тоосун аралап учуп, Чжичжу тоонун жанынан суу ичип, канаттарын Жошуй суусуна нымдап коёт.

Фэнхуандын пайда болушу Асман Империясында улуу тынчтыктын башталышынын белгиси деп эсептелген. Тынчтык менен жыргалчылыкты коштоп жүргөн куш катары Фэнхуан Хуан-ди, Шун ж.б. падышалар жөнүндөгү уламыштарда айтылат. Фу-си императору Фэнхуандын келишине карата атайын музыка чыгарган.

Кээ бир такталбаган жазууларга ылайык, Фэнхуандын келиши, кыязы, жамгырдын башталышы менен аныкталган. Фэнхуан жылдын мезгилин билет деп ишенишкен, ошондуктан уламыш боюнча падыша Шао-хао календарга жооптуу чиновниктин атын – 凤鸟氏 фэн-няо-ши *(“фэн кушунун тукуму*”) атаган.

Фэнхуан орто кылымдардагы Кытайда гумандуулуктун символу “仁 rén” жана ошол эле учурда император менен бирге жүргөн 皇后 ханыша айымдын (императрица) символунун билдирген.

Байыркы булактарда “Фэнхуан - Даньчжуда (кызыл үңкүр) жашаган Кызыл куш, түштүктүн символу, Фэнхуандын образы күн мүнөзүн чагылдырат” – деп берилет.

Орто кылымдарда даосизмде фэнхуандын образы көп колдонулган; даосистке уламыштарда Фэнхуанда асманды кыдырып жүргөн олуялар жөнүндө айтылат, бир катар уламыштарда аялдардын түшүндө Фэнхуан чымчыктын пайда болушу, андан кийин алардан чыгаан уулдар төрөлүшү жөнүндө айтылат. Мунун артында Яндын жарык башталышы менен байланышкан канаттуу катары Фэнхуан идеясын көрүүгө болот.

3.8. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуунун ыкмалары

Коомдун өнүгүшүнүн азыркы заманбап этабында, эл аралык мамилелер жана экономика, илим жана маданият чөйрөсүндөгү кызматташтык кеңейүүдө. Аны менен бирге котормонун ролу жана анын сапатына болгон талап кыйла жогорулады.

Бардык котормолордун негизги максаты тексттин семантикалык маалыматын берүү менен бирге, анын формалдык структураларын дагы сактоо аркылуу адекваттуу котормого жетүү экендиги белгилүү. Котормодо формалдык жактан адекваттуулукка жетүү максатында ар бир тилдик каражаттарды денгээлдер боюнча изилдеп, андагы өзгчөлүктөрдү карап чыгуу шарт. Мындай шартта денгээлдер арасындагы өз ара карым-катнаштар кеңири көрүнөт. Айрым бир кырдаалдарда морфологиялык денгээлдер лексикалык же синтаксистик денгээлдердин каражаттары менен берилиши, же тескерисинче

лексикалык каражаттар башка денгээлдеги тилдик каражаттар менен берилүүсү мүмкүн. Ал эми сөздүн, сөз айкашынын маанилерин туура берип, адекваттуулукту сактоо үчүн алардын аналогдорун, синонимдерин, ошол сөздүн же сөз айкашынын семаникалык структурасынын канчалык денгээлде тектеш эмес тилге туура келерин билүү зарыл.

Башкача айтканда, кандайдыр бир котормонун милдети – анын түп нускасынын мазмунун башка тилдин стилдик жана экспрессивдүү өзгөчөлүктөрүн сактоо менен бир бүтүн кылып, адекваттуу түрдө, так которуп берүү. Бирок котормодо бир гана түпнускадагы структурасын сактоо гана эмес, ошондой эле анын ошол тилдеги, ошол маданияттагы көрсөтүлгөн маанисинин чагылдырышы да зарыл. Котормо маселесине чет өлкөлөрдө дагы чоң маани берип, адекваттуулукка жетүүнүн жолдорун изилдеген окумуштууларга Ю.Найда, П.Ньюмарк, С.Хорнби ж.б. окумуштуулардын иштери күбө боло алат. Мисалы, Ю.Найда эквиваленттүүлүктү экиге бөлүп карайт: а) формалдык эквиваленттүүлүк; б) динамикалык эквиваленттүүлүк [79, 99-114-бб.]. Мындай идеяга Ю. Найда өзүнүн көптөгөн жылдар бою котормо боюнча топтогон тажрыбасынын, жасаган теориясы жана практикасынын натыйжасында келген. Ал өзүнүн илимий эмгегинде улуттук өзгөчөлүктөрдү туура жана так көрсөтүү үчүн которуу мезгилинде кошумча маалыматтарды комментарий менен берүү шарт экендигин айтат. Мындай эквиваленттүүлүк динамиканы талап кылат. Ал эми англис котормочусу, изилдөөчүсү П.Ньюмарк [78, 20-б.] котормонун негизинен эки ыкманы баса белгилейт: 1) коммуникативдик ыкма; 2) семантикалык ыкма. Коммуникативдик ыкма котормонун окурманга тийгизген таасирине көбүрөөк көңүл бурулуп, түп нускага жакын болуусуна кам көрөт. Ал эми семантикалык ыкма котормонун контекстуалдык маанилеринин кантип ачылып берилишин изилдейт жана автордун стилин, айтайын деген оюн туура берүүнү сунуштайт. П.Ньюмарк формадагы мазмунду көрсөтөөрүн да белгилейт. Мындан сырткары котормодо орус изилдөөчүлөрүнүн ойлорун да эске алуу керек.

Тексттин котормосунун жана анын түп нускасынын бири-бирине болгон түрдүү деңгээлдеги эквиваленттүүлүгүнүн баардык этаптарына же алардын айрымдарына гана туура келиши мүмкүн. В. Н. Комиссаровдун айтымында, котормонун түпкү максаты - ар бир этапында эквиваленттүүлүктүн максималдуу деңгээлин түзүү деп көрсөтөт [46, 103-б.].

В. Н. Комиссаровдун котормо эквиваленттүүлүгүн аныктоого болгон мамилесин эмпирикалык деп атоого болот. «Котормочу тексттин котормосун түп нускасына толук окшоштуруп, текстте кандай берилиши керектигин гана аныктоого аракет кылбастан, иш жүзүндө аткарылган котормолордун көпчүлүгүн алардын түп нускалары менен салыштырып, анын эквиваленттүүлүгүнө негизделгендигин билүү» - деп окумуштуу жазып чыккан.

Комиссаровдун айтымында, котормонун түпкү максаты бул - эквиваленттүүлүктүн ар бир деңгээлинде максималдуу даражага жетүү болуп саналат. Эгер ушул максат ишке ашса, анда тексттин котормосу жогорку сапатта бааланат. [46, 124-б.]. Котормо түпнусканын маалыматын мүмкүн болушунча толук жеткирип берүүсү үчүн, эки тилдеги котормонун адекваттуулугуна жетүү зарыл. Котормодогу бир тилдик маанилерин жана формаларын түпнуска текстиндеги башка тилдеги структуралык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүнүн которулушун билдирет. Демек, кытай жомокторун кыргыз тилине которууда тексттеги формалдык структурасын гана которбостон, семантикалык структурасын да берүү керек. Орус котормо изилдөөчүлөрүнүн дагы бир көрүнүктүү өкүлү Бархударов Л. С. «Тил жана котормо» аттуу эмгегинде трансформацияны төрт түрдө көрсөтүүнү сунуштайт: орун алмаштыруу, алмаштыруу, кошуу, калтырып кетүү [13, 24-б.]. Котормону кайсы бир мааниде оригинал тексттин тилдик бирдиктерин котормо тексттин тилдик бирдиктери менен алмаштыруу катары да түшүнүүгө болот. Оригинал менен котормонун мазмундук жана формалдык жактан дал келиши алардын тилдик бирдиктеринин эквиваленттүүлүк деңгээлине көз каранды [44, 17-б.]. Котормо техникасынын маселелери орус изилдөөчүлөрү: В.Н. Комиссаров, Л.С. Бархударов, Т.А.

Казакова, Л.Ф. Дмитриева, батыш изилдөөчүлөрү: Т. Сэвори, М. А. К. Хэллидей, Дж. Кэтфор, П. Ньюмарктар кирет.

Ал эми ата мекендик котормо изилдөөчүлөрүн ала турган болсок, профессор З.К. Караеванын "Семиотика жана Котормо" [41, 67-б.] деген эмгегинде котормонун адекваттуулукка жетүү үчүн бир гана тилди билүү жетишсиз экенин билдирет. Анда лингвистикалык релеванттуулуктан сырткары экстралингвистикалык релеванттуулукту, б.а., когнитивдик, топологиялык, семиотикалык, прагматикалык, маданий, тарыхый, эстетикалык, психологиялык жана социалдык релеванттуулуктардын ролун көрсөтүү менен гана адекваттуулукка жетүүгө мүмкүн экендигин көрсөтөт. Котормо маселесиндеги теориялык жана практикалык маселелерди кыргыз жана англис тилдерине байланыштуу болгон темалар менен чечүүдө профессор З.Караеванын окуучулары атайын "Котормо жана Семиотика" мектебин түзүп түрдүү жанрлардын негизинде адекваттуулукка жетүүнүн жолдорун изилдеп чыгышып, өлкөдөгү котормо илиминин өсүшүнө чоң салымдарын кошууда. Алар Г. Сатыбалдиева, Калиева К.А., Алишева М.К., Асылбекова А., Орозбаева Г., Тургунова Г.А. жана дагы көптөгөн изилдөөчүлөрдү атоого болот. Ал эми кыргыз жана орус тилдериндеги котормо маселесине арналган изилдөөлөргө Д.О.Кенжебаевдин эмгектерин көрсөтөбүз.

Көркөм текстти которууда профессор З. Караева кыркка жакын ыкмалардын колдонуу кырдаалдарын көрсөтүп, андагы өзгөчөлүктөрдү белгилеген [41, 46-б.]. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы колдонулган ыкмалардын айрымдарына токтолсок:

1.*Транслитерация* сөзү латындын trans - аркылуу, littera - тамга деген сөздөрүнөн келип чыгып, бир графикада жазылган текстти же айрым сөздөрдү башка графикага которуу деген маанини билдирет. Транслитерациянын жол-жоболору латын графикасынын негизинде эл аралык стандарт уюму тарабынан иштелип чыккан. Изилдөөчү З.Караеванын "Котормонун теориялык жана практикалык негиздери" деп аталган китебинде "Түп нускадагы сөздөрдү башка тилге которуп жатканда ошол которулуп жаткан тилдеги алфавиттин жардамы

менен эч нерсени өзгөртпөй жазып берет, буларга адамдардын аттары, шаар-кыштактын, гезит-журналдын жана башка которулбай турган энчилүү аттар кирет, алардын арасына улуттук реалийлерди да кошобуз” - деп айтылат [41, 152-б.]. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуу процессинде да транлитерацияны колдондук. Мисалы, «Пангу – аалам жаратуучусу» жомогун кыргыз тилине которууда кытай маданиятында кыргыз тилине так которула албай турган түшүнүктөр же кыргыз маданиятында, кыргыз тилинде жок түшүнүктөр бар экени аныкталды:

1. Текстттеги каармандардын ысымдары:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
盘古不能想象可以在这种环境中忍辱地生存下去 **Pángǔ** bùnéng xiǎngxiàng kěyǐ zài zhè zhǒng huánjìng zhōng rěnrǔ de shēngcún xiàqù.	**Пангу** мындай караңгы чөйрөдө тирүү калаарына көзү жеткен жок [70, 6-б.]

Бул сүйлөмдө 盘古 Pangu демиургтун ысымы болгондуктан, котормонун транслитерация ыкмасы колдонулуп, “Пангу” деп которулду. Пангу – бул кытай жомокторундагы аалам жаратуучусу, ал дүйнөдө биринчи жаралган адам, анын аркасынан жер жүзүндө жашоо пайда болгон деп айтылган.

2. Өлчөм сөздөрдүн аталышы:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
天每日升高一丈，地每日增厚一丈，盘古每日生长一丈。不知又过了多少年，天终于不能再高了，地也不能再厚了 tiān měi rì shēng gāo **yī zhàng**, de měi rì zēng hòu **yī zhàng,** pángǔ měi rì shēngzhǎng **yī zhàng.**	Асман күнүнө **бир чжанга** бийик көтөрүлүп, жер күнүнө **бир чжанга** ылдый катмарланып, Пангунун тулку бою да күнүнө **бир чжанга** өсүп турган [70, 7-б.].

丈- zhang кытай маданиятындагы өлчөм бирдиги, 1 чжан биздин өлчөм боюнча 3,33333 метрге барабар. Кыргыз тилинде эквиваленти жок болгондуктан, транслитерация колдонулуп, “чжан” деп которулду.

3. Заттардын аталышы:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
凿子 zaozi	кечкич (орусча долото)

凿子 zaozi сөзү кытай жомокторундагы реалий сөздөрүнүн бири, кыргыз маданиятында мындай зат, түшүнүк жокко эсе, бул темирден жасалган, мифте башаламандыкка толгон жумуртканы бөлүү үчүн колдонулган учтуу зат.

4. Кытай тилиндеги жер-суу, шаар-кыштак, мекеме сыяктуу ар кандай энчилүү аттар эларалык стандартка ылайык транслитерация кылынууда, мисалы “Пангу” жомогунун текстиндеги 泰山 tàishān *Тайшань тоосу,* 华山 huàshān *Хуашань тоосу,* 衡山 héngshān *Хэншань тоосу* – бул жерлердин аталышы болгондуктан, транслитерация ыкмасы колдонулуп которулду.

5. Космогониялык объекттердин аталышы:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
“鸡蛋”中一股清新的气体（阳）散发开来，飘飘扬扬升到高处，变成天空；另外一些浑浊的东西（阴）缓缓下沉，变成大地 “jīdàn” zhōng yī gǔ qīngxīn de qìtǐ **(yáng)** sànfà kāi lái, piāo piāoyáng yáng shēng dào gāo chù, biàn chéng tiānkōng; lìngwài yīxiē húnzhuó de dōngxī **(yīn)** huǎn huǎn xià chén, biàn chéng dàdì.	Жумуртка дагы таза, жумшак, женили **(ян)** - өйдө көтөрүлүп Асман пайда болот. Ал эми оор жана кир заттар **(инь)** - ылдый түшүп жер пайда болот. [70, 36-б.]

阳 yáng жана 阴 yīn кытай маданиятына гана таандык болгон космогониялык объектилердин аталышы.

5. Диний терминдердин аталышы:

道教 daojiao *даосизм;*孔子教 kongzijiao *конфуцианство;* 佛教 fojiao *буддизм.*

Сөздүн өзү эмес, анын контекстуалдык мааниси маанилүү болгон мындай учурларда котормочу которуу модификацияларына кайрылат. Алардын катарына түпнускадагы маанини конкреттештирүү же жалпылаштыруу, күчөтүү, функционалдык алмаштыруу, сыпаттоо сыяктуу котормо модификациялары кирет.

3. *Конкреттештирүү* – түшүнүктөрдү конкреттештирүүдө жалпы түшүнүк жеке түшүнүк менен берилет же кең маанидеги сөздүн мааниси контекстке жараша конкреттештирилет. Конкреттештирүү лингвистикалык жана контексттик болушу мүмкүн. Лингвистикалык конкреттештирүү учурунда, кең маанидеги сөздүн кыска маанидеги сөзгө алмашуусу, эки тилдин тутумундагы айырмачылыктардан же которулган текстте лексикалык бирдиктин жоктугу менен шартталат, ал баштапкы тексттин берилүүчү бирдиги сыяктуу эле кеңири маниге ээ. Мисалы кытай тилиндеги 东西 dōngxi зат атоочу абстракттуу маниге ээ, иш жүзүндө зат атооч, ошондуктан конкреттештирүү жолу менен кийим, нерсе, предмет, чыгыш-батыш ж.б. болуп которулат. Мисалы, “Күндү кубалаган Куафу” аттуу жомоктон үзүндү алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
当然他不会收下这些<u>东西</u>，但是他感到人民的情意实在太浓太浓. Dāngrán tā bù huì shōu xià zhèxiē **dōngxī,** dànshì tā gǎndào rénmín de qíngyì shízài tài nóng tài nóng	Албетте, ал белек кылган **нерселерди** кабыл ала алган жок, бирок элдин колдоосу өтө күчтүү экендигин сезди [70, 46-б.].

Бул сүйлөмдө 东西 dōngxi – “нерсе” деп которулду.

Ал эми «Пангу» жомогунда ушул эле 东西 dōngxī “чыгыш жана батыш” деген мааниде которулган.

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
他的双眼变成了太阳和月亮；他的四肢，变成了大地上的**东**、**西**、南、北四极 Tā de shuāngyǎn biàn chéngle tàiyáng hé yuèliàng; tā de sìzhī, biàn chéngle dà dìshàng de **dōng, xī**, nán, běi sì jí	Анын сол көзү күнгө, оң көзү айга айланат, колдору буттары жердин төрт тарабы- **чыгыш, батыш,** түштүк жана түндүк уюлдарына айланат [70, 6-б.].

Бул сүйлөмдө 东西 dōngxi - “чыгыш жана батыш” маанисинде которулат.

Дагы бир мисал, кытай тилинде 打 dǎ деген сөз көп маниге ээ болуп, ачуу, урушуу, талкалоо, мушташуу, куруу, алышуу деп которулат. Мисалы, «Өлбөс сегиз периште» жомогунда:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
他们看蓝采和与龙王太子**打了起来**，便知道是龙王太子偷了快板 tāmen kàn lán cǎi hé yǔ lóngwáng tàizǐ **dǎle qǐlái,** biàn zhīdào shì lóngwáng tàizǐ tōule kuàibǎn.	Баардык периштелер деңиздин үстүнө чыгып, Лан Цайхэнын Ажыдаардын төрөсү менен алыша баштады [70, 50-б.].

Бул сүйлөмдө 打 dǎ иероглифи «алышуу» деп которулган. Дагы бир мисал катары кытай элинин «Хоу И» жомогунан үзүндүсүнөн алсак:

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
这一箭射得很有力，一下子射落了四个太阳。其它的太阳吓得全身**打颤**, 到处乱转 zhè yī jiàn shè dé hěn yǒulì, yīxià zi shè luòle sì gè tàiyáng. Qítā de tàiyáng xià dé quánshēn dǎzhàn, dàochù luàn zhuǎn	Бул ирет болгон күчү менен атылган бир эле жебе менен төрт күндү атып түшүргөн. Асманда калган күндөрдүн баары коркконунан **титирешип**, ар тарапка кача башташкан [70, 22-б.].

Бул котормодо 打 dǎ иероглифи 颤 zhàn иероглифи менен жанаша колдонулуп *«титирешип»* деп которулган.

3. Жалпылаштыруу 概括 - конкреттештирүүгө карама-каршы кубулуш, түшүнүктөрдү жалпылаштырууда, тескерисинче, жеке түшүнүк жалпы түшүнүк менен берилет жана мында маанинин жалпылаштырылышы мазмунга доо кетирбөөгө тийиш. Сөздөрдүн кууш маанисин жалпы маани менен алмаштырып берүү [41, 69-б.] Мисалы: кытай жомокторунда 荷塘 (лотос көлмөсү) сөз айкашы көлмө деп которулган, себеби, мындай ыкма менен которуу окурмандардын сүйлөмдөгү жалпылаштыруу ыкмасы менен которулган сөздүн маанисин туура түшүнүүсүнө тоскоол болгон жок.

Айрым учурларда, нерсенин аталышы которула турган тилде эч кандай түшүндүрүлүп бериле албаса жана ал сөз ошол контексттин негизги мааниси болбосо, котормочуга жалпылаштыруу ыкмасын колдонууга туура келет. Бул учурда баштапкы тексттин улуттук өзгөчөлүктөрү толук берилбестен, маданий реалдуулуктун жок болушуна алып келет. Мисалы, кытай жомокторундагы 判官 (pànguān) – “катчы” деп жалпылаштырып которулуп берилген. «Пангуань» - бул жер астындагы дүйнөдөгү чиновник, ал жактын падышасынын өмүр менен өлүмдүн эсебин көзөмөлдөгөн кызматчысы.

Жалпылаштыруу кытай элинин жомокторундагы фразеологизмдерди которууда да колдонулат, мисалы: 鸡毛蒜皮 jīmáosuànpí - «тоок жүнү жана сарымсактын кабыгы» болуп которулат, ал эми кытай жомокторунун контексттеринде «болоор болбос нерсе» деген мааниде берилген.

4. *Модуляция* – бир сөздүн экинчи формага өзүнүн негизги маанисин сактоо менен өтүүсү. бул түпнуска тилиндеги сөздү же сөз айкашын котормо тилиндеги туунду маанилүү бирдик менен алмаштыруу. Түпнуска тексттин сөзүн же фразасын которулган тексттин сөзү же фраза менен алмаштырып, ал туруктуу мамилелерге ылайык, баштапкы тексттин которулган бөлүгүндө көрсөтүлгөн иш-аракет же шартты өткөрүлүп берилүүсү зарыл. Мындай ыкма менен көбүнчө себеп-натыйжалык байланыштагы сөздөр которулат. Улуттук-маданий компоненти бар сөздөрдү которууда, котормону ийгиликтүү жүргүзүш үчүн, котормочу көбүнчө модуляцияны колдонууга аргасыз болот. Мисалы, “Чаң Э” жомогунан үзүндү: 我不怪他们 wǒ bù guài tāmen - *Мен аларды күнөөлөгөн жокмун* дегендин ордуна *“Мен аларды түшүнөм”* деп которулуп берилген, башкача айтканда, мен аларды түшүнөм, ошондуктан, күнөөлөбөйм деген маанини түшүндүрөт.

5. *Антонимдик котормо* - лексика-грамматикалык трансформация, мында түпнускадагы грамматикалык оң форма котормодо терс форма менен алмаштырылат же тескерисинче болот жана бул түпнуска тилиндеги лексикалык бирдиктин котормо тилиндеги карама-каршы маанилүү бирдик

менен алмаштырылышы менен коштолот. Антонимдик котормо котормо тилинде табигый структураны түзүү үчүн колдонулат жана грамматикалык форма лексикалык айкашуу эрежесине карама-каршы келип калган учурдагы кыйын абалдан чыгууга жардам берет: Мисалы: 我没在开玩笑 wǒ méi zài kāiwánxiào *“тамашалаган жокмун”* деген сөз айкашы *«олуттуу айтып жатам»* деп которулган.

6. Компенсация - бул котормодогу ыкмалардын бири, бир тилдин айрым элементтери башка тилде эквиваленттери болбогон учурда колдонулуучу атайын алмаштыруунун түрү. [41, 14-б.]. Мында которуу процессиндеги семантикалык же стилистикалык жоготуулардын орду котормо тилинин каражаттары менен толтурулат. Түпнускадагы сөздөрдүн орун тартибинин сакталышы милдеттүү эмес. Мисалы, 天坛是一个地方中黄帝应该走路 Tiāntán shì yīgè dìfāng zhōng huángdì yīnggāi zǒulù - *Тянь Тан кытай императорлору да жөө жүрүшү керек болгон жалгыз гана жер*. Асман ибадатканасы - кытай императорлорун да жөнөкөй адамга айланткан жалгыз гана жер.

每个人知道, 有一天 他也去西边 měi gèrén zhīdào, yǒu yītiān tā yě qù xībian - *Түбөлүк жашоо жок экенин баары билет* - кытай маданиятында батыш кадимкидей эле өлүм менен, чыгыш өмүр менен байланышкан.

7. Калькалоо- Жогоруда белгиленгендей, котормо тилинде жок бирдиктер транскрипция же транслитерация менен эле эмес, кээде калькалоо ыкмасы (французча calque «көчүрмө» деген сөздөн алынган) менен да которулат. Мында сөздүн же сөз айкашынын курамдык бөлүктөрү (сөз болсо – морфема, сөз айкашы болсо – лексема) котормо тилинин тиешелүү бирдиктери менен берилет. Калькалоонун маңызы – түпнусканын лексикалык бирдигинин структурасын көчүрүү менен котормо тилинде жаңы сөз же сөз айкашын жаратуу. Мисалы:

灵霄宝殿 (líng xiāo bǎo diàn) – «асман кудайынын короосу». Бул сөздүн биринчи 灵 líng компонентинин маанилери: «жан», «кудай», «ыйык»; экинчи компоненти 霄 xiāo – «асман»; 宝殿 bǎo diàn – «падыша сарай» деп которулат. Натыйжада ар бир компонент которулуп, «асман кудайынын залы» деп берилген.

玉皇大天 (yùhuáng dà tiān) - «Асман Нефрит императору». Бул жерде да ар бир иероглиф сөзмө-сөз которулуп берилген (玉 «нефрит», «яшма»; 皇 – «падыша», «император».

赤兔超光 (chìtù chāo guāng) - «атактуу кызыл күлүк-коен». Бул сөз айкашын которууда күлүк аттын 赤兔 chìtù ысымын транскрипция ыкмасын колдонбой, калькалоо ыкмасын колдонуп, сөздөрдүн маанисин толук жеткирүүнү туура көрдүк. Ошентип, биринчи иероглиф 赤 chì -«(кочкул) кызыл» деген маанини түшүндүрөт; экинчи иероглиф 兔 tù – «коен» деп которулат.

雷音宝刹 léi yīn bǎo chà – «Күн күркүрөөсүнүн жаңырыгынын ибадатканасы». Жомоктогу бул сөз айкашын которууда эки жуп иероглифтер түзмө-түз которулган: 雷音 – “күн күркүрөөсүнүн жаңырыгы”, 宝刹 bǎo chà – “ибадаткана”, “короо”.

山神 shānshén – «тоолордун кудайы». Бул котормодогу сөздөрдүн которуулучу тилде толук эквиваленти табылып которулду. Биринчи компонент 山 – “тоо”, 神 – “рух” , “асман”, “кудай” дегенди билдирет.

8. Кошумчалоо - түп нуска тилинин шартында ар кандай ыңгайлаштырылган нерселер менен бөлүшүүнү талап кылган процесс. Окурмандар текстти түшүнүү үчүн көбүрөөк түшүндүрмө талап кылган же кээ бир сөздөр же сүйлөмдөр окуянын келип чыгышы үчүн өтө маанилүү болгон учурларда тиркеме колдонулат. Мисалы, кытай эл ашканасындагы улуттук тамактын аталышын которуу үчүн 宫保鸡丁 gōng bǎo jī dīng (конбао куурулган тоок кесектери) көбүнчө «жержаңгак менен куурулган тооктун кесектери» деп которулуп, тамактын курамы жөнүндө түшүнүк берилет.

9. Алмаштыруу. Алмаштыруу түрдүү денгээлде болуп бөлүнөт: лексикалык, синтакистик, контекстуалдык, толук, жарым жартылай алмаштыруу. Контексттин өзгөчөлүктөрү котормочуну дал келүүчү вариантты колдонуудан баш тартууга мажбурлашы мүмкүн, бул учурда котормочу ошол белгилүү бир

жагдайга гана ылайыктуу болгон котормонун вариантын издеп табуусу абзел. Которуунун мындай түрү контексттик алмаштыруу деп аталат.

10.Калтырып кетүү - бул баштапкы тексттин айрым элементтеринин которулчу тилинде мааниси жагынан ашыкча көп болушуна байланыштуу алынып салынышы. Калтырып кетүү - котормодо оригиналдагы кээ бир сөздөр жазылбай түшүп калышы. Лексикалык калтырып кетүү котормо процессинде маанилүү семантикалык жүктү алып келбеген айрым маанисиз ашыкча сөздөрдү этибарга албоону көздөйт. Мисалы, «Пангу» жомогунда 他气绝身亡了 tā qì jué shēnwángle – *“Ал дем алган жок, ал жан берди”* деген сүйлөмдү которууда мааниси жагынан семантикалык кайталоо болбосун үчүн 气绝 qì jué (дем алган жок) компоненти калтырылып, “Ал жан берди” деп которулду.

Кытай фольклорундагы белгилүү «西游记» xīyóujì чыгармасы -«Батышка саякат» деп берилип, 记 ji «эскертүүлөр; тарых; окуя» деген сөз этибарга алынбай которулбай калып кеткен.

Жогоруда айтылган ыкмалар аркылуу которулган кытай жомокторунун өзгөчөлүктөрүн ***семантикалык жактан*** карасак:

Кытай жомокторундагы сулуу кыздын сүрөттөлүшүнө токтолуп карасак, мисалы:

1) Кытай элинин “Үлүл кыз” жомогунда кыз периге салыштырылып берилген. Салыштыруу кытай тилиндеги 象 xiàng салыштырма байламтасы менен берилип, кыргыз тилине да салыштыруунун -дай морфемасы менен которулган [70, 108-б.]:

一位象仙女 yī wèi xiàng xiānnǚ- перидей сулуу кыз=кыргыз маданиятында да “перидей сулуу” деп айтылат. Мындай шартта, котормонун адекваттуулугу сакталып, изоморфтук кубулуш аныкталды.

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде

从水缸里走出一位象仙女般的姑娘 cóng shuǐ gāng lǐ zǒuchū yī wèi xiàng xiānnǚ bān de gūniáng.	Суу куюлган идиштин капкагын акырын ачып, жомоктогу перидей сулуу кыз чыгат [70, 66-б.].

2) “Түлкүнүн жакшылыкка жооп берүүсү жөнүндөгү жомогунан” кыздын сулуулугу шабдалы гүлүнө салыштырылып берилген, анткени кытай маданиятында шабдалы гүлү сулуулуктун символун көрсөтөт. Бул сүйлөмдө да салыштыруу кытай тилиндеги 似 shì салыштырма байламтасы менен берилип, кыргыз тилине да салыштыруунун -дай морфемасы менен которулган [71, 78-б.].

面似桃花 miàn shì táohuā жүзү шабдалы гүлүндөй - кыргыз маданиятында “чырактай сулуу” деп берилди. Бул котормодо эки башка образ колдонулуп, эки элдин менталитети, маданияты жана дүйнө таануусу ар башка экени көрсөтүлдү. Ошону менен кытай жомогун кыргыз тилине которуудагы алломорфтук кубулуш аныкталды.

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
从里面跳出一个身穿白衣、**面似桃花**、柳眉细腰、举止大方的姑娘 Cóng lǐmiàn tiàochū yīgè shēn chuān báiyī, **miàn shì táohuā,** liǔméi xì yāo, jǔzhǐ dàfāng de gūniáng.	Көз ачып-жумгуча дарбыздын ичинен аппак кийинген, **чырактай сулуу,** кымча белдүү, кең пейилдүү кыз секирип чыгат [71, 66-б.].

3) “Феникс менен жолборс” жомогунда кыздын сулуулугу дүйнөдө жок теңдешсиз деп берилген. Мындай сүрөттөө кыргыз маданиятына да таандык:

一绝世美 yī juéshì měirén -теңдешсиз сулуу (дүйнөдө башка жок)

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
一晃三年已过，金凤凰化作**一绝世美**人 Yīhuàng sān nián yǐguò, jīn fènghuáng huà zuò **yī juéshì měirén.**	Арадан бир заматта үч жыл өтүп, алтын куш **теңдешсиз сулууга** айланды [70, 66-б.].

4) “Чжоу падышасы менен түлкү Да Цзинин сүйүүсү” жомогунда кызга айланган түлкү перисинин сулуугу 妩媚动人 wǔmèi dòngrén - “дүйнөдө жок

сүйкүмдүү” деп сүрөттөлгөн, кыргыз тилине которууда кыргыз маданиятынын өзгөчөлүгүнө ылайык котормонун алмаштыруу ыкмасын колдонуп “ай десе айдай, күн десе күндөй” деп берилип, котормодогу алломорфтук кубулуш аныкталды: 妩媚动人 wǔmèi dòngrén (дүйнөдө жок сүйкүмдүү) - ай десе айдай, күн десе күндөй.

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
妩媚动人，是仙界首屈一指的仙女 Wǔmèi dòngrén, shì xiānjiè shǒuqūyīzhǐ de xiānnǚ	Анын **сулуулугу ай десе айдай, күн десе күндөй эле**, периштелердин эң сүйкүмдүүсү, эч ким ага тең келе алган эмес [70, 34-б.]

